2021-жылдагы

# Административдик иштердин отчету

## КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ

www.manas.edu.kg

# 2021-ЖЫЛДАГЫ АДМИНИСТРАТИВДИК ИШТЕРДИН ОТЧЕТУ

Бишкек/ Кыргызстан
2022



## Манастын жети осуяты:

1. Эл журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш,бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги;
2. Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык;
3. Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет;
4. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу;
5. Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк;
6. Табият менен таттуу мамиледе болуу;
7. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.



*"БИЛИМ – ЖАШООНУН ЧЫНЫГЫ ДААНЫШМАНЫ"*



# МАЗМУНУ

ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН СӨЗҮ ....................10
1. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ ....................12
1.1.КЫРГЫЗСТАН ....................12
1.2.КТМУНУН ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮҮСҮ ....................12
1.3.МИССИЯ ЖАНА КОНЦЕПЦИЯ ....................15
1.4.ЫЙГАРЫМ УКУКТАР, МИЛДЕТТЕР ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТЕР ....................16
1.5.УНИВЕРСИТЕТ ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ ....................20
1.5.1.МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА ....................20
1.5.2.УЮШТУРУУЧУЛУК ТҮЗҮМ ....................26
1.5.3.МААЛЫМАТТЫК РЕСУРСТАР ЖАНА ЖАБДУУЛАР ....................28
1.5.4.АДАМ РЕСУРСТАРЫ ....................37
1.5.5.КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР ....................48
2.МАКСАТТАР ЖАНА МИЛДЕТТЕР ....................84
2.1.НЕГИЗГИ САЯСАТ ЖАНА АРТЫКЧЫЛЫКТАР ....................84
2.2.СТРАТЕГИЯЛЫК МАКСАТТАР ЖАНА МИЛДЕТТЕР ....................86
3.ИШ-ЧАРАЛАРГА ТИЕШЕЛҮҮ МААЛЫМАТТАР ЖАНА АЛАРДЫ БААЛОО ИШТЕРИ ....................88
3.1.КАРЖЫ ИШТЕРИ БОЮНЧА МААЛЫМАТТАР ....................88
3.2.ИШ-ЧАРАЛАР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР ....................105
3.3.ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ БОРБОРЛОРУНУН ИШ-ЧАРАЛАРЫ ....................125
3.4. АДМИНИСТРАТИВДИК ТҮЗҮМДӨРДҮН ИШ-ЧАРАЛАРЫ ....................139
4. УНИВЕРСИТЕТТИН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН ЖАНА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН БАЛОО ....................144
АРТЫКЧЫЛЫКТАР ....................144
КЕМЧИЛИКТЕР ....................145
МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР ....................146
КООПТУУ ЖАГДАЙЛАР ....................146
5.ИЧКИ ТЕКШЕРҮҮНҮН ЖҮРГҮЗҮЛҮШҮНӨ КЕПИЛДИК БЕРҮҮ БОЮНЧА ЫРАСТАМА ....................148
6.КАРЖЫ БАШКАРМАЛЫГЫНЫН ЖЕТЕКЧИСИНИН ЫРАСТАМАСЫ ....................149
КОРУТУНДУ ....................150

## ТАБЛИЦА

1-таблица. Кыймылсыз мүлктөрдүн ээлеген аянты ....20
2-таблица. Административдик түзүмдөрдүн ээлеген аянты ....21
3-таблица. Академиялык түзүмдөрдүн ээлеген аянты ....22
4-таблица. Бир студентке туура келген аянт (м2) ....22
5-таблица. Унаалар ....22
6-таблица. Дарсканалардын жана лабораториялардын түзүмдөргө карата бөлүнүшү ....23
7-таблица. Социалдык багыттагы имараттардын бөлүнүшү ....24
8-таблица. Спорттук объекттердин бөлүнүшү ....24
9-таблица. Башка жалпы пайдалануучу жайлар ....24
10-таблица. Ашкана, кантин жана буфеттердин аянты жана сыйымдуулугу ....25
11-таблица. Академиялык кызматкерлердин иштөө бөлмөлөрү ....25
12-таблица. Административдик кызматкерлердин иштөө бөлмөлөрү ....25
13-таблица. Склад, архив жана устаканалар ....25
14-таблица. Университетте колдонулган программалык жабдуулар жана маалыматтык системалар ....28
15-таблица. Серверлердин саны ....29
16-таблица. Колдонулган программалык жабдуулардын түзүмдөргө карата бөлүнүшү ....29
17-таблица. Программалык жабдуулар жана компьютерлер ....32
18-таблица. Маалыматтык ресурстар жана жабдуулардын жылдарга карата бөлүнүшү ....32
19-таблица. Башка маалыматтык ресурстардын жана жабдуулардын жылдарга карата бөлүнүшү ....32
20-таблица. Лабораториялар жана окуу-өндүрүштүк устаканалар ....34
21-таблица. Жылдарга карата кызматкерлердин саны ....37
22-таблица. Академиялык кызматкерлердин ээлеген кызматына жана ставкасына карата бөлүнүшү ....37
23-таблица. КРнын жараны болгон академиялык кызматкерлердин ээлеген кызматына жана ставкасына карата бөлүнүшү ....38
24-таблица. ТР жана башка өлкөлөрдүн жараны болгон академиялык кызматкерлердин ээлеген кызматына жана ставкасына карата бөлүнүшү ....38
25-таблица. 2021-2022-окуу жылында 39-берененин негизинде башка университеттерден келип иштеген академиялык кызматкерлердин саны ....39
26-таблица. 2021-2022-окуу жылында 39-берененин негизинде алгачкы жолу башка университеттерден келип иштеген академиялык кызматкерлердин саны ....41
27-таблица. Академиялык кызматкерлердин жаш курагы, ээлеген кызматы жана жынысына карата бөлүнүшү ....41
27-таблица. Толук ставкада иштеген академиялык кызматкерлердин ээлеген кызматына карата бөлүнүшү ....42
28-таблица. Академиялык кызматкерлердин кызмат мөөнөтүнө карата бөлүнүшү ....42
30-таблица. Кызматка дайындалган/кызматтан бошотулган академиялык кызматкерлердин саны ....42
31-таблица. Толук ставкада иштеген академиялык кызматкерлердин түзүмдөргө карата бөлүнүшү ....43
32-таблица. Жарым ставкада иштеген академиялык кызматкерлердин түзүмдөргө карата бөлүнүшү ....44

33-таблица. Саатына акы алып иштеген академиялык кызматкерлердин түзүмдөргө карата бөлүнүшү ....44
34-таблица. Административдик кызматкерлердин түзүмдөргө жана жарандыгына карата бөлүнүшү ....45
35-таблица. Административдик кызматкерлердин билим деңгээлине карата бөлүнүшү ....46
36-таблица. Административдик кызматкерлердин кызмат мөөнөтүнө карата бөлүнүшү ....46
37-таблица. Административдик кызматкерлердин жаш курагына жана жынысына карата бөлүнүшү ....46
38-таблица. Кызматка дайындалган/кызматтан бошотулган административдик кызматкерлердин саны ....47
39-таблица. Убактылуу негизде иштеген кызматкерлердин ээлеген кызматына карата бөлүнүшү ....47
40-таблица. 2020-2021-окуу жылында алмашуу программаларынын алкагында жөнөтүлгөн академиялык жана административдик кызматкерлер ....47
41-таблица. 2019-2020-окуу жылында алмашуу программаларынын алкагында келген академиялык жана административдик кызматкерлер ....47
42-таблица. Факультеттерде/жогорку мектептерде жана орто кесиптик колледжде орто кесиптик билим берүү жана бакалавр программаларынын саны ....49
43-таблица. Коомдук илимдер институтунда магистратура жана докторантура программаларынын саны ....49
44-таблица. Табигый илимдер институтунда магистратура жана докторантура программаларынын саны ....50
45-таблица. 2020-2021-окуу жылында орто кесиптик билим берүү жана бакалавр программаларында окуган студенттердин саны ....50
46-таблица. Студенттердин жынысына карата бөлүнүшү ....52
47-таблица. Студенттердин магистратура (диссертация жактоосуз/диссертацияны жактоо менен) жана докторантура программаларына карата бөлүнүшү (коомдук илимдер институту) ....52
48-таблица. Студенттердин магистратура (диссертация жактоосуз/диссертацияны жактоо менен) жана докторантура программаларына карата бөлүнүшү (табигый илимдер институту) ....53
49-таблица. 2020-2021-окуу жылында өлкөлөр боюнча студенттердин саны ....53
50-таблица. Түркия Республикасы жана Кыргыз Республикасынан сырткары башка өлкөлөрдүн жараны болгон студенттердин түзүмдөргө карата бөлүнүшү ....54
51-таблица. Студенттерге бөлүнгөн квота жана анын толушу ....54
52-таблица. ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча студенттерге бөлүнгөн квота жана анын толушу ....54
53-таблица. 2020-2021-окуу жылында орто, жогорку кесиптик жана ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча окуудан чыгарылган студенттердин саны ....55
54-таблица. Тартип жазасын алган студенттердин саны жана алган жазалары ....55
55-таблица. Орто жана жогорку кесиптик билим берүү программаларында окуп, стипендия алган студенттердин саны ....56
56-таблица. 2020-2021-окуу жылында ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларында окуп, стипендия алган студенттердин саны ....57
57-таблица. Орто жана жогорку кесиптик билим берүү программаларын аяктаган бүтүрүүчүлөрдүн саны ....57
58-таблица. Коомдук илимдер институтунун бүтүрүүчүлөрүнүн саны ....57
59-таблица. Табигый илимдер институтунун бүтүрүүчүлөрүнүн саны ....58
60-таблица. Окуу жылдарына карата ар бир окутуучуга туура келген студенттердин саны ....58
61-таблица. Окуу жылдарына карата ар бир профессор окутуучуга туура келген

студенттердин саны.....58
62-таблица. 2020-2021-окуу жылында студент алмашуу программасынын алкагында келген студенттер.....59
63-таблица. 2020-2021-окуу жылында студент алмашуу программасынын алкагында кеткен студенттер.....59
64-таблица. Студенттерге жана кызматкерлерге медициналык кызмат көрсөтүүлөр.....59
65-таблица. Медпунктта иштеген кызматкерлердин бөлүнүшү.....61
66-таблица. Студенттердин инсандык өнүгүү жана кеңешүү борбору боюнча статистикалык маалыматтар.....61
67-таблица. Студенттик үйлөрдүн сыйымдуулугу жана орундардын толушу.....64
68-таблица. Конок үйлөрү.....65
69-таблица. Кызматтык турак жайлардын бөлүнүшү.....65
70-таблица. Тамак-аш менен тейлөө кызматы.....66
71-таблица. Кантин жана буфеттерде сатылган тамак-аш азыктарынын бөлүнүшү.....67
72-таблица. Социалдык, маданий жана көркөм өнөр жаатындагы иш-чаралар.....67
73-таблица. Студенттик клубдар жана алардын мүчөлөрүнүн саны.....70
74-таблица. Студенттик клубдардын иш-чаралары.....71
75-таблица. Сыйлыктар.....74
76-таблица. Спорттук объекттер.....78
77-таблица. Спорттук аянтчалардын бөлүнүшү.....78
78-таблица. Университетте өткөрүлгөн спорттук иш-чаралар.....78
79-таблица. Университеттен тышкары өткөрүлгөн иш-чаралар.....79
80-таблица. Китептердин китепканаларга карата бөлүнүшү.....80
81-таблица. Китепкана булактарынын тармактарга карата бөлүнүшү.....81
82-таблица. Китепкана булактарынын басылган жана электрондук форматына карата бөлүнүшү.....81
83-таблица. Китепкана булактарынын жылдарга карата бөлүнүшү.....82
84-таблица. Web of Science маалымат базасында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин дареги көрсөтүлгөн басылмалар жана келтирилген шилтемелердин саны.....82
85-таблица. Студенттердин окуу-өндүрүштүк практикасы боюнча маалымат.....83
86-таблица. Тигилген көчөттөрдүн жылдарга карата бөлүнүшү.....83
87-таблица. Жер тилкелерин колдонуу.....83
88-таблица. 2021-жылда иштелип чыккан ченемдик укуктук документтер.....87
89-таблица. 2021-жылда бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн аткаруу менен каржылоону пайдалануу.....89
90-таблица. Бюджеттин чыгаша бөлүгү.....90
91-таблица. 2019-2021-жж. жалпы төлөмдөр жана чыгымдар (АКШ доллары).....90
92-таблица. 2019-2021-жж. аралыгындагы университеттин чыгымдары (АКШ доллары).....91
93-таблица. 2019-2021-жж. чыгымдардын пайыздык катышы.....91
94-таблица. 2019-2021-жж. чыгымдардын административдик керектөөлөргө карата бөлүнүшү (АКШ доллары).....91
95-таблица. 2021-жылдагы факультеттердин чыгымдары (АКШ доллары).....92
96-таблица. 2021-жылдагы жогорку мектептердин/орто кесиптик колледждин чыгымдары (АКШ доллары).....92
97-таблица. 2021-жылдагы институттардын чыгымдары (АКШ доллары).....93
98-таблица. 2021-жылдагы административдик түзүмдөрдүн чыгымдары (АКШ доллары).....93
99-таблица. 2021 каржылык жылынын бюджетинин киреше бөлүгү (АКШ доллары).....94
100-таблица. Бухгалтердик операциялардын саны.....95

101-таблица. Милдеттенмелер тууралуу маалымат....................96
102-таблица. Стратегиялык пландоо башкармалыгынын бухгалтерия бөлүмүнүн иш көлөмү....................96
103-таблица. 2021-жылдагы факультеттердин студенттерине жумшалган чыгымдар (АКШ доллары)....................97
104-таблица. 2021-жылдагы институттардын студенттерине жумшалган чыгымдар....................98
105-таблица. 2021-жылдагы жогорку мектептердин/орто кесиптик колледждин студенттерине жумшалган чыгымдар....................98
106-таблица. 2021-жылдагы административдик түзүмдөргө жумшалган чыгымдар....................98
107-таблица. Университеттин түзүмдөрүндө студенттерди иш менен камсыздоо....................99
108-таблица. Студенттерге көмөк көрсөтүү фондунун жардамын алган студенттердин саны....................100
109-таблица. Стипендиялар тууралуу маалымат....................100
110-таблица. Илимий иш-чаралардын түрүнө карата бөлүнүшү....................109
111-таблица. Илимий изилдөө долбоорлорунун бөлүнүшү....................109
112-таблица. 2021-жылда бүткөрүлгөн долбоорлор....................109
113-таблица. 2021-жылда бүткөрүлгөн (КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан колдоого алынган) долбоорлор....................110
114-таблица. 2021-жылда уланып жаткан долбоорлор....................110
115-таблица. Социалдык тармактар боюнча статистикалык маалымат....................113
116-таблица. mezun.manas.edu.kg веб-баракчасы боюнча статистикалык маалымат....................114
117-таблица. Бүтүрүүчүлөрдүн өлкөлөргө карата бөлүнүшү....................114
118-таблица. Чет өлкөлүк университеттер менен түзүлгөн эки тараптуу келишимдер....................116
119-таблица. Манас-СТЖС-2021 жыйынтыктары боюнча абитуриенттердин түзүмдөргө карата бөлүнүшү....................132
120-таблица. Манас-СТЖС-2021 боюнча абитуриенттер тууралуу статистикалык маалыматтар....................133
121-таблица. Аралыктан окутуу борборунун координаторлугундагы орток сабактар....................138
122-таблица. 2021-жылда аткарылган иштер жана жүзөгө ашырылган долбоорлор....................140
123-таблица. 2021-жылда түзүлгөн келишимдер....................141

## ГРАФИКТЕР

1-график. 2021-жылдагы чыгымдардын административдик керектөөлөргө карата бөлүнүшү ....91
2-график. 2021-жылдагы факультеттердин чыгымдары....92
3-график. 2021-жылдагы административдик түзүмдүрдүн чыгымдары ....94
4-график. 2021-жылдагы бюджеттин киреше бөлүгүнүн пайыздык катышы....95
5-график. 2021-жылдагы бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн пайыздык катышы....97
6-график. 2021-жылдагы ай сайын эмгек акыны төлөөгө кеткен чыгымдар ....101
7-график. 2021-жылдагы ай сайын социалдык фондго төлөнгөн төлөмдөр....102
8-график. 2021-жылдагы ай сайын товар жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга кеткен чыгымдар....102
9-график. 2021-жылдагы ай сайын акча которууларга кеткен чыгымдар....103
10-график. 2021-жылдагы ай сайын капиталдык чыгымдар ....104
11-график. ТРнын Өкмөтүнүн университеттин бюджетине кошкон салымы (жардамдар жана гранттар) боюнча ай сайын бюджетти аткаруу....104
12-график. Ишкана жана менчик кирешелери боюнча ай сайын бюджетти иштеп чыгуу....105





## ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН СӨЗҮ

1995-жылдын 30-сентябрында Түркия Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан кол коюлган “Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында Кыргыз-Түрк “Манас” университетин куруу жөнүндөгү” келишим ыйгарым укуктуу органдар тарабынан бекитилгенден кийин университет 1997-1998-окуу жылынан тарта студенттерге билим бере баштаган. Окуу жайыбыз эл аралык деңгээлде өзгөчө статуска ээ мамлекеттик университет болуп саналат. Орто Азиядагы бирден бир үлгүлүү студенттик шаарчага ээ университетибиз материалдык-техникалык базасын улам чыңдап жана жакшыртып турат. Кыргыз-Түрк “Манас” университети динамикалуу билим берүү чөйрөсүнө жана башкаруу философиясына ээ. Бул багытта университеттин жетекчилигинин кыйшаюсуз аткарууга белсенген приоритеттүү максаты – окуу жайыбызды жаңычылдыктын үлгүсү катары көрсөтүү жана ийгиликтүү келечекке даярдоо.

Илимдин өнүгүшүнө салым кошкон, өзүнүн жогорку квалификациялуу бүтүрүүчүлөрү менен коомго пайда келтирген Кыргыз-Түрк “Манас” университети Кыргызстандын жана Түркиянын алдыңкы окуу жайларынын бири болуу багытында ишенимдүү кадамдар менен алдыга карай арымдап жатат. Алдына койгон максаттарына жеткен окуу жайыбыз күн сайын бийиктикке умтулуп, билим берүү жаатында эл аралык маркага айланууда. Билим берүүдө өзүнө тартып турган илимий борбор, коомчулук жана иш чөйрөсү үчүн чыныгы баалуулук, интернационалдашууда үлгүлүү жогорку окуу жайы, түрк дүйнөсүнүн биримдигинин калыптанышы жана өнүгүшүндө таасирдүү күч жана дүйнөлүк илимге салым кошууда абройлуу университет болуу багытында өтө тездик менен өнүгүүдө.

Университет өзүнө таандык сапатты башкаруу тутумунун жардамы менен сапат кепилдигин камсыз кылып, бардык процесстерди стандартташтырууга маани берет. Технологиянын, илимдин жана изилдөөнүн чордонунда “инсан” тургандыгын эске алып, адамды алдыңкы орунга койгон окуу жайыбыз “университеттен да артык” болуу багытында чечкиндүү кадамдарды жасай берет. Коомдун көйгөйлөрүнө жана муктаждыктарына көңүл бурган дисциплиналар аралык изилдөөлөрдү жүргүзүүнү улантат.

Кызматкерлерге, студенттерге жана кызматкерлердин жакындарына кызмат көрсөтүү үчүн материалдык-техникалык жагынан тийиштүү талаптарга жооп берген лабораториялар ачылып, ден соолук жана биринчи жардам көрсөтүү борборунун базасы чыңдалып, заманбап ден соолук борборуна айландырылган.

Студенттик шаарчанын ичинде социалдык багыттагы объекттер ачылып, кызматкерлерге жана студенттерге пайдаланууга берилген.

Университет өз максатына ылайык “Түрк дүйнөсүнүн санарип жарандыгы” долбоорун жүзөгө ашырууда башкы ролду ойноп, түрк дүйнөсүнүн жетимиштен ашуун университети менен протоколдорго кол коюу менен бул миссияга кошкон өз салымын дагы бир жолу көрсөттү.

Бул отчётту даярдоо процессине салым кошкон бардык кызматкерлерибизге ыраазычылык билдирүү менен бирге 2021-жылдын отчёту тийиштүү түзүм, мекеме жана окурмандарга пайдалуу болушуна тилектешпиз.

Проф., док. Асылбек Кулмырзаев
проректор

Проф., док. Алпаслан Жейлан
Ректорг

Биринчи

## 1. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

### 1.1.КЫРГЫЗСТАН

Кыргызстан 1991-жылы Советтер Союзунун кулашынан кийин эгемендүүлүккө жеткен. Түндүгүндө Казакстан Республикасы, батышында Өзбекстан Республикасы, түштүк-батышында Тажикистан Республикасы жана түштүк-чыгышында Кытай Эл Республикасы менен чектешкен Кыргызстандын чек арасынын жалпы узундугу – 3.878 км. Аянты – 198,500 миң км2. Кыргызстан терең ойдуңдар, өрөөндөр жана бийик тоолорго ээ. Деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги – 2750 метр. Кыргыз Республикасынын эң бийик жери Жеңиш чокусу, бийиктиги – 7439 метр. Эң төмөн жайгашкан жери – деңиз деңгээлинен 132 м бийиктикте жайгашкан Кара-Дарыя. Стратегиялык мааниге ээ Кыргызстан жети административдик аймактан турат. 2021-жылдагы бейрасмий маалыматтар боюнча, Кыргызстандын калкынын 6 524 195 адамды түзөт. Калктын жылдык өсүү темпи – 1,69 %.

Өлкөнүн экономикасы айыл чарба, мал чарба жана тоо-кен тармагына негизделген. Негизинен мал чарбасына негизделген айыл чарба тармактары үстөмдүк кылат. Негизги айыл чарба өнүмдөрү – бул буудай, пахта, кант кызылчасы, жүгөрү, тамеки жана жашылча-жемиштер.

Кыргызстандын негизги байлыгы – элдик маданият. Кылымдар бою Кыргызстандын территориясында жашаган ар түрдүү улуттагы элдердин маданиятын өздөштүрүп өнүгүп келген кыргыз маданияты көп түрдүүлүгү жана тереңдиги менен айырмаланат.

Кыргыздар байыркы түрк элдеринин бири болуп саналат. “Кыргыз” термини б.з.ч. II кылымда кытай булактарында кездешет. Албетте, ушундай узак тарыхка ээ улуттун маданиятын түзгөн бөлүкчөлөрдүн бири болуп бир кыйла бай жана көп түрдүү оозеки чыгармалар эсептелет. Бул чыгармалардын ичинде эң көркөмдүү жана эң көлөмдүү чыгарма болуп кыргыз элинин тарыхын, этнографиясын жана маданиятын чагылдырган “Манас” эпосу саналат.

Кыргыз эли өзүнүн маданиятын дүйнөгө тааныткан залкар жазуучу Чыңгыз Айматов менен түбөлүк сыймыктанат. 2008-жылы 80 жашында дүйнөдөн кайткан улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары 130дан ашык тилге которулган.

Кыргызстандын борбор калаасы жана эң ири шаары – Бишкек. 1878-жылы түптөлгөн шаардын аты Пишпек деп аталып, андан соң Советтер Союзунун мезгилинде Фрунзе болуп өзгөртүлгөн. 1991-жылы борбор шаарыбыз Бишкек атын алган.

Бишкек шаарынын борбордук аянттары, көчөлөрү, проспектилери түз. Айлана-чөйрөнү көркко бөлөп турган бак-дарактар жана сейил бактар менен Бишкек шаары жапжашыл жана көрктүү шаар болуп эсептелет. Шаардын көчөлөрү шахматтын тактасы түрүндө пландаштырылып, көчөлөрдүн эки тарабында бак-дарактарды сугарып туруу максатында тар арыктар жайгашкан. Ушундай жол менен сугарылган бак-дарактар жай мезгилинде күндүн аптабынан сактайт, ошондой эле шаарга өзгөчө көрк берип турат. Чүй облусундагы жаңы шаарлардын бири болгон Бишкек шаарында өткөн кылымдарга таандык тарыхый эстеликтер жок, бирок шаардын борбордук аянтында Тарых музейи жайгашкан.

### 1.2. Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин тарыхый өнүгүүсү

Кыргыз-Түрк “Манас” университети 1995-жылдын 30-сентябрында Түркиянын Измир шаарында Түркия Республикасы менен Кыргыз Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан кол коюлган “Кыргызстандын борбор шаары – Бишкекте “Кыргыз-Түрк “Манас” университетин куруу тууралуу” келишимдин негизинде курулган. 1995-жылы Бишкек шаарынын Манас проспектисинде ижарага алынган чакан имаратта иштей

баштаган бул университет таалим-тарбия иштерин 1997-1998-окуу жылында баштаган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 5-ноябрында кабыл алган 764-номерлүү чечими боюнча эски аэропорттун тилкесинен 85 гектар жер тилкеси 49 жылдык мөөнөт менен университетибизге өткөрүлүп берилген.

Жер тилкелери бөлүнүп берилгенден кийин экономика жана башкаруу факультети менен коммуникация факультетинин имараттарын куруу боюнча тендер жарыяланып, 2002-жылдын 22-майында аты аталган факультеттердин имараттарын куруу иштери башталган.

1997-1998-окуу жылында университетте гуманитардык жана табигый илимдер факультетинин түркология жана тарых бөлүмдөрү, экономика жана башкаруу факультетинин менеджмент бөлүмү, инженерия факультетинин компьютердик инженерия бөлүмү жана чет тилдер жогорку мектебинин түрк жана кыргыз тилдери боюнча даярдоо курсу ачылып, 3 факультет, 4 бөлүм жана 1 жогорку мектепте 86 студент билим алып, бардыгы болуп 127 кызматкер, алардын ичинен 89 административдик жана 38 академиялык кызматкер иштеген.

Университеттин “түзүлүш мезгили” катары каралган алгачкы 15 окуу жылдарынын ичинде окуу жайыбыз 8 факультетте, 4 жогорку мектепте жана 1 орто кесиптик колледжде окуу-тарбия жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп, бардыгы болуп 3411 студентке, анын ичинен орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 3105 студентке, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 306 студентке билим берген. Окуу жайдын 673 кызматкеринин, алардын ичинен 349 академиялык жана 324 административдик кызматкеринин жардамы менен 289 студентти, 79 магистрант жана докторанттарды даярдап чыгарган. Бул окуу жылын кошуп эсептегенде, университет бардыгы болуп 1261 студентти, 301 магистрант жана докторанттарды уясынан учурган.

2014-2015-окуу жылында уюшулганына 20 жыл болгон жана андан ары өнүгүүгө багыт алган университет 9 факультетте, 4 жогорку мектепте, 1 орто кесиптик колледжде, 2 институтта жана 4 илимий-изилдөө борборунда окуу-тарбия жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп, бардыгы болуп 5142 студентке, анын ичинен орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 4870 студентке, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 272 студентке билим берген. Окуу жайдын 658 кызматкеринин, алардын ичинен 274 академиялык жана 284 административдик кызматкеринин жардамы менен 617 студентти, 54 магистрант жана докторанттарды даярдап чыгарган. 2014-2015-окуу жылын кошуп эсептегенде, университет бардыгы болуп 4743 студентти, 571 магистрант жана докторанттарды уясынан учурган.

2016-жылдын декабрь айын кошуп эсептегенде университет 9 факультетте, 3 жогорку мектетеп, 1 орто кесиптик колледжде, 2 институтта жана 4 илимий-изилдөө борборунда окуу-тарбия жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүп, бардыгы болуп 5313 студентке, алардын ичинен орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 5037 студентке, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 276 студентке билим берген. Окуу жайдын 1007 кызматкеринин, алардын ичинен 552 академиялык, 269 административдик жана 159 убактылуу келишимдик негизде иштеген кызматкердин жардамы менен 697 студентти, 36 магистрант жана докторанттарды даярдап чыгарган. 2015-2016-окуу жылын кошуп эсептегенде, университет бардыгы болуп 5440 студентти, 607 магистранттарды жана докторанттарды уясынан учурган.

2017-жылдын декабрь айын кошо эсептегенде 22 жылдык тажрыйбасы менен университет 9 факультетинде, 3 жогорку мектебинде, 1 орто кесиптик колледжде жана 2 институтунда окуу-тарбия жана илимий изилдөө иштерин жүргүзүп, бардыгы болуп 5571 студентке, алардын ичинен орто кесиптик

жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 5277 студентке, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 294 студентке билим берген. Окуу жайдан 1002 кызматкерлеринин, алардын ичинен 536 академиялык, 297 административдик жана 169 убактылуу келишимдик негизде иштеген кызматкерлеринин жардамы менен 729 бакалавр, 42 магистрант жана докторант даярдалып чыгарылган. 2016-2017-окуу жылын кошуп эсептегенде, университет бардыгы болуп 6169 студентти, 649 магистрант жана доктoранттарды уясынан учурган.

2018-жылдын декабрь айын кошо эсептегенде университеттин 9 факультетинде, 3 жогорку мектебинде, 1 орто кесиптик колледжинде жана 2 институтунда окуу-тарбия иштери жүргүзүлүп, бардыгы болуп 5760 студентке, алардын ичинен орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 5468 студентке, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 292 студентке билим берилген. Окуу жайда 928 кызматкер, алардын ичинен 501 академиялык, 289 административдик жана 138 убактылуу келишимдик негизде иштеген кызматкер эмгектенип, 781 бакалавр, 48 магистрант жана докторант даярдалып чыгарылган. 2017-2018-окуу жылын кошо эсептегенде, университет бардыгы болуп 6950 студентти, 697 магистрант жана докторантты уясынан учурган.

2019-жылдын декабрь айын кошо эсептегенде университеттин 9 факультетинде, 3 жогорку мектебинде, 1 орто кесиптик колледжде жана 2 институтунда окуу-тарбия иштери жүргүзүлүп, бардыгы болуп 5891 студентке, алардын ичинен орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 5552 студентке, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 339 студентке билим берилген. Окуу жайда 973 кызматкер, алардын ичинен 533 академиялык, 312 административдик жана 128 убактылуу келишимдик негизде иштеген кызматкер эмгектенип, 668 бакалавр, 70 магистрант жана докторант даярдалып чыгарылган. 2018-2019-окуу жылын кошо эсептегенде, университет бардыгы болуп 7618 студентти, 767 магистрант жана докторантты уясынан учурган.

2020-жылдын декабрь айын кошо эсептегенде университеттин 9 факультетинде, 3 жогорку мектебинде, 1 орто кесиптик колледжде жана 2 институтунда окуу-тарбия иштери жүргүзүлүп, бардыгы болуп 6073 студентке, алардын ичинен орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 5688 студентке, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 385 студентке билим берилген. Окуу жайда 946 кызматкер, алардын ичинен 544 академиялык, 321 административдик жана 81 убактылуу келишимдик негизде иштеген кызматкер эмгектенип, 989 бакалавр, 87 магистрант жана докторант даярдалып чыгарылган. 2019-2020-окуу жылын кошо эсептегенде, университет бардыгы болуп 7618 студентти, 767 магистрант жана докторантты уясынан учурган.

2021-жылдын декабрь айын кошо эсептегенде университеттин 11 факультетинде, 1 жогорку мектебинде, 1 орто кесиптик колледжинде жана 2 институтунда окуу-тарбия иштери жүргүзүлүп, бардыгы болуп 6137 студентке, алардын ичинен орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 5719 студентке, ал эми ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 418 студентке билим берилген. Окуу жайда 973 кызматкер, алардын ичинен 507 академиялык, 309 административдик жана 157 убактылуу келишимдик негизде иштеген кызматкер эмгектенип, 879 бакалавр, 66 магистрант жана докторант даярдалып чыгарылган. 2020-2021-окуу жылын кошо эсептегенде, университет бардыгы болуп 9486 студентти, 920 магистрант жана докторантты уясынан учурган.

Кыргыз-Түрк "Манас" университети 2021-жылында окуу-тарбиялоо иштерин жана административдик кызмат көрсөтүүлөрүн башкы корпусунда жана Чыңгыз Айтматов атындагы студенттик шаарчанын ичинде жайгашкан имараттарда жүргүзүп келген.

## 1.3. МИССИЯ ЖАНА КОНЦЕПЦИЯ

### МИССИЯ

Кыргыз-Түрк "Манас" университети түзүлгөн күндөн тарта түрк тилдүү мамлекеттердин ичинде сапаттуу билим берүүнү негизги милдеттеринин бири катары кабыл алган. Университеттин миссиясы – заманбап билим берүү системасынын жардамы менен түрк дүйнөсүнүн жаш муундарын аң-сезимдүү, өзүнө ишенген, жоопкерчиликтүү инсан катары тарбиялап өстүрүү. Окуу жайда өз маданий баалуулуктарын сактаган, ар тараптуулукка умтулган, инсан катары калыптанган, түрк дүйнөсү менен дүйнөлүк илимге өз салымын кошо алган, жаңы маданиятты курууну кыялданган жаш муундарды даярдоого артыкчылык берилет. Университет академиялык кызматкерлеринин жана студенттеринин катышуусунда түрк тилдүү мамлекеттер менен тил, илим, билим, тарых, адабият, маданият, көркөм өнөр, экономика жана спорт жаатында кызматташууну өнүктүрүүнү, ошондой эле инсандык баалуулуктарды калыптандырып, универсалдуулукка умтулат.

### КОНЦЕПЦИЯ

Түрк дүйнөсүнүн эзелтен берки тажрыйбаларына таянган, абройлуу, эл аралык аренада өзүн тааныткан, окуу-тарбия жана илимий изилдөө иштери боюнча бай тажрыйбага ээ, түрк цивилизациясына салым кошо ала турган эл аралык деңгээлде абройлуу, жаратман жана дүйнөгө таанылган алдыңкы университет болуу окуу жайыбыздын негизги максаттары болуп саналат. Университеттин концепциясы – заманбап, демилгелүү, жаңычыл, өзгөрүүгө жана өнүгүүгө ачык, региондо алдыңкы катардагы окуу жай болуу. Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин 21-кылымдагы негизги максаттарынын бири – жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо аркылуу Кыргызстандын экономикасына салым кошуу.



## 1.4. ЫЙГАРЫМ УКУКТАР, МИЛДЕТТЕР ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТЕР

Кыргыз Республикасы жана Түркия Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан "Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Уставы" тууралуу келишимге 1995-жылдын 17-декабрында кол коюлуп, эки өлкөнүн ыйгарым укуктуу органдары тарабынан бекитилгенден кийин күчүнө кирген.

### 1.4.1. Камкорчулар кеңеши

Камкорчулар кеңешинин милдеттери төмөнкүдөй:

- Камкорчулар кеңешинин иштөө усулун жана негиздерин нускама менен аныктоо;
- Ректорат же Камкорчулар кеңешинин мүчөлөрүнүн бирөөсүнүн сунушу боюнча факультетти, институтту, жогорку мектепти, илимий-изилдөө борборун, бөлүмдү жана кафедраны ачуу, жабуу же бириктирүү;
- Академиялык жана административдик кызматкерлерди даярдоо жана ар бир кызматкерге төлөнүүчү эң аз жана эң көп акы суммасын аныктоо;
- Академиялык жана административдик кызматкерлер үчүн келишимдин шарттарын жана негиздерин аныктоо;
- Университеттин жылдык иш алып баруу максаттарын аныктоо. Эки өлкө тарабынан аныкталган төлөмдөргө ылайык Ректор тарабынан даярдалган университеттин бюджетин текшерүү, бекитүү жана зарыл болгон учурда текшерүү жүргүзүү. Кийинки жыл үчүн талап кылынган төлөмдөрдү аныктап, май айынын акырына чейин эки өлкөнүн өкмөтүнө билдирүү;
- Ректорат күн тартибине койгон башка маселелер боюнча чечим чыгаруу;
- Устав боюнча Окумуштуулар кеңешине берилген милдеттерден тышкары Уставдын аткарылышы үчүн зарыл каржылык, административдик жана окуу-тарбиялык иштер тууралуу нускамаларды даярдоо;
- Университеттин жыл ичинде аткарган иштери тууралуу отчутту календардык жылдын аягында Түркия Республикасынын Улуттук билим берүү министрлигине, Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин жетекчилигине жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине жиберүү.

### 1.4.2. Текшерүү комиссиясы

Текшерүү комиссиясынын милдеттери төмөнкүдөй:

- Текшерүү комиссиясы Камкорчулар кеңешинин сарптоолорун жана башка ишмердүүлүгүн да текшерет.
- Текшерүү кеңешинин бирден мүчөсү эки тараптын Каржы министрлигинин бюджеттик маселелер боюнча кызматкерлеринин ичинен дайындалат.
- Камкорчулар кеңеши өзү белгилеген мөөнөт ичинде университетте илимий, административдик жана каржы багытта текшерүүлөрдү жүргүзөт жана бул максатта ички текшерүү органын түзө алат.
- Ар жылы жүргүзүлө турган текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча түзүлгөн отчёттун

бирден нускасы Түркия Республикасынын Улуттук билим берүү министрлигине, Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетине жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги менен Камкорчулар Кеңешинин төрагасына жиберилет.

- Түркия Республикасынын Улуттук билим берүү министрлигинин атынан Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин төрагасы менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри зарыл болгон жана каалаган учурда кошумча текшерүү жүргүзүү талабын коё алат.

**1.4.3. Ректор/Биринчи проректор**

Ректор/ Биринчи проректордун милдеттери төмөнкүдөй:

- Университеттин кеңештеринде төрагалык кылуу, Камкорчулар Кеңешинин чечимдерин ишке ашыруу, университеттин кеңештеринде түшкөн сунуштарды талдап, тийиштүү чечимдерди чыгаруу жана университеттин түзүмдөрүнүн ортосундагы туруктуу иш жүргүзүүнү камсыз кылуу;
- Ар бир окуу жылынын аягында жана зарыл болгон учурларда университеттин окуу-тарбия, илимий изилдөө, басмага чыгаруу жана коомчулукка кызмат көрсөтүү боюнча иш-чаралары тууралуу отчётту Камкорчулар Кеңешине сунуштоо;
- Университеттин тийиштүү түзүмдөрүнүн жана университеттин Окумуштуулар кеңеши менен Башкаруу кеңешинин сунуш жана пикирлерин эске алуу менен университеттин инвестициялоо программаларын, бюджетин жана кадрларга болгон муктаждыктарды Камкорчулар Кеңешине сунуштоо;
- Зарыл учурларда университеттин курамына кирген бөлүмдөрдөгү жана түзүмдөрдө иштеген окутуучулардын жана башка кызматкерлердин кызмат орундарын алмаштыруу же аларды жаңы орундарга дайындоо;
- Университеттин түзүмдөрүнүн жана бардык баскычтагы кызматкерлеринин иш-аракеттерине жалпы көзөмөл жана текшерүү жүргүзүү;
- Камкорчулар Кеңеши тарабынан бекитилген уюштуруучулук түзүмдүн схемасына ылайык Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен жетекчилердин ыйгарым укуктары менен жоопкерчиликтерин аныктоо;
- Университеттин Уставынын негизинде өзүнө жүктөлгөн башка милдеттерди аткарат.

**1.4.4. Окумуштуулар кеңеши**

Окумуштуулар кеңешинин милдеттери төмөнкүдөй:

- Университеттин окуу-тарбия, илимий изилдөө жана басып чыгаруу ишмердүүлүгүнүн негиздерине байланыштуу чечимдерди кабыл алуу;
- Университеттин жылдык окуу программасын жана академиялык календарын карап чыгып, бекитүү;
- Диплом берген түзүмдөрдүн билим берүү программаларын жана аларга киргизилген өзгөртүүлөрдү бекитүү;
- ЖОЖдон кийин билим берүүгө байланыштуу негиздерди аныктоо;
- 2 жылдык жана 4 жылдык билим берүү программалары боюнча студенттердин сабакка

катышуу, ара сынактардын саны жана алардын студенттин алган баасына тийгизген таасири; өндүрүштүк практика, сынак жана кайра тапшыруу сынактары сыяктуу шарттардын негиздерин аныктай турган нускамаларды бекитүү;

- Студенттердин тартиби боюнча нускаманы бекитүү;
- Университеттин түзүмдөрүнүн арасындагы мамилелерди жөнгө салуу;
- Жылда бир жолу Ректорат тарабынан даярдалган университеттин иш-чаралары тууралуу отчётту карап чыгуу жана тийиштүү сунуштарды киргизүү;
- Факультеттердин башкаруу кеңештеринин өзгөчө стипендия жана ардактуу академиялык наамын ыйгаруу боюнча сунуштарын карап чыгып, бекитүү (Университеттин стипендия боюнча нускамасы, университеттин ардактуу академиялык наам ыйгаруу боюнча нускамасы);
- Факультет кеңештеринин жана Ректоратка караштуу институт жана жогорку мектеп кеңештеринин чечимдерине каршы наразычылыктарды карап чыгуу жана тийиштүү чечим чыгаруу;
- Университеттин Башкаруу кеңешине мүчө тандоо;
- Ректорат сунуштаган маселелер боюнча пикир алышуу жана чечимдерди чыгаруу.

**1.4.5. Башкаруу кеңеши**

- Башкаруу кеңешинин милдеттери төмөнкүдөй:
- Камкорчулар кеңеши менен Окумуштуулар кеңешинин чечимдерин жүзөгө ашырууда аныкталган план жана программалар боюнча Ректорго жардам берүү;
- Университетке караштуу түзүмдөрдүн сунуштарын эске алуу менен инвестициялоо программаларын, бюджеттин долбоорун карап чыгуу жана өз сунуштары менен Ректоратка сунуштоо;
- Университеттин башкаруу иштерине байланыштуу Ректордун алдыга койгон маселелери боюнча чечим кабыл алуу;
- Факультет, институт, жогорку мектептердин башкаруу кеңештеринин чечимдерине каршы наразычылыктарды карап чыгуу жана тийиштүү чечим чыгаруу;
- Университеттин Уставынын алкагында ректорат алдыга койгон маселелерди талкуулап чечим чыгаруу.

**1.4.6. Факультеттердин башкаруу органдары**

Факультеттердин башкаруу органдарына деканат, факультет кеңеши жана факультеттин башкаруу кеңеши кирет.

Факультет жана түзүмдөрдүн өкүлдөрү болгон декандар ректораттын сунушу боюнча Камкорчулар кеңеши тарабынан 3 жылга шайланат. Ар бир декан өз милдетин аткарууда өзүнө жардамчы катары эң көп 2 профессор окутуучуну 3 жылга дайындоо үчүн Ректоратка сунуштайт.

Декандын орун басарлары Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен Ректор тарабынан дайындалат. Декандардын кызмат мөөнөтү аяктаганда орун басарларынын да мөөнөттөрү аяктайт. Кызмат мөөнөтү аяктаган декандар кайрадан дайындала алышат.

Декандардын милдеттери төмөнкүдөй:

- Факультет кеңештерине жетекчилик кылуу, факультет кеңештеринин чечимдерин аткаруу жана факультет түзүмдөрүнүн ортосундагы иштерди үзгүлтүксүз жүргүзүүнү камсыз кылуу;
- Ар бир окуу жылынын аягында жана талап кылынган учурунда факультеттин жалпы абалы жана иш-аракеттери тууралуу отчётту Ректоратка берүү;
- Факультеттин финансы каражаттарына жана кадрларга болгон муктаждыктары жөнүндө өтүнмөнү Ректоратка билдирүү, факультеттин бюджети боюнча факультеттин башкаруу кеңешинин пикири алынгандан кийин аны Ректоратка сунуштоо;
- Факультеттин түзүмдөрүнүн жана бардык кызматкерлеринин иш-аракеттерине жалпы көзөмөл жана текшерүү жүргүзүү;
- Университеттин Уставы менен өзүнө жүктөлгөн башка милдеттерди аткаруу.

**1.4.7. Институттардын башкаруу органдары**

Институттардын башкаруу органдарына институттун мүдүрлүгү, институт кеңеши жана институттун башкаруу кеңеши кирет. Институттун мүдүрлөрү Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен Ректор тарабынан 3 жылга дайындалат. Кызмат мөөнөтү аяктаган институттун мүдүрү кайрадан дайындала алат.

Ар бир институт мүдүрүнүн университетте иштеген окутуучулардын ичинен 3 жылдык мөөнөткө дайындалган эң көп 2 орун басары болот. Институттун мүдүрүнүн орун басарлары институт мүдүрүнүн сунушу боюнча Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен Ректор тарабынан дайындалышат. Институт мүдүрлөрүнүн кызмат мөөнөтү аяктаганда орун басарларынын кызмат мөөнөтү да аяктайт.

**1.4.8 Жогорку мектептердин башкаруу органдары**

Жогорку мектептердин башкаруу органдарына жогорку мектептин мүдүрлүгү, жогорку мектептин кеңеши жана жогорку мектептин башкаруу кеңеши кирет.

Жогорку мектептердин мүдүрлөрү Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен Ректор тарабынан 3 жылдык мөөнөткө дайындалат. Мөөнөтү аяктаган мүдүрлөр кайрадан дайындала алышат.

Ар бир жогорку мектеп мүдүрүнүн университетти иштеген окутуучулардын ичинен 3 жылдык мөөнөткө дайындалган эң көп 2 орун басары болот. Жогорку мектеп мүдүрүнүн орун басарлары жогорку мектептин мүдүрүнүн сунушу боюнча Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен Ректор тарабынан дайындалат. Жогорку мектептин мүдүрүнүн кызмат мөөнөтү аяктаганда, анын орун басарларынын да кызмат мөөнөтү аяктайт.

**1.4.9. Бөлүмдөрдүн башкаруу органдары**

Бир эле факультетте же жогорку мектепте бирдей же окшош адистик боюнча окуу иштерин жүргүзгөн бөлүмдөрдү ачууга болбойт. Бөлүмдөр бөлүм башчылары тарабынан башкарылат. Бөлүм башчылары бөлүмдө иштеген профессорлордун, профессор болбогон учурда доценттердин, доцент болбогон учурда доценттин милдетин аткаруучулардын ичинен факультеттерде декандын, жогорку мектепттерде мүдүрдүн сунушу боюнча Биринчи проректордун пикирин эске алуу менен Ректор тарабынан 3 жылдык мөөнөткө дайындалат. Мөөнөтү аяктаган бөлүм башчылары кайрадан дайындала алышат.

## 1.5. УНИВЕРСИТЕТ ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргыз-Түрк "Манас" университети окуу-тарбиялоо иштерин жана административдик кызмат көрсөтүүлөрүн Ректораттын башкы корпусунда жана Чыңгыз Айтматов атындагы студенттик шаарчанын ичинде жайгашкан имараттарда жүргүзүп келет.

### 1.5.1. Материалдык-техникалык база

#### 1.5.1.1. Кыймылсыз мүлктөрдүн аянты

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин жалпы аянты 85 018 чарчы метрди түзөт. Башкы корпустун жалпы аянты – 8 780 чарчы метр. Чыңгыз Айтматов атындагы студенттик шаарчанын жалпы аянты – 84 14 чарчы метр. Имараттардын жалпы аянты – 118 131,66 чарчы метр.

**1-таблица. Кыймылсыз мүлктөрдүн аянты**

| Имараттын аталышы | Жалпы аянты ($м^2$) | Пайдаланууга берилген жылы |
|---|---|---|
| БАШКЫ ИМАРАТ | 8 346,00 | 1998 |
| СТУДЕНТТЕР ҮЙҮНҮН "В" КОРПУСУ | 4 355,20 | 2000 |
| ОРТО КЕСИПТИК КОЛЛЕДЖДИН ИМАРАТЫ | 4 653,30 | 2000 |
| КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН ТУРАК-ЖАЙЫ (24 БАТИРЛҮҮ) | 2 245,80 | 2000 |
| ЭКОНОМИКА ЖАНА БАШКАРУУ ФАКУЛЬТЕТИ | 12 269,20 | 2004 |
| КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИ | 10 868,30 | 2004 |
| СТУДЕНТТЕР ҮЙҮНҮН "С" КОРПУСУ | 1 430,30 | 2010 |
| КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН ТУРАК-ЖАЙЫ (61 БАТИРЛҮҮ) | 7 810,20 | 2010 |
| ФАКУЛЬТЕТТЕРДИН КОШУМЧА ЭКИ КАБАТТУУ ИМАРАТТАРЫ – 5 ДААНА | 1 595,60 | 2012 |
| ТУРМУШ-ТИРИЧИЛИКТИ ТЕЙЛӨӨ КОМПЛЕКСИ | 4 655,20 | 2012 |
| ТЕХНОЛОГИЯ БОРБОРУ | 3 384,40 | 2012 |
| СТУДЕНТТИК КЕҢЕШТИН КЕҢСЕСИ (ТЕЗ КУРУЛУУЧУ КОНСТРУКЦИЯЛАРДАН САЛЫНГАН) | 220 | 2012 |
| СТУДЕНТТЕР ҮЙҮНҮН "А" КОРПУСУ | 11 669,50 | 2013 |
| РЕКТОРАТТЫН ИМАРАТЫ | 2 937,30 | 2015 |
| ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ЖАНА ИНЖЕНЕРИЯ ФАКУЛЬТЕТТЕРИ | 8 666,70 | 2015 |
| ЖАБЫК СПОРТ КОМПЛЕКСИ | 3 489,70 | 2015 |
| ТЕОЛОГИЯ ФАКУЛ-НИН ОКУУ-ПРАКТИКАЛЫК МЕЧИТИ | 4 064,70 | 2015 |
| ТЕОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ | 3 513,20 | 2017 |
| ОКУУ-ТАРБИЯЛЫК ЖАНА ИЛИМИЙ-ИЗИЛДӨӨ КОМПЛЕКСИ | 21 144,20 | 2017 |
| ОКУУ ЖАНА МАЕКТЕШҮҮ ЖАЙЫ (ТЕЗ КУРУЛУУЧУ КОНСТРУКЦИЯЛАРДАН САЛЫНГАН) | 384,46 | 2018 |
| ТЕЗ КУРУЛУУЧУ КОНСТРУКЦИЯЛАРДАН САЛЫНГАН КЕҢСЕЛЕР | 428,4 | 2018 |
| **ЖАЛПЫ** | **118 131,66** | |

*Эскертүү: 2018-жылы Кыргыз Республикасынын архитектура жана курулуш боюнча Мамлекеттик агенттигинин ченөө иштеринин натыйжасында имараттардын техникалык паспортунда жазылган чарчы метрлерге байланыштуу маалыматтар

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде академиялык жана административдик түзүмдөрдүн жалпы аянты болжол менен 102 031,85 чарчы метрди түзөт. Жалпы пайдалануудагы жерлердин (коридорлор, холлдор, тепкичтеги аянттар, балкондор, дааратканалар ж.б.) аянты - 16 099,81 чарчы метр. Жалпы пайдалануудагы жерлердин аянтын кошо эсептегенде, имараттардын жалпы аянты 118 131,66 чарчы метрге жетет.

**2-таблица. Административдик түзүмдөрдүн ээлеген аянты**

| **Имараттардын аталышы** | **Башкы корпус (м²)** | **Чыңгыз Айтматов атындагы студенттик шаарча (м²)** | **Жалпы аянт** |
|---|---|---|---|
| Ректорат | 587,20 | 2 172,30 | 2 759,50 |
| Башкы катчылык | 240,50 | 1 152,10 | 1 392,60 |
| Китепкана жана иш кагаздары башкармалыгы | 443,10 | 918,30 | 1 361,40 |
| Студенттик иштер башкармалыгы | 33,70 | 355,54 | 389,24 |
| Кадрлар башкармалыгы | 31,00 | 219,20 | 250,20 |
| Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы | 596,80 | 31 948,80 | 32 545,60 |
| Стратегиялык пландоо башкармалыгы | 279,60 | 29,20 | 308,80 |
| Курулуш иштери башкармалыгы | 381,84 | 3 202,90 | 2 351,49 |
| Маалыматтык технологиялар башкармалыгы | 29,70 | 382,20 | 411,90 |
| “Манас” университети (жалпы пайдалануучу жайлар) | 2 804,90 | 33 834,26 | 36 639,16 |
| **ЖАЛПЫ** | **5 428,34** | **74 214,80** | **78 409,89** |

**Башкы корпус**






**Чыңгыз Айтматов атындагы студенттик шаарча**





**3-таблица. Академиялык түзүмдөрдүн ээлеген аянты**

| Имараттын аталышы (м2) | Башкы корпус (м²) | Ч. Айтматов атындагы студенттик шаарча (м²) | Жалпы (м²) |
|---|---|---|---|
| Гуманитардык факультет | 0,00 | 3 953,90 | 3 953,90 |
| Табигый илимдер факультети | 0,00 | 1 510,10 | 1 510,10 |
| Көркөм өнөр факультети | 0,00 | 2 751,19 | 2 751,19 |
| Ветеринария факультети | 0,00 | 6 076,38 | 6 076,38 |
| Табигый илимдер институту | 0,00 | 188,10 | 188,10 |
| Айыл чарба факультети | 0,00 | 3 579,48 | 3 579,48 |
| Коомдук илимдер институту | 0,00 | 167,85 | 167,85 |
| Чет тилдер жогорку мектеби | 2 939,90 | 56,00 | 2 995,90 |
| Орто кесиптик колледж | 0,00 | 3 463,69 | 3 463,69 |
| Туризм факультети | 0,00 | 1 391,80 | 1 391,80 |
| Коммуникация факультети | 0,00 | 3 442,80 | 3 442,80 |
| Инженерия факультети | 0,00 | 3 365,08 | 3 365,08 |
| Теология факультети | 0,00 | 1 896,50 | 1 896,50 |
| Спорт илимдери факультети | 0,00 | 4 592,48 | 4 592,48 |
| **ЖАЛПЫ** | **2 939,90** | **36 435,35** | **39 375,25** |

**4-таблица. Бир студентке туура келген аянт (м²)**

| | Аянт (м²) | Студенттердин саны | Бир студентке туура келген аянт (м²) |
|---|---|---|---|
| Ачык аянтчалар | 850 180 | 6 137 | 138,53 |
| Жабык аянтчалар | 118 131,66 | | 19,25 |
| Окуу бөлмөлөрү | 11 853,45 | | 1,93 |
| Социалдык багыттагы имараттар | 8 066,20 | | 1,31 |

**5-таблица. Унаалар**

| | Номери | Модели жана маркасы | Камсыздоо түрү |
|---|---|---|---|
| 1 | 1014 BC | " 2003 Mercedes-Benz 320E " | Сатып алуу |
| 2 | 4751 BB | " 2002 Mercedes-Benz 320E " | Сатып алуу |
| 3 | 3831 BC | " 2011 Hyundai-SantaFe " | Сатып алуу |
| 4 | 3832 BC | " 2011 Hyundai-Accent " | Сатып алуу |
| 5 | 3833 BC | " 2011 Hyundai-Accent " | Сатып алуу |
| 6 | 4293 BC | " 2006 Toyota-Corolla " | Сатып алуу |
| 7 | 4294 BC | " 2004 Toyota-Avensis " | Сатып алуу |
| 8 | 2078 BC | " 2008 Mercedes-Benz Vito " | Сатып алуу |
| 9 | 0059 BC | " 2013 Kia Bongo " | Сатып алуу |
| 10 | 0096 BC | " 2007 Mercedes-Benz спринтер" | Сатып алуу |
| 11 | 01KG 487 AG | " 2001 GAZ-33021 газель " | Сатып алуу |
| 12 | 6903 BA | " 1993 Daimler-Benz тез жардам унаасы" | Сатып алуу |
| 13 | TRSB 0736 | " 2011 Belarus-922.3 / трактор" | Сатып алуу |
| 14 | | Мотоцикл | Сатып алуу |
| **ЖАЛПЫ** | | **17** | |

### 1.5.1.2. Окуу бөлмөлөрү

**6-таблица. Дарсканалардын жана лабораториялардын түзүмдөргө карата бөлүнүшү**

| ТҮЗҮМДӨР | Дарсканалар | | | | | | | | | Лабораториялар | | | | | | | | | Окуу аянты (жалпы) | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Лекциялык зал | | | Дарскана | | | Дарскана (жалпы) | | | Компьютердик лаборатория | | | Башка лаборатория | | | Лаборатория (жалпы) | | | Жалпы (дарск.+лабор.) | | |
| | саны | сыйым-дуулугу | м² | саны | сыйым-дуулугу | м² | саны | сыйым-дуулугу | м² | саны | сыйым-дуулугу | м² | саны | сыйым-дуулугу | м² | саны | сыйым-дуулугу | м² | саны | сыйым-дуулугу | м² |
| Гуманитардык ф. | 2 | 204 | 291,5 | 19 | 850 | 1337,8 | 21 | 1054 | 1629,3 | 0 | 0 | 0 | 4 | 110 | 273,7 | 4 | 110 | 273,7 | 25 | 1164 | 1903 |
| Табигый илимдер | | | | 12 | 299 | 605,3 | 12 | 299 | 605,3 | 1 | 25 | 76,7 | 3 | 70 | 272,7 | 4 | 95 | 349,4 | 16 | 394 | 954,7 |
| Көркөм өнөр ф. | 1 | 54 | 96,7 | 13 | 181 | 222,15 | 14 | 235 | 318,93 | 1 | 10 | 41,34 | 1 | 25 | 193,9 | 2 | 35 | 235,24 | 16 | 270 | 554,17 |
| Экономика жана башкаруу ф. | 1 | 105 | 144,2 | 11 | 530 | 791,5 | 12 | 635 | 935,7 | 1 | 25 | 80,7 | 1 | 105 | 143 | 2 | 130 | 223,7 | 14 | 765 | 1,159,4 |
| Коммуникация ф. | 2 | 414 | 415,7 | 7 | 260 | 421,1 | | | | 3 | 50 | 219,1 | | | | | | | 12 | 724 | 1055,9 |
| Инженерия ф. | | | | 8 | 185 | 324,6 | 8 | 185 | 324,6 | 3 | 95 | 248,5 | 13 | 299 | 735,9 | 16 | 394 | 983,89 | 24 | 579 | 1308,49 |
| Ветеринария ф. | 3 | 240 | 332,4 | 3 | 116 | 152 | 6 | 356 | 484,4 | - | - | - | 13 | 390 | 782,3 | 13 | | 782,3 | 19 | 746 | 1266,7 |
| Айыл-чарба ф. | 4 | 480 | 596,13 | 8 | 265 | 242,86 | 12 | 745 | 838,99 | 1 | 30 | 89,4 | 12 | 240 | 694,396 | 13 | 270 | 783,796 | 25 | 1015 | 1622,786 |
| Теология ф. | 2 | 108 | 242,4 | 6 | 200 | 353,5 | 8 | 308 | 595,9 | | | | | | | | | | 8 | 308 | 595,9 |
| Табигый илимдер инс. | | | | 1 | 25 | 29 | 1 | 25 | 29 | | | | | | | | | | | | |
**38-таблица. Кызматка дайындалган/кызматтан бошотулган административдик кызматкерлердин саны**

| 2020 | | 2021 | |
|---|---|---|---|
| Кызматка дайындалган | Кызматтан бошотулган | Кызматка дайындалган | Кызматтан бошотулган |
| 15 | 8 | 7 | 17 |

**39-таблица. Убактылуу негизде иштеген кызматкерлердин ээлеген кызматына карата бөлүнүшү**

| Ээлеген кызматы | Sayı |
|---|---|
| Машыктыруучу | 11 |
| Юрист | 1 |
| Компьютердик оператор | 1 |
| Врач | 2 |
| Официант | 1 |
| Коопсуздук кызматкери | 11 |
| Медайым | 4 |
| Убактылуу негизде иштеген кызматкер | 14 |
| Оператор | 1 |
| Музыкант | 26 |
| Кызматкер | 47 |
| Инженер-архитектор | 1 |
| Катчы | 6 |
| Техникалык кызматкер | 17 |
| Уста | 8 |
| Адис | 3 |
| **ЖАЛПЫ** | **154** |

**40-таблица. 2020-2021-окуу жылында алмашуу программаларынын алкагында жөнөтүлгөн академиялык жана административдик кызматкерлер**

| *Алмашуу программасынын аталышы: Эрасмус алмашуу программасы* | | |
|---|---|---|
| **Барган университеттин аталышы** | **Иштеген түзүмү** | **Киши саны** |
| Жумхуриет университети | Экономика жана башкаруу факультети | 2 |
| Сулейман Демирель университети | Инженерия факультети | 1 |

**41-таблица. 2020-2021-окуу жылында алмашуу программаларынын алкагында келген академиялык жана административдик кызматкерлер**

| Келген түзүмү | Иштеген университеттин аталышы | Киши |
|---|---|---|
| Орто Чыгыш техникалык университет | Курулуш иштери | 1 |
| Жумхуриет университети | Ден соолук бробору | 1 |

## 1.5.5. КӨРСӨТҮЛГӨН КЫЗМАТТАР

### 1.5.5.1. Окуу-тарбиялык иштер

Университет студенттери үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө умтулат. Студенттерибизге ар бир тармакта “Манас” университетинин мүчөсү болуу сезимин сездирүүгө аракет кылабыз. Окуу жайыбыздын “Университеттен да артык” деген урааны да максаттарыбызды жана милдеттерибизди ачык-айкын көрсөтүп турат. Мунун далили катары стипендияга ээ болуу жана студенттик үйлөрдө жашоо, көмөк алуу жана жумуш менен камсыз болуу мүмкүнчүлүктөрүн, күчтүү материалдык-техникалык базаны, китепканалардын бай фондун айтып кетсек болот.



Төмөндөгү таблицада университеттин окуу-тарбиялык иштерине байланыштуу маалыматтар берилген.

**42-таблица. Факультеттерде/жогорку мектептерде жана орто кесиптик колледжде орто кесиптик билим берүү жана бакалавр программаларынын саны**

| Факультет/жогорку мектеп/орто кесиптик колледж | Саны |
|---|---|
| Гуманитардык факультет | 11 |
| Табигый илимдер факультети | 3 |
| Көркөм өнөр факультети | 4 |
| Экономика жана башкаруу факультети | 4 |
| Теология факультети | 2 |
| Коммуникация факультети | 3 |
| Инженерия факультети | 6 |
| Ветеринария факультети | 1 |
| Айыл-чарба факультети | 2 |
| Туризм факультети | 3 |
| Спорт илимдери факультети | 2 |
| Чет тилдер жогорку мектеби | |
| Орто кесиптик колледж | 10 |
| **БАРДЫГЫ** | **51** |

Коомдук илимдер институтунда 18 магистратура программасы, 8 докторантура программасы бар. Институттун магистратура жана докторантура программалары тууралуу толук маалымат төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн.

**43-таблица. Коомдук илимдер институтунда магистратура жана докторантура программаларынын саны**

| Илимий тармактын аталышы (программалар төмөндө көрсөтүлгөн) | Магистратура программасы | Докторантура программасы |
|---|---|---|
| Педагогика | - | |
| Педагогика программасы | Бар | Бар |
| Билим берүүнү башкаруу жана текшерүү программасы | Бар | Жок |
| Психологиялык кеңеш жана көмөк программасы | Бар | Жок |
| Экономика | Бар | Бар |
| Коммуникация | Бар | Бар |
| Менеджмент | Бар | Бар |
| Тарых | - | |
| Тарых программасы | Бар | Бар |
| Археология жана социалдык антропология программасы | Бар | Жок |
| Түркология | Бар | Бар |
| Эл аралык мамилелер | Бар | Жок |
| Синхрондук котормо | Бар | Жок |
| Философия | Бар | Жок |
| Ислам таануу | Бар | Бар |
| Туризм жана мейманкана иштетүү | Бар | Жок |
| Социология | Бар | Бар |
| Англис тили жана адабияты | Бар | Жок |
| Финансы жана банк иши | Бар | Жок |
| Дене тарбия жана спорт | Бар | Жок |

Табигый илимдер институтунда 9 магистратура программасы, 7 докторантура программасы бар. Институттун магистратура жана докторантура программалары тууралуу толук маалымат төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн.

**44-таблица. Табигый илимдер институтунда магистратура жана докторантура программаларынын саны**

| Илимий тармактын аталышы (программалар төмөндө көрсөтүлгөн) | Магистратура программасы | Докторантура программасы |
|---|---|---|
| Мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү | Бар | Жок |
| Өсүмдүктөрдү коргоо | Бар | Бар |
| Компьютердик инженерия | Бар | Бар |
| Биология | Бар | Бар |
| Биотехнология | Бар | Жок |
| Тамак аш инженериясы | Бар | Бар |
| Экологиялык инженерия | Бар | Бар |
| Химиялык инженерия | Бар | Бар |
| Математика | Бар | Бар |

**45-таблица. 2020-2021-окуу жылында орто кесиптик билим берүү жана бакалавр программаларында окуган студенттердин саны**

| Академиялык түзүмдүн аталышы | КРнын жараны | ТРнын жараны | Башка өлкөлөрдүн жараны | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|
| **ГУМАНИТАРДЫК ФАКУЛЬТЕТ** | **567** | **86** | **63** | **716** |
| БАТЫШ ТИЛДЕРИ БӨЛҮМҮ (АНГЛИС ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ ПРОГРАММАСЫ) | 67 | 11 | 15 | 93 |
| ЧЫГЫШ ТИЛДЕРИ БӨЛҮМҮ (КЫТАЙ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ ПРОГРАММАСЫ) | 46 | 8 | 0 | 54 |
| ЧЫГЫШ ТИЛДЕРИ БӨЛҮМҮ (ОРУС ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ ПРОГРАММАСЫ) | 49 | 12 | 8 | 69 |
| ФИЛОСОФИЯ БӨЛҮМҮ | 30 | 2 | 2 | 34 |
| СИНХРОНДУК КОТОРМО БӨЛҮМҮ (КЫРГЫЗЧА-АНГЛИСЧЕ КОТОРМО ПРОГРАММАСЫ) | 47 | 0 | 3 | 50 |
| СИНХРОНДУК КОТОРМО БӨЛҮМҮ (КЫРГЫЗЧА-ТҮРКЧӨ КОТОРМО ПРОГРАММАСЫ) | 42 | 0 | 2 | 44 |
| СИНХРОНДУК КОТОРМО БӨЛҮМҮ (ОРУСЧА-ТҮРКЧӨ КОТОРМО ПРОГРАММАСЫ) | 35 | 13 | 8 | 56 |
| ПСИХОЛОГИЯЛЫК КЕҢЕШ ЖАНА КӨМӨК ПРОГРАММАСЫ | 69 | 7 | 13 | 89 |
| СОЦИОЛОГИЯ БӨЛҮМҮ | 52 | 9 | 4 | 65 |
| ТАРЫХ БӨЛҮМҮ | 56 | 8 | 2 | 66 |
| ТҮРКОЛОГИЯ БӨЛҮМҮ | 74 | 16 | 6 | 96 |
| **ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ** | **284** | **1** | **15** | **300** |
| БИОЛОГИЯ БӨЛҮМҮ | 85 | 0 | 5 | 90 |
| МАТЕМАТИКА БӨЛҮМҮ | 69 | 1 | 3 | 73 |
| КОЛДОНМО МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАТИКА БӨЛҮМҮ | 130 | 0 | 7 | 137 |
| **КӨРКӨМ ӨНӨР ФАКУЛЬТЕТИ** | **258** | **5** | **7** | **270** |
| ГРАФИКА БӨЛҮМҮ | 77 | 1 | 5 | 83 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| СҮРӨТ БӨЛҮМҮ | 60 | 1 | 1 | 62 |
| МУЗЫКАЛЫК ӨНӨР БӨЛҮМҮ | 62 | 0 | 0 | 62 |
| ТЕАТРАЛДЫК ӨНӨР БӨЛҮМҮ | 59 | 3 | 1 | 63 |
| **ЭКОНОМИКА ЖАНА БАШКАРУУ ФАКУЛЬТЕТИ** | **429** | **19** | **84** | **532** |
| ФИНАНСЫ ЖАНА БАНК ИШИ БӨЛҮМҮ | 124 | 5 | 16 | 145 |
| ЭКОНОМИКА БӨЛҮМҮ | 94 | 1 | 18 | 113 |
| МЕНЕДЖМЕНТ БӨЛҮМҮ | 126 | 0 | 27 | 153 |
| ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР БӨЛҮМҮ | 85 | 13 | 23 | 121 |
| **ТЕОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ** | **173** | **7** | **11** | **191** |
| ДИН ТААНУУ БӨЛҮМҮ | 73 | 0 | 1 | 74 |
| ИСЛАМ ТААНУУ БӨЛҮМҮ | 100 | 7 | 10 | 117 |
| **КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИ** | **374** | **37** | **32** | **443** |
| ЖУРНАЛИСТИКА БӨЛҮМҮ | 115 | 6 | 9 | 130 |
| КООМ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ ЖАНА ЖАРНАМА БӨЛҮМҮ | 119 | 15 | 12 | 146 |
| ТЕЛЕРАДИО ЖАНА КИНЕМАТОГРАФИЯ БӨЛҮМҮ | 140 | 16 | 11 | 167 |
| **ИНЖЕНЕРИЯ ФАКУЛЬТЕТИ** | **415** | **1** | **29** | **445** |
| КОМПЬЮТЕРДИК ИНЖЕНЕРИЯ БӨЛҮМҮ | 129 | 1 | 14 | 144 |
| ЭКОЛОГИЯЛЫК ИНЖЕНЕРИЯ БӨЛҮМҮ | 61 | 0 | 3 | 64 |
| ТАМАК-АШ ИНЖЕНЕРИЯСЫ БӨЛҮМҮ | 93 | 0 | 2 | 95 |
| ХИМИЯЛЫК ИНЖЕНЕРИЯ БӨЛҮМҮ | 65 | 0 | 5 | 70 |
| ЭЛЕКТРОНИКА ЖАНА ЭЛЕКТР ИНЖЕНЕРИЯСЫ | 38 | 0 | 2 | 40 |
| ӨНӨР ЖАЙ ИНЖЕНЕРИЯСЫ | 29 | 0 | 3 | 32 |
| **ВЕТЕРИНАРИЯ ФАКУЛЬТЕТИ** | **158** | **28** | **10** | **196** |
| ВЕТЕРИНАРИЯ БӨЛҮМҮ | 158 | 28 | 10 | 196 |
| **АЙЫЛ ЧАРБА ФАКУЛЬТЕТИ** | **179** | **1** | **4** | **184** |
| МӨМӨ-ЖЕМИШ ЖАНА ТАЛАА ӨСҮМДҮКТӨРҮ БӨЛҮМҮ | 83 | 0 | 1 | 84 |
| ӨСҮМДҮКТӨРДҮ КОРГОО БӨЛҮМҮ | 96 | 1 | 3 | 100 |
| **ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ** | **112** | **9** | **5** | **126** |
| МАШЫКТЫРУУЧУЛАРДЫ ДАЯРДОО ЖАНА СПОРТТУ БАШКАРУУ БӨЛҮМҮ | 48 | 2 | 2 | 52 |
| ДЕНЕ ТАРБИЯ ЖАНА СПОРТ МУГАЛИМИ БӨЛҮМҮ | 64 | 7 | 3 | 74 |
| **ТУРИЗМ ЖАНА МЕЙМАНКАНА ИШТЕТҮҮ ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ** | **269** | **10** | **61** | **499** |
| ТУРИЗМ ЖАНА МЕЙМАНКАНА ИШИ БӨЛҮМҮ | 124 | 0 | 35 | 159 |
| САЯКАТ ИШИ ЖАНА ГИД КЫЗМАТЫ БӨЛҮМҮ | 148 | 3 | 33 | 184 |
| РЕСТОРАН ИШИ ЖАНА КУЛИНАРДЫК ӨНӨР БӨЛҮМҮ | 121 | 7 | 28 | 156 |
| **ЧЕТ ТИЛДЕР ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ** | **1188** | **73** | **127** | **1388** |
| ЧЕТ ТИЛ ҮЙРӨТҮҮ БӨЛҮМҮ | 1188 | 73 | 127 | 1388 |
| **ОРТО КЕСИПТИК КОЛЛЕДЖ** | **416** | **0** | **13** | **429** |
| ОФИС МЕНЕДЖМЕНТ ПРОГРАММАСЫ | 50 | 0 | 0 | 50 |
| АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН СИСТЕМАЛАРДЫ ЖАНА ЭСЕПТӨӨ ТЕХНИКАЛАРЫН ПРОГРАММАЛЫК КАМСЫЗДОО ПРОГРАММАСЫ | 48 | 0 | 2 | 50 |
| МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ | 54 | 0 | 0 | 54 |
| ИМАРАТТАРДЫ ЖАНА КУРУЛМАЛАРДЫ КУРУУ ЖАНА ЭКСПЛУАТАЦИЯЛОО ПРОГРАММАСЫ | 51 | 0 | 2 | 53 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| БУХГАЛТЕРДИК ЭСЕП ПРОГРАММАСЫ | 56 | 0 | 2 | 58 |
| АВТОМОБИЛДИК ТРАНСПОРТТУ ТЕХНИКАЛЫК ТЕЙЛӨӨ ЖАНА ОҢДОО ПРОГРАММАСЫ | 32 | 0 | 3 | 35 |
| МАРКЕТИНГ ПРОГРАММАСЫ | 44 | 0 | 1 | 45 |
| ШИРЕТҮҮ ӨНДҮРҮШҮ ПРОГРАММАСЫ | 8 | 0 | 0 | 8 |
| ЖЫГАЧ ИШТЕТҮҮНҮН ТЕХНОЛОГИЯСЫ, ЭМЕРЕКТЕР ДИЗАЙНЫ ЖАНА КОНСТРУКЦИЯЛОО ПРОГРАММАСЫ | 18 | 0 | 1 | 19 |
| ТУРИЗМ ЖАНА МЕЙМАНКАНА ИШИ ПРОГРАММАСЫ | 55 | 0 | 2 | 57 |
| **ЖАЛПЫ** | **4822** | **277** | **461** | **5719** |

**46-таблица. Студенттердин жынысына карата бөлүнүшү**

| | Эркек | Аял | Бардыгы |
|---|---|---|---|
| Факультет | 1367 | 2782 | 4149 |
| Жогорку мектеп | 414 | 477 | 891 |
| Орто кесиптик колледж | 242 | 437 | 679 |
| ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары | 202 | 216 | 418 |
| **ЖАЛПЫ** | **2.210** | **3.863** | **6.073** |

**47-таблица. Студенттердин магистратура (диссертация жактоосуз/диссертацияны жактоо менен) жана докторантура программаларына карата бөлүнүшү (коомдук илимдер институту)**

| Илимий тармактын аталышы | Магистранттардын саны | | | Докторанттардын саны | | | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | КРнын жараны | ТРнын жараны | Башка өлкөлөрдүн жараны | КРнын жараны | ТРнын жараны | Башка өлкөлөрдүн жараны | |
| Педагогика | 14 | 5 | 0 | 2 | 5 | 0 | 26 |
| Философия | 9 | 3 | 0 | 0 | 0 | 0 | 12 |
| Англис тили жана адабияты | 5 | 2 | 0 | 0 | 0 | 0 | 7 |
| Экономика | 7 | 0 | 5 | 1 | 6 | 1 | 20 |
| Коммуникация | 8 | 15 | 2 | 4 | 7 | 1 | 37 |
| Ислам таануу | 15 | 3 | 1 | 11 | 0 | 1 | 31 |
| Менеджмент | 8 | 3 | 1 | 6 | 2 | 0 | 20 |
| Синхрондук котормо | 7 | 3 | 1 | 0 | 0 | 0 | 11 |
| Социология | 7 | 7 | 0 | 1 | 0 | 0 | 5 |
| Тарых | 11 | 17 | 0 | 3 | 4 | 0 | 35 |
| Туризм жана мейманкана иштетүү | 12 | 6 | 1 | 0 | 0 | 0 | 19 |
| Түркология | 10 | 9 | 2 | 1 | 9 | 3 | 34 |
| Психологиялык кеңеш жана көмөк | 5 | 1 | 1 | 0 | 0 | 0 | 7 |
| Археология жана социалдык антропология | 1 | 4 | 0 | 0 | 0 | 0 | 5 |
| Дене тарбия жана спорт | 14 | 4 | 0 | 0 | 0 | 0 | 18 |
| Эл аралык мамилелер | 13 | 5 | 4 | 0 | 0 | 0 | 22 |
| **ЖАЛПЫ** | **146** | **87** | **18** | **29** | **33** | **6** | **319** |

2021-жылдын 30-декабрын кошо эсептегенде

**48-таблица. Студенттердин магистратура (диссертация жактоосуз/диссертацияны жактоо менен) жана докторантура программаларына карата бөлүнүшү (табигый илимдер институту)**

| Илимий тармактын аталышы | Магистранттардын саны | | | Докторанттардын саны | | | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | КРнын жараны | ТРнын жараны | Башка өлкөлөрдүн жараны | КРнын жараны | ТРнын жараны | Башка өлкөлөрдүн жараны | |
| Компьютердик инженерия | 10 | 2 | 2 | 5 | 2 | 0 | 21 |
| Экологиялык инженерия | 5 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 5 |
| Математика | 12 | 0 | 0 | 1 | 0 | 0 | 13 |
| Тамак аш инженериясы | 5 | 0 | 0 | 0 | 1 | 0 | 6 |
| Химиялык инженерия | 14 | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 15 |
| Биология | 16 | 0 | 0 | 2 | 0 | 0 | 18 |
| Өсүмдүктөрдү коргоо | 8 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 8 |
| Мөмө жемиш жана талаа өсүмдүктөрү | 5 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 5 |
| Биотехнология | 8 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 8 |
| **ЖАЛПЫ:** | **83** | **3** | **2** | **8** | **3** | **0** | **99** |

**49-таблица. 2020-2021-окуу жылында өлкөлөр боюнча студенттердин саны**

| Sıra No | Өлкө | Студенттердин саны | |
|---|---|---|---|
| | | Орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча | ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча |
| 1 | Офганстан | 37 | 9 |
| 2 | Азербайжан | 4 | 1 |
| 3 | Кытай Эл Республикасы | 2 | 1 |
| 4 | Эндонезия | 1 | - |
| 5 | Казахстан | 127 | 5 |
| 6 | Кыргызстан | 4 941 | 264 |
| 7 | Монголия | 33 | - |
| 8 | Өзбекстан | 90 | - |
| 9 | Россия Федерациясы | 31 | 2 |
| 10. | Тажикистан | 153 | 2 |
| 11 | Түркия | 277 | 129 |
| 12 | Түркмөнстан | 18 | - |
| 13 | Корея | - | 2 |
| 14 | Косово | - | 1 |
| 15 | Чили | - | 1 |
| 16 | Египет | - | 1 |
| **БАРДЫГЫ** | | **5 714** | **418** |

5 студент кош/ кошумча адистик программасы аркылуу башка программалар боюнча да окуп жатышат.

**50-таблица. Түркия Республикасы жана Кыргыз Республикасынан сырткары башка өлкөлөрдүн жараны болгон студенттердин бөлүмдөргө карата бөлүнүшү**

| Түзүмдөр | Афганистан | Азербайжан | Кытай Эл Республикасы | Эндонезия | Казакстан | Монголия | Өзбекстан | Россия Федерациясы | Тажикстан | Түркмөнстан |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Гуманитардык факультет | 0 | 2 | 1 | 0 | 23 | 5 | 8 | 3 | 17 | 6 |
| Табигый илимдер факультети | 1 | 0 | 0 | 0 | 1 | 0 | 7 | 1 | 1 | 4 |
| Көркөм өнөр факультети | 0 | 0 | 0 | 0 | 1 | 2 | 2 | 1 | 1 | 0 |
| Экономика жана башкаруу фа-тети | 13 | 0 | 0 | 0 | 11 | 8 | 13 | 8 | 30 | 2 |
| Коммуникация факультети | 7 | 0 | 0 | 0 | 13 | 1 | 4 | 5 | 3 | 0 |
| Инженерия факультети | 6 | 0 | 0 | 0 | 6 | 1 | 6 | 1 | 6 | 3 |
| Ветеринария факультети | 0 | 0 | 0 | 0 | 4 | 1 | 0 | 0 | 4 | 1 |
| Айыл-чарба факультети | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 1 | 1 | 3 | 0 |
| Теология факультети | 0 | 0 | 0 | 0 | 2 | 1 | 2 | 1 | 5 | 0 |
| Дене тарбия жана спорт ж. мектеби | 0 | 0 | 0 | 0 | 4 | 0 | 2 | 0 | 0 | 0 |
| Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби | 0 | 2 | 1 | 0 | 22 | 6 | 22 | 2 | 41 | 1 |
| Чет тилдер жогорку мектеби | 10 | 0 | 0 | 1 | 36 | 8 | 22 | 7 | 34 | 1 |
| Орто кесиптик колледж | 0 | 0 | 0 | 0 | 4 | 0 | 1 | 1 | 8 | 0 |
| **БАРДЫГЫ** | **37** | **4** | **2** | **1** | **127** | **33** | **90** | **31** | **153** | **18** |

**51-таблица. Студенттерге бөлүнгөн квота жана анын толушу**

| **2021-2022** | **Квотанын саны** | **Катталган студенттердин саны** | **Пайыздык катышы** |
|---|---|---|---|
| Факультеттер | 1295 | 1079 | 83,32% |
| Жогорку мектептер | 335 | 199 | 59,40% |
| Орто кесиптик колледж | 173 | 70 | 40,46% |
| **Башка**** | **1 803** | **1 348** | **74,76%** |

*2021-2022-окуу жылында башка өлкөлөр үчүн бөлүнүп берилген квотага ылайык кабыл алынган студенттер

**Университет тарабынан бакалавр жана орто кесиптик билим берүү программалары үчүн жалпы 1803 квота бөлүнгөн. Бирок квотадагы орундарга 1730 студент гана катталып, 73 орун бош калган.

**52-таблица. ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча студенттерге бөлүнгөн квота жана анын толушу**

| 2021-2021-окуу жылынын күзгү жана жазгы семестри | **Квотанын саны** | | **Катталган студенттердин саны** | | **Пайыздык катышы** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Маги-тура** | **Докт-тура** | **Маги-тура** | **Докт-тура** | **Маги-тура** | **Докт-тура** |
| Табигый илимдер институту | 70 | 23 | 17 | 0 | 24.28% | 0% |
| Коомдук илимдер институту | 152 | 44 | 88 | 7 | 57,89 | 15,9 |
| **БАРДЫГЫ** | **222** | **67** | **105** | **7** | **47,3** | **10,45** |

**53-таблица. 2020-2021-окуу жылында орто, жогорку кесиптик жана ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча окуудан чыгарылган студенттердин саны**

| Окуудан чыгаруунун себеби | Өз каалоосу менен | Сабакка каттaлбагандык | Окууда жетишпегендик | Окууда Жетишпегендик (даярдоо курсу) | Сабактарга катышпагандык | Тартип жазасы | Башка университетке которулуу | Башка себеп | Алмашуу программасы | Жалпы | Студенттердин саны | Пайыздык катыш |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Орто жана жогорку кесиптик | 355 | 93 | 38 | | 130 | 1 | 1 | 1 | 0 | 619 | 5719 | 10,82% |
| билим берүү программалары | 14 | 4 | 10 | 3 | | | | 1 | 36 | 31 | 252 | 12,30 |
| Коомдук илимдер институту | 3 | 0 | 8 | | | | | | 6 | 11 | 99 | 11.1% |

**54-таблица. Тартип жазасын алган студенттердин саны жана алган жазалары**

| | Университеттен чыгаруу | 2 жарым жылдык мөөнөткө окуудан четтетүү | 1 жарым жылдык мөөнөткө окуудан четтетүү | 1 аптадан 1 айлык мөөнөткө окуудан четтетүү | Сөгүш | Эскертүү | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары | 1 | - | 1 | 3 | - | - | 5 |

Стипендиянын түрлөрү

1. Кирүү сынагына ылайык берилген стипендия

Бул даярдоо курсунан тартып 1-курстун биринчи жарым жылдыгына чейин төмөндө белгиленген шарттарга ылайык бериле турган стипендия болуп саналат. Студент бул категориялардын биринен гана стипендия алат. Кирүү сынагына ылайык берилген стипендияны алган студенттер биринчи курстун экинчи жарым жылдыгынан тартып окуудагы жетишкендиктер үчүн стипендияга ээ болушат.

a) Биринчи категориядагы стипендия: Манас-СТЖСнын (студенттерди тандоо жана жайгаштыруу сынагы) бир түрү (коомдук/табигый илимдер/жалпы билим берүү) же КРнын Жалпы республикалык тестирлөөсүнүн (Грант/ ЖРТ) жыйынтыктары боюнча тизмеде биринчи 50 орунду ээлеген жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан уюштурулган олимпиадаларда ар бир илимий багыт боюнча алгачкы үч орунду ээлеген студенттер менен ТРнын Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу сынагы боюнча тизмеде тургандардын алгачкы 15 пайызын түзгөн жана университеттин каттоосунан өткөн студенттерге берилүүчү стипендия.

b) Экинчи категориядагы стипендия: Манас-СТЖСнын (студенттерди тандоо жана жайгаштыруу сынагы) бир түрү (коомдук/табигый илимдер/жалпы билим берүү) же КРнын Жалпы республикалык тестирлөөсүнүн (Грант/ ЖРТ) жыйынтыктары боюнча тизмеде экинчи 50 (51-100) орунду ээлеген студенттер менен ТРнын Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу сынагы боюнча тизмеде тургандардын алгачкы 20 пайызын түзгөн жана университеттин каттоосунан өткөн студенттерге берилүүчү стипендия.

2. Жөлөк стипендиясы

Университетке Түркия жана Кыргызстандан башка мамлекеттерден кабыл алынган студенттерге окуудагы жетишкендик боюнча стипендиясынын биринчи категориясына жараша даярдоо курсунда жана биринчи курстун биринчи семестринин аягына чейин берилүүчү стипендия. Жөлөк стипендиясын алган студенттер биринчи курстун экинчи семестринен тартып, окуудагы жетишкендик боюнча стипендияга алуу укугуна ээ болушат.

3. Окуудагы жетишкендик боюнча стипендия

Биринчи курстун экинчи жарым жылдыгынан тарта жана ар бир жарым жылдыктын аягында студенттердин окуудагы жетишкендиктери эске алынып берилген стипендия.

а) Биринчи категориядагы стипендия: Орточо жетишкендик баллы 3.50-4.00 ортосунда болгон студенттерге берилүүчү стипендия.

b) Экинчи категориядагы стипендия: Орточо жетишкендик баллы 3.00-3.49 ортосунда болгон студенттерге берилүүчү стипендия.

4. Улуттук спортчуларга берилүүчү стипендия

Кыргыз Республикасы менен Түркия Республикасынын атынан эл аралык таймаштарда олимпиадалык спорт оюндарына катышкан жана "улуттук спортчу" наамына ээ болгондорго "кирүү сынагына ылайык стипендиясынын" 1-категориясы боюнча даярдоо курсунда жана биринчи курстун биринчи семестринин аягына чейин берилүүчү стипендия. Бул стипендия биринчи курстун экинчи семестринен тартып, орточо жетишкендик баллы 2.50дөн жогору болгон студенттерге төлөнөт. Бул стипендияны алган студенттер университет ылайык көргөн университеттердин ортосундагы таймаштарга Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин атынан катышууга милдеттүү. Болбосо, стипендия төлөнбөйт. "Улуттук спортчу" стипендиясын алуу үчүн студент тийиштүү министрлик же федерациядан алган акыркы 3 (үч) жылдын ичинде "улуттук спортчу" экендигин тастыктаган документи жана арызы менен кайрылышы керек. Бул документ университеттин Башкаруу кеңеши тарабынан бекитилиши зарыл.

2021-2022-окуу жылында коомдук жана табигый илимдер институттарында окуган 122 студент стипендия алган. Бир айда студенттерге жалпы 6.525 АКШ доллары өлчөмүндө стипендия төлөнгөн.

**55-таблица. Орто жана жогорку кесиптик билим берүү программаларында окуп, стипендия алган студенттердин саны**

| Стипендиянын түрү | Өлчөмү (сом) | Студенттердин саны |
|---|---|---|
| Окуудагы жетишкендик боюнча стипендия (1-категория) | 1 600 | 370 |
| Окуудагы жетишкендик боюнча стипендия (2-категория) | 1 300 | 789 |
| Жөлөк стипендиясы | 1 600 | 145 |
| Кирүү сынагына ылайык стипендия (1-категория) | 2 500 | 90 |
| Кирүү сынагына ылайык стипендия (2-категория) | 1 500 | 41 |
| "Улуттук спортчу" стипендиясы | | |
| **БАРДЫГЫ** | | **1 435** |

Дистанттык окууга башталган 02.01.2022 окуу жылынын күзгү семестрине тиешелүү маалыматтар.

2021-жылдын февраль айынан тарта жалаң гана ветеринария факультети менен көркөм өнөр факультетинде окуу бетме-бет түрүндө өтүп, 18 студентке стипендия төлөнгөн.

**56-таблица. ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларында окуп, стипендия алган студенттердин саны**

| Стипендиянынтүрү | Магистратура | | Магистратура | |
|---|---|---|---|---|
| | Өлчөмү (АКШ долл.) | Студенттердин саны | Өлчөмү (АКШ долл.) | Студенттердин саны |
| ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларына кирүү сынагына ылайык стипендия | 50 | 47 | 75 | 1 |
| ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларында окуудагы жетишкендик боюнча стипендия | 50 | 57 | 75 | 16 |
| ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларында жөлөк стипендиясы | 50 | 1 | 75 | 0 |
| **БАРДЫГЫ** | | **105** | | **17** |

2020-2021-окуу жылынын жазгы семестринде пандемиядан улам аралыктан окутууга өткөндүгүнө байланыштуу Камкорчулар кеңешинин чечими менен студенттерге стипендия төлөө токтотулган жана аларга ай сайын 60 ГБ интернет пакети бекер берилген. 2021-2022-окуу жылынын күзгү семестринен баштап стипендиялар кайрадан бериле баштаган. 2021-2022-окуу жылында бакалавр жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча жалпысынан 1435 студент ар кандай түрдөгү стипендияларды алышкан. Бир айда студенттерге жалпы 2.136,200 сом (болжол менен 25,400 АКШ доллары) өлчөмүндө стипендия төлөнгөн. 2021-2022-окуу жылында университетте билим алган студенттердин жалпы санынын 23%ы стипендия алышкан.

**57-таблица. Орто жана жогорку кесиптик билим берүү программаларын аяктаган бүтүрүүчүлөрдүн саны**

| Окуу жылы | ТР жараны | КР жараны | Башка өлкөнүн жараны | БАРДЫГЫ |
|---|---|---|---|---|
| 2014-2015 | 66 | 534 | 17 | **617** |
| 2015-2016 | 66 | 611 | 17 | **694** |
| 2016-2017 | 54 | 657 | 18 | **729** |
| 2017-2018 | 69 | 677 | 35 | **781** |
| 2018-2019 | 52 | 584 | 32 | **668** |
| 2019-2020 | 55 | 906 | 28 | **989** |
| 2020-2021 | 42 | 805 | 32 | **879** |
| 2021-2022* | 2 | 2 | | **4** |

* 2021-жылдын 31-декабрына чейин университетти бүтүргөндөрг

**58-таблица. Коомдук илимдер институтунун бүтүрүүчүлөрүнүн саны**

| Окуу жылы | Магистратура | | | | Докторантура | | | | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ТР | КР | БАШКА | ЖАЛПЫ | ТР | КР | БАШКА | ЖАЛПЫ | |
| 2013-2014 | 13 | 16 | 2 | 31 | 5 | 3 | | 8 | 39 |
| 2014-2015 | 13 | 18 | 0 | 31 | 4 | 4 | | 8 | 39 |
| 2015-2016 | 1 | 14 | 0 | 15 | 4 | 9 | | 13 | 28 |
| 2016-2017 | 6 | 11 | 4 | 21 | 4 | 6 | 1 | 11 | 32 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2017-2018 | 7 | 23 | 0 | 30 | 2 | 5 | | 7 | 37 |
| 2018-2019 | 6 | 31 | 0 | 37 | 3 | 3 | | 6 | 43 |
| 2019-2020 | 11 | 27 | 0 | 38 | 4 | 3 | | 7 | 45 |
| 2020-2021 | 11 | 26 | 1 | 38 | 5 | 0 | 0 | 5 | 43 |
| 2021-2022* | 0 | 3 | 0 | 3 | 1 | 2 | 0 | 3 | 6 |

* 2021-жылдын 31-декабрына чейин университетти бүтүргөндөрг

**59-таблица. Табигый илимдер институтунун бүтүрүүчүлөрүнүн саны**

| Окуу жылы | Магистратура | | | | Докторантура | | | | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ТР | КР | БАШКА | ЖАЛПЫ | ТР | КР | БАШКА | ЖАЛПЫ | |
| 2014-2015 | 2 | 13 | 0 | 15 | 1 | 0 | 0 | 1 | 16 |
| 2015-2016 | 0 | 15 | 0 | 5 | 1 | 1 | 0 | 2 | 7 |
| 2016-2017 | 2 | 4 | 0 | 6 | 0 | 4 | 0 | 4 | 10 |
| 2017-2018 | 0 | 17 | 0 | 10 | 0 | 1 | 0 | 1 | 11 |
| 2018-2019 | 2 | 24 | 0 | 26 | 0 | 1 | 0 | 1 | 27 |
| 2019-2020 | 0 | 15 | 1 | 16 | 1 | 0 | 0 | 1 | 17 |
| 2020-2021 | 0 | 22 | 0 | 22 | 1 | 0 | 0 | 1 | 23 |

**60-таблица. Окуу жылына карата ар бир окутуучуга туура келген студенттердин саны**

| Окуу жылы | Программанын саны | Студенттердин саны | Окутуучу | Ар бир студентке туура келген окутуучу |
|---|---|---|---|---|
| | | (B) | (B) | (A/B) |
| **2013-2014** | 46 | 4 482 | 525 | 7,95 |
| **2014-2015** | 46 | 4 802 | 492 | 9,11 |
| **2015-2016** | 46 | 5 037 | 514 | 9,34 |
| **2016-2017** | 46 | 5 277 | 552 | 9,13 |
| **2017-2018** | 46 | 5 468 | 536 | 9,85 |
| **2018-2019** | 51 | 5 561 | 501 | 10,91 |
| **2019-2020** | 51 | 5 691 | 533 | 10,43 |
| **2020-2021** | 51 | 5 719 | 544 | 10,46 |
| **2021-2022*** | 51 | 5 671 | 507 | 11,18 |

* 2021-2022 окуу жылынын күзгү семестрине таандык.

**61-таблица. Окуу жылына карата ар бир илимий даражага ээ окутуучуга туура келген студенттердин саны**

| Окуу жылы | Программанын саны | Студенттердин саны | Окутуучу | Ар бир студентке туура келген окутуучу |
|---|---|---|---|---|
| | | (B) | (B) | (A/B) |
| **2018-2019** | 51 | 5 561 | 207 | 26,86 |
| **2019-2020** | 51 | 5 688 | 212 | 26,83 |
| **2020-2021** | 51 | 5 719 | 119 | 48,06 |
| **2021-2022*** | 51 | 5 671 | 205 | 27,66 |

| 62-таблица. 2020-2021-окуу жылында студент алмашуу программасынын алкагында келген студенттер | | |
|---|---|---|
| Студентти жиберген университет | Бөлүмү | Студенттердин саны |
| **Эки тараптуу кызматташуу аркылуу алмашуу программасы** | | |
| Ош мамлекеттик университети | Англис тили жана адабияты | 2 |
| Ош мамлекеттик университети | Синхрондук котормо | 1 |

| 63-таблица. 2020-2021-окуу жылында студент алмашуу программасынын алкагында кеткен студенттер | | |
|---|---|---|
| Студентти кабыл алган университет | Бөлүмү | Студенттердин саны |
| **"Мевляна" алмашуу программасы** | | |
| Сүлейман Демирель атындагы университет | Тамак-аш инженериясы | 1 |

### 1.5.5.2. Медициналык кызматтар



Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгынын курамында ачылган ден соолук борбору 1999-жылдан тарта студенттерге, кызматкерлерге жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө медициналык кызматтарды көрсөтүп келет. Ден соолук броборун кеңейтүү максатында 2020-жылы Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Шеит Эрен Бүлбүл атындагы Ден соолук борбору жана COVID-19 диагностика борбору Түркия Республикасынын Тышкы иштер министри Мевлүт Чавушоглу, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министри Руслан Казакбаев жана Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо жана социалдык өнүгүү министри Алымкадыр Бейшеналиев тарабынан пайдаланууга берилген. Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жабдылган ден соолук борбору Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан аккредитацияланган.



Ден соолук борборунда ар түрдүү медициналык кызматтар, ыкчам медициналык жардам, тез жардам, амбулатордук дарылоо кызматтары көрсөтүлөт: жалпы медициналык кароо, дартты аныктоо, дарылоо жана өнөкөт оорулары бар бейтаптарга көзөмөл, алдын- алуу иш-чаралары жүргүзүлөт. Зарыл учурларда бейтаптар андан ары текшерүүдөн же дарылоодон өтүү үчүн дарылоо-профилактикалык

мекемелерге жиберилет. Ден соолук борборунун жабдуулары: ЭКГ аппараты, ЭКГ холтер, рентген, УЗИ, кычкылтек концентратору, небулизатор, кандагы глюкоза өлчөгүч.

Ден соолук борборунда 2 изоляциялык бөлмө (эркектер жана аялдар үчүн өз-өзүнчө) бар.

Ден соолук борборунда 6 врач (2 терапевт, гинеколог, лор, невропатолог) жана 8 медайым иштейт.

**64-таблица. Студенттерге жана кызматкерлерге медициналык кызмат көрсөтүүлөр**

| | Кызматкерлер | Студенттер | Жалпы |
|---|---|---|---|
| Тез жардам кызматы | 2 | 0 | 2 |
| Операция болгон бейтаптардын саны | 11 | 6 | 17 |
| Амбулатордук жол менен дарыланган бейтаптардын саны | 1 251 | 2 481 | 3 732 |
| Педиатрия | 335 | | 335 |
| Анализдердин саны | 241 | 260 | 501 |
| Жалпы | 1 840 | 2 747 | 4 587 |

### 1.5.5.3. Психологиялык кеңеш жана көмөк көрсөтүү кызматы

Психологиялык кеңеш жана көмөк көрсөтүү борбору 2000-2001-окуу жылында ачылып, ректоратка караштуу өз алдынча борбор катары иш жүргүзө баштаган. Анда алгач борбордун жетекчиси жана эки психолог иштеген. Кийинчирээк ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгына караштуу борбор болуп, анда 1 мүдүр, 1 психолог жана 1 кызматкер иштей баштаган.

2012-2013-окуу жылында борбордун аталышы Студенттердин инсандык өнүгүү жана кеңешүү борбору болуп өзгөртүлүп, 2013-2014-окуу жылында Студенттер үйүнүн А корпусунда жайгашкан кеңседе өз ишин улантып келет.

Биз студенттерге жалаң гана заманбап билим бербестен, ошондой эле алардын психологиялык жана социалдык өнүгүүсүн камсыздоону, психикалык саламаттыгын сактоону жана окуудагы жетишкендиктерин артырууга салым кошууну көздөйбүз. Студенттердин жеке жана социалдык өнүгүүсүндө, билим алуусунда жана кесиптик өнүгүүсүндө алдыга максаттарды коюу, чечимдерди кабыл алуу, шартка көнүү, пайда болгон көйгөйлөрдү чечүү маселелери боюнча аларга кыска жана узак мөөнөттүү жеке психологиялык кеңеш берүү кызматын көрсөтүү, өткөрүлгөн семинарлар тууралуу студенттерге маалымат берүү; бул маселелер боюнча тиешелүү топторду түзүү аркылуу топтун ичинде психологиялык кеңеш же топтун ичинде багыт берүү кызматтарын көрсөтүү.

Студенттердин инсандык өнүгүү жана кеңешүү борбору ыктыярдуулук жана купуялуулук принциптерине ылайык иш алып барат. Психологиялык кеңеш алуу үчүн кайрылган студенттер же алардын кураторлоруна айтып берген көйгөйлөрү тууралуу эч кимге жана эч бир мекемеге маалымат берилбейт.

2021-жылы Психологиялык кеңеш жана көмөк көрсөтүү борборунун кызматтарынан 2351 студент пайдаланган.

Жеке психологиялык кеңеш алуу үчүн 217 студент кайрылган жана бардыгы болуп 617 кеңеш берүү/ терапия боюнча кызматтар көрсөтүлгөн.

| 65-таблица. Ден соолук борборунун кызматкерлери | | |
|---|---|---|
| | Эркек | Аял |
| Доктор | 1 | 5 |
| Медицина кызматкери | | 10 |
| **Жалпы** | **1** | **15** |

| 66-таблица. Студенттердин инсандык өнүгүү жана кеңешүү борбору боюнча статистикалык маалыматтар | | | |
|---|---|---|---|
| | Кыз | Эркек | Жалпы |
| Жеке психологиялык кеңеш берүү кызматы | 187 | 30 | 217 |
| Багыт берүү кызматтары | 351 | 70 | 421 |
| Өнүктүрүүчү психологиялык билим берүү программалары | - | - | 270 |
| Топтун ичинде психологиялык терапия | - | - | 43 |
| Басылма материалдарды таратуу кызматы | - | - | 1 400 |
| **ЖАЛПЫ** | **538** | **100** | **2 351** |

#### 1.5.5.4. Турак-жай кызматтары

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгына караштуу 3 студенттик үй бар. Студенттик үйлөрдө:

• Бөлмөлөрдө сабакка даярдануу үчүн стол, отургуч, китеп текчеси жана башка буюмдар бар.

• Бөлмөдөн башка жерде сабак окууну каалагандар үчүн студенттик үйдүн А корпусунун ар бир кабатында бирден, Б корпусунда экиден 60 кишилик сабак окуй турган залдар орун алган.

• Китепкана жана компьютер бөлмөлөрүндө чексиз интернет бар. Китепкана жана компьютер бөлмөлөрү түнкү 23.00гө чейин иштейт.

• Студенттердин маданий жана спорттук иш-чараларын колдоо максатында теннис жана бильярд залдары бар.

• Театралдык оюн-зооктор, спорттун түрлөрү боюнча турнирлер, семинар жана башка иш-чаралар өткөрүлүп турат.

• Студент кыз-уландар үчүн мечитте өз-өзүнчө жай каралган.

• Студенттик үйлөр жуманын ичинде түнкү саат 23.00дө, жуманын аягында жана расмий майрам күндөрү саат 24.00дө жабылат. Эртең менен саат 06.00дө ачылат.

• Студенттердин сабакка жетишкендиктерине карата Студенттик үйлөрдөн орун берилет. Мындай көрүнүш студенттердин жакшы окушуна түрткү болот.

• Студенттердин сабакта активдүүлүгүн жогорулатуу максатында түрк дүйнөсүнүн улуттук

окуу жана маектешүү жайында жуманын ар бир күнүндө эртең менен акысыз тамак берилет.



• Күн сайын күндүз жана кечинде бардык бөлмөлөр текшерилип, тынчтыкты буза турган жагдайлардын алды алынып, орун алган техникалык мүчүлүштүктөр жоюлат.

• Кайгыруу, тынчсыздануу, стресс ж.б. көйгөйлөр жаралса, студенттер тийиштүү борборлорго кайрылышат.

• Студенттердин жашоосунун сапатын арттыруу үчүн жылуулук, ысык суу, муздак суу, жарык, тазалык ж.б. күн сайын текшерилет. Кандайдыр бир калпыстыктар болуп калса дароо жоюлат. Жыл сайын сырдоо, жалпы тазалоо, оңдоо жана бак-даракты дарылоо иштери жай мезгилинде (июль-август айларында) жүргүзүлүп, жатаканалар жаңы окуу жылына даярдалат.

• Жатаканалар күнүнө 2 жолу тазаланат. Тазалык кызматкерлери тарабынан жалпы тазалоо иштери айына бир жолу жүргүзүлөт. Студенттер өздөрүнүн бөлмөлөрүн күн сайын иреттешет, ал эми жатакананын кызматкерлери тазалыкты көзөмөлдөп турушат.

• Студенттердин саламаттыгы күнү-түнү көзөмөлдөнүп турат. Ооруп калган студенттер Ден соолук борборуна жиберилет. Кароого муктаж болгон студенттер атайын бөлмөлөргө сакайып кеткенче жайгаштырылат.

Жатаканага кабыл алуу:



Кыргыз-Түрк «Манас» университетине башка өлкөлөрдөн «Мевлана» же «Орхун» студент алмашуу программалары боюнча келип, Тил үйрөтүү курсунда окуган студенттерге эч кандай талап коюлбастан, жатаканадан орун берилет. Ал студенттер Тил үйрөтүү курсун бүтүргөндөн кийин сабак боюнча жетишкендиктерине карата жатаканага жайгаштырылат.

Баалоо системасы:

Кыргызстандык студенттер жана Тил үйрөтүү курсун бүтүргөн чет өлкөлүк студенттер жатаканада жашагысы келсе, жыл сайын май айында мүдүрлүктүн электрондук дарегине арыз жазышат. Бул арызда студенттин жашаган жеринен Бишкек шаарына чейинки аралык так көрсөтүлөт, жогорку окуу жайларда окуган бир туугандарынын саны, мурунку жылдагы коомдук эрежелерге ылайык мыкты жүрүш-турушу үчүн алган сыйлыгы же туура эмес жүрүш-турушу үчүн алган жазасы тууралуу маалымат камтылат. Ата-энесинин каза болгондугу, майыптыгы же ажырашкандыгы тууралуу маалымкат, орточо академиялык баллын көрсөткөн документ тиркелет. Өзгөчө Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин иш-чараларына активдүү катышкан студенттерге артыкчылык берилет.

Турак-жай акысы:

Студенттик үйлөрдүн бир айлык акысы төмөндөгүдөй:

Студенттик үйдүн А корпусу: 1500 сом (ай сайын)

• Студенттик үйдүн Б жана С корпустары: 1200 сом (ай сайын)

(Ар бир студенттен жылына 2500 сом депозит алынат. Эгерде студент студенттик үйдүн буюмдарын бүлүндүрсө, сындырса, анын акысын жатаканадан чыгып жатканда төлөйт).

Студенттин жатаканадан чыгарылышы:

Жатаканадан чыгарылган же өз ыктыяры менен кеткен студент адегенде каттоо учурунда алган буюмдарды толук жана бүтүн бойдон өткөрүп берет. Буюмдар кем же бүлүндүрүлгөн болсо, студент тарабынан калыбына келтирилет же анын депозитинен чегерилет.

Кир жуучу жана үтүктөөчү бөлмө:

Студенттик үйдүн А жана Б корпустарындагы кир жуучу жана үтүктөөчү бөлмөдө студенттердин бир килограмм кийими 25 сомдон жуулат. Эки аптада бир жолу шейшептери алмаштырылып турат. Ошондой эле студенттер кир жуучу жана үтүктөөчү бөлмөдөгү үтүктөрдү бекер колдоно алат. Жылдын этегинде бардык жүк жапкыч, жууркан, үстүңкү шейшеп, алдыңкы шейшеп, жаздык тыш, парда ж.б. жуулуп, кургатылып, кийинки жаңы окуу жылына даярдыктар көрүлөт. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин башка түзүмдөрүнө тиешелүү болгон желек, дасторкон, парда, алжапкыч, костюм ж.б. бекер жуулат.

Сабак окуучу бөлмө жана компьютер бөлмөлөрү:

• Сабак окуучу бөлмөлөр күнүнө саат: 08:30дан 24:00гө чейин, ал эми сынак тапшыруу мезгилинде түнкү саат 02:00гө чейин иштейт.

• Студенттик үйдүн А корпусунда 60 кишилик 5, Б корпусунда 100 кишилик 2 окуу бөлмөлөрү бар.

Теннис жана бильярд залы:

Студенттик үйдүн А корпусунун биринчи кабатында 2 теннис жана 1 бильярд столдору бар. Эгер студенттер оюн ойноону каалашса, ошол жерде иштеген студент менен бир убакытты белгилеп, акысын төлөп ойношот.

• Намазканалар:

Студенттик үйдүн А корпусунда кыздар жана эркектер үчүн 2 даана, Б корпусунда ортосу бөлүнгөн 1 намазкана орун алган;

• Кампалар:

Студенттик үйдүн А корпусунун жер төлөсүндө эркектер үчүн бир, 2-, 4- жана 5-кабатында кыздар үчүн үч; Б корпусунун биринчи кабатында кыздар жана эркектер үчүн бир кампа бөлмөсү орун алган. Студенттердин бөлмөлөрүнө батпай калган же колдонулбаган чемодан, сумка жана башка буюмдар катталып, кампага жайгаштырылат.

**67-таблица: Студенттик үйлөрдүн сыйымдуулугу**

| Бөлмөдөгү орундун саны | Сыйымдуулугу (бөлмө) | | | Бөлмөлөрдүн жалпы саны | Керебеттердин жалпы саны | Орундун толушу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 4 кишилик | 6 кишилик | 8 кишилик | | | |
| Студенттик үйдүн А корпусу (кыздар үчүн) | 59 | 40 | 0 | 99 | 476 | 100% |
| Студенттик үйдүн А корпусу (уландар үчүн) | 24 | 19 | 0 | 43 | 210 | 100% |
| Студенттик үйдүн Б корпусу (кыздар үчүн) | 52 | 0 | 0 | 52 | 208 | 100% |
| Студенттик үйдүн Б корпусу (уландар үчүн) | 10 | 19 | 13 | 42 | 258 | 100% |
| Студенттик үйдүн С корпусу (кыздар үчүн) | 0 | 39 | 0 | 39 | 234 | 100% |
| Студенттик үйдүн С корпусу (уландар үчүн) | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| **ЖАЛПЫ** | **146** | **116** | **13** | **275** | **1 386** | **100%** |

**Кызматкерлер жашаган турак-жайларды жана конок үйлөрүн иштетүү бөлүмү**

Кызматкерлер жашаган турак-жайларды жана конок үйлөрүн Студенттик үйлөр мүдүрлүгү көзөмөлдөйт. 2000-2001-окуу жылында жалпысынан 24 батир, б.а. 22 окутуучулар үчүн батирлер жана 2 даана конок бөлмөсү колдонулган.

2011-2012-окуу жылында 61 батирлүү кызматкерлер жашаган турак-жай колдонууга берилген. Студенттик үйлөр мүдүрлүгүнөн сырткары Конок үйлөрүн, кызматкерлер жашаган турак-жайларды жана коомдук тамактануу жайларын тейлөө мүдүрлүгү деп аталган жаңы бөлүм ачылган. Бир жылдан кийин ал борбор Конок үйлөрү жана кызматкерлер жашаган турак-жайларды көзөмөлдөө мүдүрлүгү деп аталышы өзгөртүлүп, 1 мүдүр, 2 кызматкер жана 2 кызматчы иштеп баштаган.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде 8 бөлмөлүү конок үйү жана 1 VİP конок бөлмөсү

орун алган. Ар бир бөлмөдө борбордук спутник антеннасы, телевизор, ысык суу, санариптик телеберүү бар.

Конок үйүндө эс алган коноктор университеттин ашкана, буфет ж.б. тамактана алышат. Конок үйүндө университеттин коноктору, окутуучулары, кызматкерлери жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү убактылуу жашай алат.

**68-таблица: Конок үйү**

| | Даана | Жабык аянт (м ²) | Сыйымдуулугу (адам) |
|---|---|---|---|
| Конок үйү | 6 | 676 | 28 |
| VİP конок үйү | 1 | 138.1 | 5 |
| **ЖАЛПЫ** | **7** | **814** | **33** |

Студенттик шаарчадагы 6.204,90 чарчы метр аянтта (5 имараттан турган 1+1, 2+1, 3+1 бөлмөлүү 61 батирлүү) кызматкерлер жашаган турак-жайлар орун алган. 2010-жылдан бери кызматкерлер бул турак-жайларда коопсуз жана ыңгайлуу шартта жашашат. Кызматкерлер 61 жана 24 батирлүү турак-жайларда, 9 кабаттуу имараттагы 3 батирде да жашашат. Жалпысынан 83 батир кызматкерлер тарабынан колдонулат.

**69-таблица: Кызматкерлер жашаган турак-жайлар**

| **Сыйымдуулугу** | **Бош эмес** | **Бош** | **Жабык аянт (м ²)** |
|---|---|---|---|
| 1 бөлмөлүү | 4 | | 132 |
| 2 бөлмөлүү | 9 | - | 578 |
| 3 бөлмөлүү | 35 | 2 | 2 866 |
| 4 бөлмөлүү | 25 | - | 2163 |
| 3 бөлмөлүү дуплекс | 3 | 1 | 358,4 |
| 4 бөлмөлүү дуплекс | 4 | - | 413,2 |
| **ЖАЛПЫ** | **80** | **3** | **6 510.6** |



#### 1.5.5.5. Тамак-аш менен тейлөө кызматы

Турмуш-тиричиликти тейлөө жана буфеттерди иштетүү мүдүрлүгү Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин студенттеринин, кызматкерлеринин жана окутуучуларынын пайдалуу, туура жана гигиена эрежелери сакталган шартта тамактанышын камсыз кылат. Бардык өндүрүштүк иш-чаралар Чыңгыз Айтматов атындагы студенттик шаарчада Турмуш-тиричиликти тейлөө жана буфеттерди иштетүү башкармалыгына караштуу ашканада ишке ашырылат. Студенттердин ашканасында студенттерге түшкү жана кечки тамак берилет. Бир ай мурун студенттердин мезгил шартына ылайыктуу туура жана жетиштүү тамактанышын камсыз кылган меню даярдалат. Менюда төмөндөгү азыктар бар: эт, тоок, балыктан жасалган тамаш-аш, ысык жана муздак тамактар, салаттар, таттуулар, мөмө-жемиштер ж.б. студенттер жана кызматкерлер үчүн бир нече буфетте тез татым (fastfood) да сатылат. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин буфеттери 2000-3000 кишиге чейин кардарды тейлейт. Буфетте даяр продукция, ундан жасалган таттуулар, ысык жана муздак суусундуктар, пиде, пицца, лахмажун, тост, таттуунун түрлөрү жана башка көп түрдүү азык-түлүктөр сатылат. Студенттер тез тамактанышы үчүн күндө эртең менен 08:00дөн кечки 23:00гө чейин суусундук жана башка азыктар сатылат. Алардын ар биринен үлгү алынып, жарактуулугу текшерилет жана 72 саат сактоо мөөнөтүнө көңүл бөлүнөт. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коомдук, маданий жана спорттук иш-чараларына активдүү катышкандарга зарыл болгон учурда кофе, чай, түшкү жана кечки тамак, котлета менен жасалган бутерброд, гамбургер, сэндвич жана башка берилет. Тамак-аш чөйрөсүндө иштегендер атайын униформа, мээлей жана баш кийим кийишет. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин технологдору жыл мезгилдерине карата зарыл болгон калорияларды эске алуу менен ай сайын меню даярдайт жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин веб-баракчасына жарыялайт.

**70-таблица: Тамак-аш менен тейлөө кызматы**

| Тамактангандар | Тамактануучулардын саны | |
|---|---|---|
| | 2020-жылы | 2021-жылы |
| Студент | 50 343 | 104 129 |
| Студент (стипендия алган) | | 4 079 |
| Окутуучу | 11 080 | 14 871 |
| Административдик кызматкер | 8 943 | 15 023 |
| Конок | 1 158 | 1.753 |



| 71-таблица: Буфеттерде төмөндөгүлөр сатылат | | |
|---|---|---|
| **Аталышы** | **2020** | **2021** |
| Самсы | 41280 | 68990 |
| Симит | 24000 | 31093 |
| Булочка | 8400 | 10765 |
| Кекс | 8645 | 11930 |
| Бөрек | 7605 | 6620 |
| Айран | 2779 | 2324 |
| Пицца | 2845 | 4170 |
| Пиде | 4982 | 7375 |
| Лахмажун | 3110 | 3880 |
| Тост | 6390 | 17090 |
| Сэндвич | | 4900 |
| Котлет | 7293 | 7775 |
| Салаттын түрү | 9261 | 6017 |
| Түрдүү кондитердик азыктар | 17354 | 19971 |

### 1.5.5.6. Коомдук, маданий жана көркөм өнөр кызматтары

Маданий-массалык иш-чараларды уюштуруу бөлүмүнүн көзөмөлү менен «Манастын кыздары» бий ансамбли, заманбап бий ансамбли, Кавказ бий ансамбли, «Дастан» комузчулар жана «Көөнөрбөс санжыра» бий ансамбли түрдүү программаларды даярдашат. Бул ансамблдер университеттин түрдүү факультет жана жогорку мектептеринде билим алып жатышкан шыктуу студенттерден (өз каалоосу менен) куралып, түрк дүйнөсүнүн музыкасынын коштоосу менен улуттук кийимдерди кийип бийлешкени жана хореографиясы менен өзүнө көңүл бурдурат. Бул ансамблдер иш-чараларга активдүү катышып, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин көркөм өнөрүнө салым кошот. Аталган ансамблдердин мүчөлөрү жергиликтүү жана чет өлкөдө уюштурулган фестивалдарга катышып, өнөрлөрүн көрсөтүп, Кыргыз-Түрк «Манас» университетин мыкты жактан таанытып келет. Бул иш-чаралар студенттердин ич ара мамилесин бекемдейт. Кыргыз-Түрк «Манас» университети тарабынан зарыл болгон улуттук кийимдер, музыкалык аспаптар, техникалык колдоо же башка керектүү нерселер менен камсыз кылынат.

Бул башкармалык Кыргыз-Түрк «Манас» университетиндеги бардык иш-чарага техникалык жардам көрсөтөт жана техниканы иштете турган адисти дайындайт. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде улуттук кийимдерди, мантияларды сактоочу жай бар.

| 72-таблица: Коомдук, маданий жана көркөм өнөр иш-чаралары | |
|---|---|
| **Датасы** | **Иш-чаранын аталышы** |
| 2021-жылдын март айынын беши | Калпак күнү |
| 2021-жылдын март айынын сегизи | Аялдардын эл аралык күнү |
| 2021-жылдын март айынын ону | Түркия Республикасынын Тышкы иштер министри Мевлют Чавушоглунун Кыргыз-Түрк «Манас» университетине иш сапары менен келиши |
| 2021-жылдын март айынын он тогузу | «Түрк дүйнөсүнүн өткөнү, бүгүнү жана келечеги» деп аталган симпозиум |

| | |
|---|---|
| 2021-жылдын март айынын жыйырма бири | Нооруз майрамы |
| 2021-жылдын апрель айынын ону | Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын башчысы Н. Билал Эрдогандын Кыргыз-Түрк «Манас» университетине иш сапары менен келиши |
| 2021-жылдын июнь айынын жыйырма сегизи | Бүтүрүү кечеси |
| 2021-жылдын сентябрь айынын тогузу | Комуз күнүндө «Дастан» комузчулар ансамблинин «Таң булбулу» күүсүн аткарышы |
| 2021-жылдын сентябрь айынын жыйырма үчү | Мамлекеттик тил майрамы |
| 2021-жылдын октябрь айынын он тогузу | 2021-2022-окуу жылынын ачылыш аземи (окутуучу жана административдик кызматкерлерге) |
| 2021-жылдын октябрь айынын жыйырмасы | 2021-2022-окуу жылынын ачылыш аземи (студенттерге) |
| 2021-жылдын октябрь айынын жыйырма экиси | Кечки концерт |
| 2021-жылдын октябрь айынын жыйырма үчү | «Дастан» комузчулар ансамбли, «Манастын кыздары» бий ансамбли, ТРТ музыка каналы тарабынан «Түрк дүйнөсүнүн ар башка аймактарындагы тембрлер» деп аталган тасманы Ала-Арча улуттук табият паркында тартуу |
| 2021-жылдын октябрь айынын жыйырма төртү | «Дастан» козмузчулар ансамбли, «Манастын кыздары» бий ансамбли, ТРТ музыка каналы тарабынан «Түрк дүйнөсүнүн ар башка аймактарындагы тембрлер» деп аталган тасманы «Супара» этнокомлексинде тартуу |
| 2021-жылдын ноябрь айынын жыйырма төртү | Спорт илимдери факультетинин ант берүү аземи |
| 2021-жылдын ноябрь айынын жыйырма беши | Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн жолугушуу кечеси |
| 2021-жылдын ноябрь айынын жыйырма алтысы | Гебзе техникалык университетинин ректору жана текшерүү комиссиясы үчүн уюштурулган концерт |
| 2021-жылдын декабрь айынын экиси | КТМУнун 25 жылдыгына арналган салтанат |
| 2021-жылдын декабрь айынын он үчү | «Сармерден» кыз-жигит айтышы |
| 2021-жылдын декабрь айынын жыйырма беши | Коомдук жоопкерчилик долбоорунун алкагында «Гүлзар» кыздар борбору үчүн жаңы жылдык майрамдын алкагында уюштурулган салтанат |




### 1.5.5.6.1. Студенттик кеңеш

Студенттик кеңеш студенттер менен университеттин жетекчилигинин ортосундагы байланышты бекемдейт, студенттердин окуу жайды башкарууга активдүү катышуусун камсыз кылат. Студенттик кеңештин өкүлдөрү академиялык түзүмдөрдүн, башка бөлүмдөрдүн көйгөйлөрүн, сунуштарын Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин чогулуштарында университеттин жетекчилерине билдирип турушат. Студенттик кеңеш студенттик шаарчанын ажырагыс бөлүгү. Бул кеңеш студенттердин өнүгүшүнө, топ болуп иштөөнү үйрөнүшүнө, илимий, коомдук, маданий жана спорт жаатындагы керектөөлөрүн канааттандырууга, сабактан сырткары иш-чараларды уюштурууга көмөк көрсөтөт. Студенттик кеңеш Эл аралык студенттер координаторлугу, Студенттик клубдар, Студенттер жана бүтүрүүчүлөр менен иш алып баруу бөлүмү менен кызматташат.

### 1.5.5.6.2. Ар башка улуттардын өкүлдөрүнөн турган студенттердин координаторлугу

Бул координаторлук Кыргыз-Түрк «Манас» университетиндеги ар башка улуттагы студенттердин сапаттуу билим алышын, социалдык, маданий жана спорттук иш-чараларга катышышын, ар башка улуттун маданияты менен таанышуусун колдойт жана окууну бүтүргөндөн кийин Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ыктыярдуу элчиси катары иштеп кетишине салым кошот.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ичинде жана сыртында студенттердин кызыкчылыгын бир гана Студенттик кеңеш жактайт. Студенттик клубдар студенттик шаарчанын ажырагыс бөлүгү. Студенттик клубдар студенттердин өнүгүшүнө, топ болуп иштөөнү үйрөнүшүнө, илимий, коомдук, маданий жана спорт жаатындагы керектөөлөрүн канааттандырууга, сабактан сырткары иш-чараларды уюштурууга көмөк көрсөтүү максатында түзүлгөн. 2021-2022-окуу жылында Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде жалпы 37 клуб бар.





**73-таблица: Студент клубдары жана анын мүчөлөрүнүн саны**

| № | Клубдун аталышы | Мүчөлөрдүн саны |
|---|---|---|
| 1 | «Туризм» клубу | 15 |
| 2 | «Энактус» клубу | 0 |
| 3 | «Театр» клубу | 12 |
| 4 | «Эл аралык мамилелер» клубу | 38 |
| 5 | Кыргыз тилинде «Манас» дебат клубу | 150 |
| 6 | Орус тилинде «Манас» дебат клубу | 140 |
| 7 | «Экономика» клубу | 22 |
| 8 | «ТамаШака» клубу | 15 |
| 9 | «Коомдук байланыш жана жарнама» клубу | 10 |
| 10 | «Биота» экология клубу | 30 |
| 11 | «Философия» клубу | 15 |
| 12 | «Ак ниет» кайрымдуулук клубу | 50 |
| 13 | «Жаңырык» адабият клубу | 12 |
| 14 | «Лыжа» клубу | 5 |
| 15 | «AIESEC» клубу | 0 |
| 16 | «Жеке инсандык өнүгүү» клубу | 60 |
| 17 | «Орто Азия философиясы» клубу | 10 |
| 18 | «Химия» клубу | 24 |
| 19 | «Дамла» ыктыярдуулук клубу | 25 |
| 20 | «Альпинизм, издөө, куткаруу жана биринчи жардам көрсөтүү» клубу | 10 |
| 21 | «Түрк дүйнөсүнүн ой жүгүртүшү» клубу | 10 |
| 22 | «Англис тилинде сүйлөшүү» клубу | 36 |
| 23 | «Ойлоншоу» интеллектуалдык клубу | 52 |
| 24 | «Манас» велосипед клубу | 10 |
| 25 | «Агро өнүгүү» клубу | 7 |
| 26 | «Музыка» клубу | 10 |
| 27 | «Жаныбарларды сүйүүчүлөр» клубу | 10 |
| 28 | «Жаш лидерлер» клубу | 20 |
| 29 | «Жаштар долбоору» клубу | 24 |
| 30 | «Жаш маркетологдор» клубу | 20 |
| 31 | «Манас» көркөм өнөр клубу | 4 |
| 32 | «Компас» клубу | 10 |
| 33 | «Орусча сүйлөгүм келет» коому | 400 |
| 34 | «Компьютер илими» коому | 46 |
| 35 | «Электрондук лаборатория» коому | 20 |
| 36 | «Эмпатия» коому | 15 |
| 37 | «Социология» коому | 25 |
| 38 | «Орто Азиянын тарыхы» коому | 60 |
| 39 | «Келгиле, түркчө сүйлөшөлү» клубу | 450 |

**74-таблица: Студенттик клубдардын иш-чаралары**

| Клубдун аталышы | Аткарылган иш-чаралар | Түшүндүрмө |
|---|---|---|
| Индивидуалдык өнүгүү | «Бүгүнкү студент» конкурсу | 2021-жылдын ноябрь айынын жыйырма экисинде Коммуникация факультетинин имаратындагы А-202-конференц-залында уюштурулду |
| | Интеллектуалдык оюн | 2021-жылдын декабрь айынын жыйырма биринде Касым Тыныстанов атындагы конференц-залында уюштурулду |
| | Буранага саякат | 2022-жылдын февраль айынын он тогузунда уюштурулду |
| | Китеп окуу конкурсу | 2021-жылдын декабрь айынын жыйырма бешинде Экономика факультетинин А-203-конференц- залында уюштурулду |
| | «Аутизмден чемпиондукка» деп аталган семинар | 2022-жылдын февраль айынын жыйырма бешинде уюштурулду |
| | Түз эфир | 2022-жылдын январь айынын жыйырма төртүндө Инстаграмда ишке ашты |
| | Пол жуугучтарга жардам берүү | 2021-жылдын декабрь айынын төртү |
| | «Индивидуалдык өнүгүү – жакшы адаттарды үйрөнүү» деп аталган семинар | 2021-жылдын ноябрь айынын отузунда Коммуникация факультетинин имаратындагы А-203-конференц-залында уюштурулду |
| | Өзүн-өзү өнүктүрүү марафону | 2022-жылдын март айынын 9унан 31ине чейин онлайн уюштурулду |
| | «Жеке өнүгүү коомунун тогуз жылдыгы» деп аталган концерт | 2022-жылдын март айынын он биринде Коммуникация факультетинин имаратындагы А-202-конференц-залында уюштурулду |
| | Китеп окуу конкурсу («Узак жол» чыгармасы) | 2022-жылдын апрель айынын жыйырма үчүндө Туризм факультетинин имаратынын А-201-, А-205-конференц-залдарында уюштурулду |
| Ойлоншоу | «Сандар сүйлөйт» интеллектуалдык конкурсу | 2021-жылдын ноябрь айынын он биринде Коммуникация факультетинин имаратындагы А-203-конференц-залында уюштурулду |
| | Концерт | 2021-жылдын ноябрь айынын он бешинде Касым Тыныстанов атындагы конференц-залда уюштурулду |
| | Интеллектуалдык оюн | 2021-жылдын декабрь айынын үчүндө Касым Тыныстанов атындагы конференц-залда уюштурулду |
| | «Айтматов дүйнөсү» интеллектуалдык оюну | 2021-жылдын декабрь айынын он жетисинде Коммуникация факультетинин имаратындагы А-203 конференц-залында уюштурулду |
| | «Жаңы жыл интеллектуалдык конкурсу | 2021-жылдын декабрь айынын жыйырма тогузунда Коммуникация факультетинин имаратындагы А-203 конференц-залында уюштурулду |
| | Түз эфир. Алып баруучу Кененбаева Элиза | 2022-жылдын январь айынын жыйырма экисинде Инстаграм баракчасы аркылуу |
| | Түз эфир. Алып баруучу Шамбетов Токтосун | 2022-жылдын январь айынын жыйырма  тогузунда Инстаграм аркылуу |
| | «Азиянын арстандары» интеллектуалдык конкурсу | 2022-жылдын февраль айынын жыйыра бешинде Касым Тыныстанов конференц-залында уюштурулду. |
| | Буранага саякат | 2022-жылдын февраль айынын он тогузунда уюштурулду |
| | «Эки дүйнө» деп аталган ыр окуу конкурсу | 2022-жылдын март айынын он бешинде А-209- конференц-залында уюштурулду |
| | «Жеке тарых» интеллектуалдык оюну | 2022-жылдын март айынын он төртүндө Коммуникация факультетинин имаратындагы А-202-конференц-залында уюштурулду |

| | | |
|---|---|---|
| | «Кытай мамлекети, спорт жана фильм» деп аталган интеллектуалдык оюн | 2022-жылдын март айынын он сегизинде уюштурулду |
| | Китептерден суроолор эрудиция конкурсу | 2022-жылдын май айынын он үчүндө Туризм факультетинин имаратынын А-201-конференц-залында уюштурулду |
| | Интеллектуалдык оюн | 2022-жылдын апрель айынын жыйырма экисинде Касым Тыныстанов атындагы конференц-залда уюштурулду |
| | Жылды жыйынтыктоо аземи | Коммуникация факультетинин имаратындагы А-203-конференц-залында уюштурулду |
| Кыргыз тилиндеги «Манас» дебат клубу | Ынтымак конкурсу | 2021-жылдын ноябрь айынын жыйырма жетисинде Экономика факультетинин имаратынын 313-, 316-, 317-, 318-, 319-, 413-, 416-, 417-, 418-аудиторияларында уюштурулду |
| Жаңырык | Улуттук адабият күнү | 2021-жылдын декабрь айынын он үчүндө Экономика факультетинин имаратындагы А-201-конференц-залында уюштурулду |
| | Семинар. Алып баруучу Аскаров Акжолтой | 2022-жылдын февраль айынын жыйырма биринде Касым Тыныстанов атындагы конференц-залда уюштурулду |
| | Китеп окуу жумасы | 2022-жылдын 28-апрелинен 10-майына чейин бакчадагы чайханада уюштурулду |
| | Жылды жыйынтыктоо аземи | 2022-жылдын май айынын жыйырма сегизинде бакчадагы чайханада уюштурулду |
| Келгиле, түркчө сүйлөшөлү | Акысыз Осмон тили сабактары | 2022-жылдын 26-27-февралынан баштап ар аптанын соңунда эки күн болду |
| | Араб тили сабактары | 2022-жылдын 26-февралынан 1-июнуна чейин уюштурулду |
| | Жылды жыйынтыктоо аземи | 2022-жылдын май айынын жыйырма сегизинде Коммуникация факультетинин имаратындагы А-203-конференц-залында уюштурулду |
| «Манас» көркөм өнөр | Көргөзмө | 2021-жылдын декабрь айынын тогузунда «Ретро кече» көргөзмөсү уюштурулду |
| Биота | Эко фильм | 2021-жылдын декабрь айынын онунда Коммуникация факультетинин имаратындагы кинозалда көрсөтүлдү |
| | Батареянын коомго таасири | Ар бир факультеттин биринчи кабатында кутулар коюлду |
| | Экология менен гармонияда болуу иш-чарасы | 2022-жылдын апрель айынын жыйырма сегизинде жаңы спорт аянтында йога менен машыгышты |
| | Эко активизм деп аталган семинар | 2022-жылдын март айынын жыйырма экисинде Инженерия факультетинин №412 аудиториясында уюштурулду |
| Жаш маркетологдор | Семинар. Алып баруучу Мухамед Улан | 2021-жылдын декабрь айынын онунда Экономика факультетинин имаратындагы №А-201 конференц-залында уюштурулду |
| | Семинар. Алып баруучу Абдылдаев Нурбек | 2022-жылдын январь айынын отузунда гугл миит (Google Meet) платформасы аркылуу уюштурулду |
| | Семинар | 2022-жылдын апрель айынын биринде Коммуникация факультетинин имаратындагы № 107 кинозалында уюштурулду |
| | Тез жазуу марафону | 2022-жылдын 15-апрелинен 6-майына чейин уюштурулду |
| Дамла | Карылар жана майыптар үчүн концерт, жардам берүү | 2022-жылдын январь айынын тогузунда уюштурулду |

| | | |
|---|---|---|
| Электрондук лаборатория | «Салымбеков» университетине баруу | 2022-жылдын февраль айынын жыйырма бешинде уюштурулду |
| | Семинар | 2022-жылдын март айынын тогузунда Касым Тыныстанов атындагы конференц-залда уюштурулду |
| | Онлайн семинар | 2022-жылдын март айынын он алтысында ректораттын имаратындагы конференц-залда уюштурулду |
| | Коомго таанытуу иш-чарасы | 2022-жылдын апрель айынын сегизинде башкы имараттагы чогулуш залында уюштурулду |
| | Семинар | 2022-жылдын апрель айынын он алтысында Экономика факльтетинин имаратындагы 323-аудиторияда уюштурулду |
| | «Ишкердиктин алгачкы кадамдары» деп аталган семинар | 2022-жылдын апрель айынын жыйырма жетисинде Касым Тыныстанов атындагы конференц-залда уюштурулду |
| Экономика | Семинар. Алып баруучу Казыбеков Ысхак | 2021-жылдын декабрь айынын он бешинде Коммуникация факультетинин имаратындагы А-202-конференц-залында уюштурулду |
| | Семинар. Алып баруучу Кубатбеков Тынчтык | 2022-жылдын февраль айынын жыйырма сегизинде Экономика факультетинин имаратындагы А-201-конференц-залында уюштурулду |

### 1.5.5.6.3.Ишкерлер чөйрөсү жана коомчулук менен байланышr



Жаңычыл жана демилгелүү университет болуу максатында ишкерлер чөйрөсү менен күчтүү жана эки тарапка тең пайдалуу болгон байланыштар, бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болушун кыйла жеңилдеткен жолдор изделип жатат. Бул жаатта билим берүүгө, илимий-изилдөөгө байланыштуу долбоорлорду иштеп чыгуу жана тийиштүү сектордун өкүлдөрүнүн бул долбоорлорго катышуусун камсыздоо, долбоорлордун натыйжалары тууралуу ишкерлер дүйнөсүнө маалымат берүү максаты көздөлөт. Бул иш-чаралар университеттин жаңы ресурстар менен камсыз болушуна жана бүтүрүүчүлөрдүн бул секторлордо оңой иш табышына шарт түзөт.



Улуттук, эл аралык бейөкмөт уюмдар жана ишкерлер чөйрөсү менен түзүлгөн кызматташтыктын натыйжасында университеттин ишкерлер чөйрөсү менен байланыштары бекемделип, коом артыкчылык берген керектөөлөргө жараша билим берүү багыттары аныкталып, окуу программалары жаңыланууда.

Мындан сырткары ишкерлер чөйрөсү менен муктаж болгон тармактар боюнча биргелешкен долбоорлорду иштеп чыгуу, кеңеш берүүчү кызмат көрсөтүү, кызматкерлердин билимин жогорулатууга багытталган кыска жана атайын курстарды уюштуруу, коомдун Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин бардык имараттарын, лабораторияларын жана жабдыктарын оңой колдонушуна шарт түзүү боюнча иштер аткарылат. Мындай иш-аракеттердин негизинде студенттердин өндүрүштүк практикадан өтүшүнө жана бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болушуна шарттар түзүлөт, университет менен ишкерлер чөйрөсүнүн ортосунда маалымат жана тажрыйба алмашуу жүрөт.

Факультеттер жыл сайын өткөргөн «Карьера күнүндө» студенттер ишкердик тууралуу маалымат ала алышат. Муну менен бирге ишкерлер чөйрөсү менен мамилени бекемдөө

максатында факультеттер жана административдик түзүмдөр уюштурган семинарларга ишкерлер чөйрөсүнөн өкүлдөр чакырылат.

#### 1.5.5.6.4. Коомго кызмат кылуу, коом алдындагы жоопкерчилик

Кыргыз-Түрк «Манас» университети коомчулукка кызмат көрсөтүү иш-аракеттеринин алкагында окуу жайды таанытуу жана байланыш түзүү максатында мекемелерге жана уюмдарга барып, коомдук, маданий, көркөм өнөр жана спорттук иш-чаралар уюштурулат.

Ветеринария факультетинин фирмаларга же башка мекемелерге өткөргөн семинарын мисал катары айтсак болот. Муну менен бирге Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде бөдөнө багуу жана эт азыктарын текшерүү иши улантылууда. Өзгөчө клиникалык кызматтар көрсөтүлөт, студенттердин өндүрүштүк практикадан өтүү мүмкүнчүлүктөрү кеңейет жана жергиликтүү мал чарбачылыкка салым кошулат. 2019-жылы 1195 жаныбарга ветеринардык жардам көрсөткөн Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин клиникасында 2020-жылы пандемиядан улам 395 жаныбар гана дарыланган. 2021-жылы 490 жаныбарга жардам көрсөтүлгөн. Болжол менен кайрылгандардын 10%дан ашыгы башка клиникалардан келет. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин клиникасы жол кырсыгына кабылган же ууланган ж.б. жаныбарларга жардам көрсөтөт.





#### 1.5.5.6.5. Сыйлыктар

75-таблица: Сыйлыктар

| Бөлүм | Сыйлык алган кишинин аты-жөнү | Сыйлыктын аталышы | Сыйлык берген мекеме |
|---|---|---|---|
| Көркөм өнөр факультети | Доц. Анарбек Ибраев | Мамлекеттик сыйлык | Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров тапшырды |
| | Ага окутуучу Тиленчиев Карагул | Мамлекеттик сыйлык | Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров тапшырды |
| | Ага окутуучу Жумакунов Рысбек | Мамлекеттик сыйлык | |
| | Ага окутуучу Бадахшанова Айтбүбү | Адистиги жана билим берүүнүн өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| | Окутуучу Айша Саралаева | Адистиги жана билим берүүнүн өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн | |
| | Ага окутуучу Тыналиева Гүлмира | Коомго, кыргыз маданиятына кошкон салымы үчүн | |
| | Ага окутуучу Бадахшанова Айтбүбү | | «Беш верен» эл аралык жардам көрсөтүү фонду |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Ага окутуучу Мамбетова Бурул | | Кыргыз Республикасынын ТМЖ коомдук фонду, Түркия Республикасынын «Анкара маданияты» клубу |
| | Ага окутуучу Калмуратов Илимбек | Мамлекеттик сыйлык | Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр тапшырды |
| | Ага окутуучу Мендебайыров Назым | Мамлекеттик сыйлык | Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров тапшырды |
| | Ага окутуучу Кулманбетов Жаныш | Мамлекеттик сыйлык | Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров тапшырды |
| Гуманитардык факультет | Проф., докт. Акматали Алимбеков | Билим берүүнүн жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү |
| | Проф., докт. Йылмаз Күршад | Билим берүүнүн жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү |
| | Проф., докт. Алимбеков Акматали | «Кыргызстандын билим берүү системасы» деп аталган монографиясы үчүн «Рух-Бейне» сыйлыгы | Эл аралык искусство академиясы |
| Табигый илимдер факультети | Проф., докт. Курманбекова Гүлбүбү | Ардак грамота | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| | Проф., докт. Аслан Али | | |
| | Доц., илимдин кандидаты Иманбердиева Назгүл | | |
| | Доц., илимдин кандидаты Алтынташ Исмет | | |
| | Аданбаева Назгүл | | |
| Табигый илимдер ф-тети | Доц., илимдин кандидаты Матанова Калыскан | Ардак грамота | |
| | Акматбекова Азат | Ардак грамота | |
| Инженерия факультети | Проф., докт. Акташ Нахит | Кыргыз Республикасында билим берүү тармагында жемиштүү эмгеги, жаш муундарды тарбиялоого кошкон зор салымы, кесипкөйлүгү жана активдүү коомдук иш-чараларга катышканы үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасы берилген. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши |
| Туризм факультети | Ага окутуучу Турдубекова Сапаргүл | | Квалификациялуу адистерди даярдоого кошкон салымы үчүн |
| Китепкана жана иш кагаздары башк-лыгы | Өмүралиев Талант | Көптөгөн жылдар бою үзүрлүү эмгеги, жаш муундарды тарбиялоодогу жетишкендиктери жана билим берүүгө кошкон салымы үчүн | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| | Ынакбеков Максатбек | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Спорт илимдери факультети | Проф., докт. Түркмен Мехмет | Дене тарбия жана спортко кошкон салымдары үчүн | Экинчи ФИА дүйнөлүк туруктуулук чемпионатынын (WEC) салттуу спорт сыйлыгы |
| | Проф., докт. Түркмен Мехмет | | |
| | Проф., илимдин доктору Жанузаков Канат | | |
| | Доц., илимдин дктору Түркчапар Үнал | | Дене тарбия жана спортко кошкон салымы үчүн |
| Чет тилдер жогорку мектеби | Мамадиев Аскатбек | Министрликтин кызматкерлери менен кызматташтыгы үчүн | Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги |
| | Токтоналиева Кыял | Билим берүүгө кошкон салымы үчүн | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана министрлиги |
| | Илимдин кандидаты Токтоналиева Алтынай | Эгемберди Эрматовдун чыгармаларын өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн | Эгемберди Эрматов атындагы элдик фонду |
| | Илимдин кандидаты Токтоналиева Алтынай | Билим берүүгө кошкон салымы үчүн | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| Коммуникация факультети | Доц. Молдосеит Мамбетакунов; Ага окутуучу Мамбеталиев Стамбулбек | Көчмөндөр оюну | Эл аралык спорт кинофестивалы Красногорский, Россия |
| Экономика жана башкаруу факультети | Доценттин милдетин аткаруучу, докт. Нажимудунова Сейил | Ыраазычылык каты | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| | Доценттин милдетин аткаруучу, докт. Максудунов Азамат | Ыраазычылык каты | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| | Доценттин милдетин аткаруучу, докт. Сулайманова Бурулча | Ыраазычылык каты | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы | Азамат кызы Асел | Кыргыз маданиятына жана искусствосуна кошкон салымы үчүн | Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги |
| | Губайдуллина Гүлфия | Саламаттыкты сактоо системасын өнүктүрүүгө кошкон салымы жана кесиптик ишмердүүлүгү үчүн | Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги |
| | Асакеева Анара | Саламаттыкты сактоо системасын өнүктүрүүгө кошкон салымы жана кесиптик ишмердүүлүгү үчүн | Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги |
| | Абдуллаева Райхан | Саламаттыкты сактоо системасын өнүктүрүүгө кошкон салымы жана кесиптик ишмердүүгү үчүн | Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги |
| | Абдуллаева Райхан | Саламаттыкты сактоо системасын өнүктүрүүгө кошкон салымы жана кесиптик ишмердүүгү үчүн | Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги |



Спорт илимдери факультетинин студенти Анарбекова Айжан Финляндиядагы Дүйнө кубогунда алтын, күмүш жана коло медаль алды.



Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору проф., докт. Жейлан Алпасланга Кыргыз Республикасынын «Эркин-Тоо» мамлекеттик расмий гезитинин 30 жылдык юбилейине карата «Жылдын ректору» наамы ыйгарылды.



«Эркин-Тоо» мамлекеттик расмий гезити 2021-жылдын декабрь айынын жыйырма бешинде уюштурган иш-чарага мамлекеттин жана өкмөттүн өкүлдөрү, элчилер, дипломаттар, мамлекеттик кызматкерлер, агартуучулар, искусство адамдары, коомдук лидерлер, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана коомдун ар кандай катмарынын өкүлдөрү катышты.




Казакстандын Маданият жана спорт министри Раимкулова Актоты тарабынан Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору проф., докт. Жейлан Алпасланга кыргыз жана казак элинин маданиятына кошкон салымы үчүн ыраазычылык каты берилди.

Абдылас Малдыбаев атындагы кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрында 2021-жылдын октябрь айынын сегизинде уюштурулган иш-чарага Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Иманалиев Кайрат да катышты.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (КТМУ) Коммуникация факультетинин окутуучусу, режиссёр Сүйүндүков Артыкбайдын «Шамбала» фильми Лос-Анджелес шаарында сыйлыкка ээ болду. «Шамбала» фильми Лос-Анджелес шаарында уюштурулган Азия кинолорунун дүйнөлүк фестивалында көрүүчүлөрдүн жактыруу сыйлыгына ээ болду.



Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Чет тилдер жогорку мектебинин Чет тилдер бөлүмүнүн Кыргыз тили координатору, акын, котормочу Исмаилов Алтынбек үстүбүздөгү жылы жарык көргөн «Агыш түн» деп аталган ыр жыйнагы үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзу тарабынан «Алтын калем» сыйлыгына татыктуу болду.

### 1.5.5.7. Спорт жаатындагы кызмат

**76-таблица: Спорт курулуштары**

| Курулуштар | Саны (Даана) | Аянты (м ²) |
|---|---|---|
| Ачык асман алдындагы спорт курулуштары | 2 | 19 965,00 |
| Жабык спорт курулуштары | 1 | 3 489,70 |
| **Жалпы** | **3** | **23 453,70** |

**77-таблица: Спорт аянттарынын бөлүштүрүлүшү**

| Спорт аянттары | Саны | Аянты (м ²) |
|---|---|---|
| Футбол аянты | 2 | 9 027,8 |
| Баскетбол аянты | 3 | 1 822,19 |
| Волейбол аянты | 2 | 593,33 |
| Теннистик корт | 1 | 820 |
| Гимнастика залы | 1 | 180 |
| Тосколдуктар менен чуркоо үчүн тегеретме | 2 | 5 564,25 |
| Саламаттык жана реабилитация залы | 1 | 36,88 |
| Фитнес залы | 1 | 141,96 |
| Бокс залы | 1 | 168 |
| Дзюдо, самбо залы | 1 | 187 |
| Таеквондо залы | 1 | 96,8 |
| **Жалпы** | **16** | **18 638,15** |

**78-таблица: Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин спорттук иш-чаралары**

| Иш-чаранын аталышы | Спорттун түрү | Датасы |
|---|---|---|
| «Жеңиш майрамынын 75 жылдыгынын алкагында уюштурулган XI спорт оюндары» турнири | КТМУнун студенттеринин арасында шахмат боюнча турнир | 2021-жылдын февраль айынын 10-12си |
| Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин 25 жылдыгынын алкагында уюштурулган профессор-окутуучулук курам жана административдик кызматкерлердин арасындагы «тогуз коргоол» боюнча турнир | Тогуз коргоол | 2021-жылдын март айынын 19-20сы |
| Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин 25 жылдыгынын алкагында уюштурулган «Эл аралык мангала турнири» | Мангала | 2021-жылдын 15-май айы |
| Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына жана 19-майда Ататүрктү эскерүү күнүнө карата жаштар жана спорт майрамынын алкагында уюштурулган Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин «Эл аралык тогуз коргоол турнири» | Тогуз коргоол | 2021-жылдын 19-май айы |

**79-таблица: Кыргыз-Түрк «Манас» университетинен башка спорттук иш-чаралар**

| Спорттун түрү | Уюштурулган жер | Датасы | Сыйлык/ Жетишкендиги |
|---|---|---|---|
| КТМУ. Баскетбол боюнча эркектер арасындагы команда | Кыргыз Республикасынын чемпионаты / Бишкек | 2020-жылдын ноябрь айы-2021-жылдын февраль айы | 4-орун |
| Самбо боюнча Каныбеков Арлен (62 кг) | Кыргыз Республикасынын чемпионаты / Бишкек | 2020-жылдын февраль айы | 3-орун |
| Кыргыз күрөш / Курманбеков Тыныстан | Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын (КМДТСА) чемпионаты / Бишкек | 2021-жылдын март айынын он үчү | 3-орун |
| Волейбол / Батырбекова Айдана | Кыргыз Республикасынын чемпионаты / Бишкек | 2021-жылдын апрель айы | 1-орун |
| Стол тенниси / Тилемиш уулу Жанболот | Кыргыз Республикасынын чемпионаты / Бишкек | 2021-жылдын апрель айы | 2-орун |
| Дзюдо / Рыскулбекова Аяна (52 кг) | Кыргыз Республикасынын чемпионаты / Бишкек | 2021-жылдын май айы | 3-орун |
| Дзюдо / Качкынбекова Аземи (63 кг) | Кыргыз Республикасынын чемпионаты / Бишкек | 2021-жылдын май айы | 3-орун |
| Дзюдо / Медетбек кызы Мираида (70 кг) | Кыргыз Республикасынын чемпионаты / Бишкек | 2021-жылдын май айы | 3-орун |
| КТМУ. Баскетбол (кыздар арасында) | Эл аралык Ысык-Көл спорт оюндары / Чолпон-Ата | 2021-жылдын сентябрь айынын 6-10у | 2-орун |
| Баскетбол 3х3 / Абдыракманов Алмаз | Эл аралык Ысык-Көл спорт оюндары / Чолпон-Ата | 2021-жылдын сентябрь айынын 6-10у | Грамота |
| КТМУ. Футбол командасы | Кыргыз Республикасынын студенттеринин арасында Бишкекте студенттердин спорт күнүнө арналган турнир | 2021-жылдын октябрь айынын 21-23ү | 3-орун |
| Күрөш / Нурлан уулу Ратбек | KSAFCIS спорт клубунун чемпионаты / Бишкек | 2021-жылдын октябрь айынын 17-18и | 2-орун |
| Күрөш / Жеткинбек уулу Субан | KSAFCIS спорт клубунун чемпионаты / Бишкек | 2021-жылдын октябрь айынын 17-18и | 2-орун |
| Күрөш / Чолпонбай уулу Мырзакан | KSAFCIS спорт клубунун чемпионаты / Бишкек | 2021-жылдын октябрь айынын 17-18и | 3-орун |
| Тогуз коргоол / Сманов Миран | Кыргызстандын жаштар арасындагы чемпионаты / Бишкек | 2021-жылдын ноябрь айынын 5-9у | 2-орун |

### 1.5.5.8. Китепкана кызматтары

1998-жылдан бери иштеп жаткан китепкана замандын талабына шайкеш жана эл аралык стандартка ылайык маалымат булактары менен камсыз болуп турат. Китепкананын максаты ар кыл багытта эмгектенген илимпоздордун, кенже илимий кызматкерлердин жана студенттердин окуу-тарбия, илимий изилдөө иштерине байланыштуу жалпы же маданий муктаждыктарын канааттандыруу болуп саналат. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин китепканасы жардам катары келген же сатылып алынган булактар менен күндөн-күнгө толукталууда. КТМУнун китепканасынын базасында 89.626 даана китеп, мезгилдүү басма сөз каражаттары, аудио-видео материалдар, дипломдук, диссертациялык иштер жана электрондук китептер бар.

**80-таблица: Китепканалардагы китептер**

| | Жалпы китептин саны | Окурман сыйымдуулугу (киши) | Колдонулган аянты (м ²) |
|---|---|---|---|
| Борбордук китепкана | 32 412 | 82 | 680,41 м ² |
| Тил үйрөтүү курсунун окуу залы | 36 626 | 159 | 476,2 м ² |
| Проф. Азиз Санжар атындагы китепкана | 13 268 | 120 | 491,18 м ² |
| Жактоочу Жейлан Бахаттин атындагы окуу залы | 4257* | 48 | 153,5 м ² |
| Проф., илимдин доктору Мокеев Анварбек атындагы окуу залы | 3063* | 40 | 151,3 м ² |
| **ЖАЛПЫ** | **89 626** | **449** | **1952,6 м ²** |

* Жаңы китептер каттоо менен алынат

2021-жылдын февраль айынан баштап студенттик шаарчанын сыртында да колдонууга мүмкүн болгон Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин «Ветис (VETİS) – маалымат базасы жана статистика системасы» иштеп баштаган.

2021-жылдын февраль айында Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин китепканасы тарабынан иштелип чыккан «Түркстан жыйнагы» маалымат базасы (http://ts.manas.edu.kg/), Орто Азия жана Сибирь жеке маалыматтык тейлөө интернет архиви долбооруна кошулган (https://fid-cassib.de/en/data-base-kyrgyzstan/libraries-and-col- lections/). Орто Азия жана Сибирь жеке маалыматтык тейлөө интернет архиви долбоору Германиянын мамлекеттик жана Гёттинген университетинин китепканалары, Германия илим изилдөө фонду тарабынан ишке ашырылат. “Түркстан жыйнагынын” Орто Азия жана Сибирь жеке маалыматтык тейлөөгө кошулушу Китепкана жана иш кагаздары башкармалыгынын долбоор менен кызматташтыгынын жыйынтыгында ишке ашырылды. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин китепканасы тарабынан 2016-жылы түзүлгөн «Түркстан жыйнагынын» маалымат базасында XVIII кылымдын экинчи жарымынан XX кылымдын биринчи жарымына чейин Орто Азияда жашаган түрк элинин тарыхын камтыган 594 томдук тарыхый булак бар. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин китепканасынын кызматкерлери тарабынан бул жыйнактагы 17941 макала, «Йордам китепкана автоматташтырылган системасына» катталып, изилдөөчүлөргө сунушталган.

2021-жылдын июль айында ректор проф., илимдин доктору Жейлан Алпасландын жеке менчик китепканасынан 2.253 даана жана 33 түрдүү мекемеден 2.783 даана китеп, т.а. жалпысынан 5.150 даана китеп Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин китепканасына берилген.

2021-жылдын сентябрь айында Экономика жана башкаруу факультетинин имаратында 33 текчелүү жана 48 орундуу Жактоочу Жейлан Бахаттин атындагы окуу залы иштеп баштаган. Аталган китепканада жалпы 4257 даана китеп бар.

2021-жылдын декабрь айында Коммуникация факультетинин имаратында 22 даана текчеден турган жана 40 орундуу проф., илимдин доктору Анварбек Мокеев атындагы окуу залы ачылган. Китепканада жалпысынан 3063 даана китеп бар.

**81-таблица: Китепкана булактары**

| | Китеп | Материал (CD, DVD, карта ж.б.) | Мезгилдүү басылмалар. Гезит жана журналдар | | Электрондук басылмалар | Диссертация/ Дипломдук иш | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Жергиликтүү басылмалар | Чет өлкөлүк басылмалар | | | |
| Техника жана табигый илимдер | 10 333 | 11 | 0 | 3 | 1 717 | 189 | 12 253 |
| Экономика жана башкаруу | 8 155 | 5 | 0 | 0 | 551 | 182 | 8 893 |
| Коомдук илимдер | 28 124 | 315 | 8 | 0 | 2 366 | 311 | 31 124 |
| Журналистика | 1 423 | 5 | 0 | 0 | 192 | 33 | 1 653 |
| Айыл чарба жана ветеринария | 2 586 | 1 | 0 | 0 | 285 | 22 | 2 894 |
| Филология | 7 795 | 137 | 4 | 0 | 434 | 84 | 8 454 |
| Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби | 2 123 | 6 | 0 | 0 | 204 | 24 | 2 357 |
| Спорт жана дене тарбия | 525 | 0 | 0 | 4 | 145 | 0 | 674 |
| Искусство | 2 688 | 42 | 0 | 0 | 139 | 19 | 2 888 |
| Медицина | 792 | 0 | 0 | 0 | 90 | 1 | 883 |
| Башка | 23 623 | 34 | 22 | 2 | 892 | 38 | 24 611 |
| **ЖАЛПЫ** | **88 167** | **556** | **34** | **9** | **7 015** | **903** | **96 684** |

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин китепканасында 2021-жылы жазылган гезит жана журналдар бар. Электрондук басылмалар болсо китепкананын электрондук ресурсуна жүктөлүп, «Манас электрондук китепканасы (Manas Elibrary)» жана «Электрондук каталог (Elektronik Katalog)» маалымат базасындагы электрондук китептер бөлүгүндө орун алат. Мезгилдүү басылмалар менен электрондук басылмалардан тышкары башка бардык китепкананын ресурстары каттоого алынган.

**82-таблица: Басмаканадан чыккан жана электрондук китепкана булактары**

| Китепкана булактары | 2021-жылы алынган китепкана ресурстары | | | Жалпы китепкана ресурстары | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Басылып | Электрондук | Жалпы | Басылып | Электрондук | Жалпы |
| Китептин саны (сатылып алынган) | 194 | 0 | 194 | 42 565 | 0 | 42 565 |
| Китептин саны (кайрымдуулук) | 4 026 | 520* | 4 546 | 45 558 | 7 015* | 52 573 |
| Жазылган (абонемент) журналдардын саны | 17 | 0 | 17 | 17** | 0 | 17 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жазылган (абонемент) гезиттердин саны | 26 | 0 | 26 | 26** | 0 | 26 |
| Жазылган (абонемент) маалымат базасынын саны | 0 | 33*** | 73 | 0 | 63*** | 73 |

* «Манас электрондук китепканасы (Manas Elibrary)» жана «Электрондук каталог (Elektronik Katalog)» маалымат базасындагы электрондук китептер. Аталган китептер акысыз алынган.

** Мезгилдүү басылмаларга жазылуу аркылуу алынгандыктан, мүлк катары катталган эмес. Берилген маалыматтар 2021-жылга тиешелүү.

*** 2021-жылы жалпысынан 63 басылмага Кыргыз-Түрк «Манас» университети жазылган (төлөө менен - 6; долбоор катары акысыз жазылуу - 11; Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин китепканасыныкына – 3; Акысыз колдонулган - 42; эксперимент катары колдонуп көрүү - 1).

**83-таблица: Китепкана ресурстарынын статистикасы ( жыл боюнча)**

| | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 |
|---|---|---|---|---|---|
| Басылып чыгарылган китептердин саны | 91 116 | 81 925 | 81 611 | 83 644 | 88 164 |
| Дипломдук иш / Диссертациялык иштердин саны | 678 | 721 | 747 | 799 | 903 |
| Китептен сырткаркы материалдардын саны (CD, DVD, карта ж.б.) | 596 | 585 | 588 | 554 | 556 |
| Жазылган (абонемент) журналдардын саны | 39 | 24 | 22 | 19 | 17 |
| Жазылган (абонемент) гезиттердин саны | 44 | 35 | 35 | 29 | 26 |
| Электрондук китептердин саны | 4 961 | 5 126 | 5 386 | 6 495 | 7 015 |
| Жазылган (абонемент) маалымат базасынын саны | 55 | 49 | 56 | 73 | 63 |
| Убактылуу колдонууга берилген китептин саны | 41 677 | 36 939 | 31 466 | 10 397* | 11 407* |
| Китепканага келген окурмандардын саны | 482 567 | 355 390 | 24 9931 | 60 337* | 96 162* |

* 2020-2021-жылдары пандемиядан улам төмөндөө байкалган.

**84-таблица: Илимдин желеси (Web of Science) маалымат базасында Кыргыз-Түрк «Манас» университетине даректелген публикациялар жана шилтемелердин саны**

| Жылы | Публикациянын саны | Шилтеменин саны |
|---|---|---|
| 2011 | 15 | 9 |
| 2012 | 20 | 57 |
| 2013 | 23 | 61 |
| 2014 | 16 | 118 |
| 2015 | 21 | 154 |
| 2016 | 45 | 195 |
| 2017 | 41 | 209 |
| 2018 | 45 | 236 |
| 2019 | 98 | 427 |
| 2020 | 116 | 652 |
| 2021 | 150 | 992 |

### 1.5.5.9. Студентти ишке орноштуруу жана практика

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин студенттеринин адистигин мыкты өздөштүрүшү үчүн көптөгөн мекемелер менен кызматташуу аркылуу студенттер өндүрүштүк практикадан өтүшөт.

**85-таблица: Студенттердин өндүрүштүк практикадан өтүшү**

| | 2020 | | 2021 | |
|---|---|---|---|---|
| | Түркия | Башка өлкөлөр | Түркия | Башка өлкөлөр |
| Кыргыз-Түрк «Манас» университети материалдык колдоо көрсөтүү аркылуу чет өлкөгө өндүрүштүк практикага жиберген студенттердин саны | 8 | 0 | 10 | 1 |
| Кыргыз-Түрк «Манас» университети материалдык колдоо көрсөтпөстөн, чет өлкөгө өндүрүштүк практикага жиберген студенттердин саны | 6 | 2 | 7 | 2 |
| Жалпы | 14 | 2 | 17 | 3 |
| Кыргызстанда өндүрүштүк практикадан өткөн студенттердин саны | 720 | | 1113 | |

### 1.5.5.10. Жашылдандыруу

Чыңгыз Айтматов атындагы студенттик шаарчадагы күнөсканаын жана бакчаны жашылдандыруу иштери жыл сайын үзгүлтүксүз жүргүзүлүүдө. Мындан тышкары бак-дарактар, көчөттөр жыл сайын отургузулат. Төмөндөгү таблицада жылдарга карата отургузулган көчөттөрдүн саны көрсөтүлгөн.

**86-таблица: Тигилген көчөттөр**

| Түрү | Жылдар/даана | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | Жалпы |
| | Тигилген көчөттөрдүн саны | | | | | | | | | | |
| Дарак | 2931 | 749 | 531 | 622 | 511 | 1049 | 1495 | 2070 | 520 | 47 | 10525 |
| Бадал | 303 | 1931 | 3500 | 146 | 12000 | | 131 | 351 | 1200 | 256 | 19818 |
| Чырмоок | | 420 | 50 | 60 | | | | | | | 530 |
| Роза | 1350 | 300 | 900 | 3400 | | 400 | 186 | 135 | 550 | 221 | 7442 |
| Гүл | 1500 | 3000 | 4500 | 6000 | 4500 | 4500 | 4000 | | | 3400 | 31400 |
| Жалпы | 6084 | 6400 | 9481 | 10228 | 17011 | 5949 | 5812 | 2556 | 2270 | 3924 | 69715 |

**87-таблица: Жерди пайдалануу**

| | 2020 | | 2021 | |
|---|---|---|---|---|
| | Саны | Аянты (м ²) | Саны | Аянты (м ²) |
| Бакча | 21 | 354074 | 21 | 354074 |
| Күнөскана | 3 | 256 | 3 | 256 |
| Огород | 1 | 9212 | 16 | 9212 |
| **ЖАЛПЫ** | **25** | **363 542,00** | **40** | **363 542,00** |



## 2. МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕР

### 2.1. НЕГИЗГИ САЯСАТ ЖАНА АРТЫКЧЫЛЫКТАР

Кыргыз-Түрк «Манас» университети түптөлгөн күндөн баштап негизги миссиясы түрк тилдүү мамлекеттердин жаштарына сапаттуу билим жана тарбия берүү. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин максаты заманбап билим алган аң-сезимдүү, өз алдынча жана жоопкерчиликтүү жаштарды тарбиялоо. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин артыкчылыктары: маданий баалуулуктарын коргогон, ааламдашуу процессине даяр, дүйнө жана түрк илимине салым кошкон, жогорку маданиятка умтулган жаштарды өстүрүү. Кыргыз-Түрк «Манас» университети түрк мамлекеттеринин ортосундагы тил, илим, тарых, адабият, маданият, көркөм өнөр, экономика жана спорт жаатында кызматташтыктын эң жогорку деңгээлде болушун камсыз кылып, руханий баалуулуктарды дүйнөлүк деңгээлге чыгарат.

Бул миссияны аткаруу үчүн төмөндөгүдөй максаттар коюлган:

Учурдун талаптарына жооп берген билим берүү стандарттарын, ыкмаларын жана университеттин заманбап башкаруу моделин колдонуу менен Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү тутуму үчүн үлгү көрсөтүп, дүйнө менен интеграция болууда алдыңкы ролду ойноо;

Заманбап, демократиялык жана светтик мамлекеттин принциптерине ишенген, адам укуктарын урматтаган, аң-сезимдүү, руханий дөөлөттөрдү карманган, акыл-эстүү, руху бийик, адеп-ахлактуу, дени сак, конструктивдүү жана коомдук жоопкерчиликтүү, чыгармачыл муундарды тарбиялоо;

Түркия Республикасынын жана башка өнүккөн өлкөлөрдүн демократия жана рынок экономикасына байланыштуу тажрыйбасын колдонуу менен Кыргыз Республикасынын демократия жана рынок экономикасына өтүү процесстерин чыңдоого салым кошуу;

Дүйнөлүк илимий адабиятты изилдөө жана өнүктүрүү, телерадиоберүү жана маалымат технологияларын инвестициялоо менен дүйнөдө билимди жайылтууга салым кошуу;

Түрк дүйнөсүнүн жаштарын жалпы адамзаттык көз караштарды, баалуулуктарды өзүнө сиңирген, улуттук баалуулуктарды карманган инсан кылып тарбиялоо жана эл аралык коомчулуктун алдыңкы мүчөсү кылуу;

Жаштарды бардык тармакта компетенттүү болууга, өзүнө ишенүүгө, көп кырдуу жана сынчыл болууга, өзгөрүп жаткан коомго ыңгайлашууга, жаңычылдыкка, демократиянын эрежелерин сактоого, ачык-айкындуулукка, кызматташууга, сабырдуулукка, эркин ой жүгүртүүгө, изилдөөчүлүккө жана сезимталдуулукка үйрөтүү;

Коомдук муктаждыктарга ылайык доцент, бакалавр же магистр даражасы бар адистерди даярдоо, кесиптик жана инсандык өнүгүүнү колдоо үчүн кыска мөөнөттүү окуу программаларын даярдоо.

Түрк дүйнөсүнүн тарыхый, руханий баалуулуктарына жана философиясына шайкеш келген абройлуу, өзүн эл аралык чөйрөдө тааныткан, академиялык бай тажрыйбасы менен алдыңкы сапта туруп, түрк дүйнөсүнө жана маданиятына салым кошкон «Эл аралык деңгээлдеги абройлуу, ийгиликтүү жана таанымал университет болуу»

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин негизги милдеттеринин бири болуп саналат.

Ошондой эле заманбап, ишкер, жаңычыл, өзгөрүү жана өнүгүүгө даяр, өз тармагында лидер жана көпчүлүк тандаган университет болуу.

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин миссиясын түзгөн негизги баалуулуктар**
**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин негизги максаттары:**

- Билим берүүдө эл аралык бренд болуу
- Ар тармакта тажрыйбалуу адистерди даярдоо
- Болонья процессине шайкеш болуу
- Ички жана тышкы өнөктөштөр менен таасирдүү жана жемиштүү кызматташтык түзүү
- Коомго кызмат өтөө
- Окуу-тарбия иштериндеги ийкемдүүлүк
- Технологияга таянган билим берүү
- Үзгүлтүксүз билим берүү
- Өмүр бою билим алуу
- Өзгөрүүлөргө шайкештик жана тынымсыз өнүгүү
- Практикалык билим, технологияга багытталган илимий-изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштер
- Улуттук, эл аралык билим берүү мекемелерине мүчө болуу жана аккредитация боюнча изилдөөлөр
- Академиялык жактан вертикалдуу өнүгүү
- Физикалык инфратүзүмдү чыңдоо
- Турак-жайларды куруу
- Интернационалдаштыруу

**ККыргыз-Түрк «Манас» университетинин миссиясын түзгөн негизги баалуулуктар:**

- Дүйнө илимий адабиятына жана дүйнөдө маалыматтын жайылышына салым кошуу;
- Түрк цивилизациясынын өсүшүн колдоо;
- Жаңычылдык жана заманбаптык;
- Коом алдындагы жоопкерчилик;
- Тынымсыз өнүгүү.

## 2.2. СТРАТЕГИЯЛЫК МАКСАТТАР ЖАНА МИЛДЕТТЕР

1-максат: Билим берүүдө эл аралык бренд болуу

- 1.1-милдет. Учурдагы билим берүү программаларын улуттук жана эл аралык ченемдердин алкагында кайра куруу аркылуу санын көбөйтүү жана сапатын жогорулатуу.
- 1.2-милдет. Эл аралык кызматташтык жана студент, окутуучу алмашуу программаларын пайдалануу.
- 1.3-милдет. Чет өлкөлүк же ар башка улуттардын өкүлдөрү болгон студенттердин санын көбөйтүү.
- 1.4-милдет. Окуу процесстерин жакшыртуу.

2-максат: Илимий изилдөө иштеринин санын көбөйтүү жана сапатын жогорулатуу

- 2.1-милдет. Илимий инфратүзүмдү чыңдоо.
- 2.2-милдет. Изилдөөчүнүн компетенттүүлүгүн өнүктүрүү жана санын көбөйтүү.
- 2.3-милдет. Улуттук жана эл аралык долбоорлордун, басылмалардын жана илимий иш-чаралардын сапатын жогорулатуу.

3-максат: Коомдук пайдалуу иш-чаралар үчүн тышкы кызыкдар тараптар менен билим жана тажрыйба алмашууга негизделген кызматташтыкты өнүктүрүү

- 3.1-милдет. Кызыкдар тараптар менен мамилелерди жана кызматташтыкты түзүү механизмдерин иштеп чыгуу.
- 3.2-милдет. Элдин жашоо-турмушун жакшыртуу максатында билим берүүнү, коомдук жана маданий тармакты өнүктүрүү.
- 3.3-милдет. «Манас» радиосунун жана телекөрсөтүүсүнүн сапатын жогорулатуу.
- 3.4-милдет. Кыргызстандын өнүгүшүндөгү артыкчылык берилген багыттарды өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү.
- 3.5-милдет. Түрк дүйнөсүнүн орток маданияты жаатында коомго кызмат көрсөтүүнүн санын көбөйтүү.

4-максат: Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин эл аралык популярдуулугун жогорулатуу

- 4.1-милдет. Эл аралык популярдуулугун жана аброюн жогорулатуу максатында натыйжалуу иш жүргүзүү.
- 4.2-милдет. Эл аралык мамилелерди өнүктүрүү.

5-максат: Корпоративдик түзүлүштүн өнүгүшүн жана туруктуулугун камсыз кылуу

- 5.1-милдет. Сапатты башкаруу жана кепилдик тутумунун процессин өркүндөтүү.
- 5.2-милдет. Корпоративдик иденттүүлүктү жана маданиятты чыңдоо.
- 5.3-милдет. Технологияга таянган башкаруу процесстерин өркүндөтүү.
- 5.4-милдет. Академиялык жана административдик кызматкерлердин квалификациясын тынымсыз жогорулатууну камсыз кылуу.
- 5.5-милдет. Студенттик шаарчадагы жашоонун жана көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жакшыртуу.

**88-таблица: 2021-жылы жаңы даярдалган ченемдик-укуктук документтер**

| Ченемдик-укуктук документтин аталышы | Түшүндүрмө (чечимдин номери, датасы) |
|---|---|
| Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ЖОЖдон кийинки билим берүү боюнча нускамасы | Бул нускама Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 01-июнундагы 2021-08.40-номерлүү чечими менен кабыл алынган |
| Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча нускамасын колдонуу жөнүндө жобосу | Бул жобо Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 23-сентябрындагы 2021-12.61 (b) номерлүү чечими менен кабыл алынган |
| Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча нускамасын колдонуу жөнүндө жобосу | Бул нускама Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 23-сентябрындагы 2021-12.61 (a) номерлүү чечими менен Камкорчулар кеңешине сунушталуу үчүн кабыл алынган |
| Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Илимий изилдөө жана басма сөз этикасы жөнүндө жобосу | Бул жобо Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 25-февралындагы 2021-02.08-номерлүү чечими менен кабыл алынган |
| Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин аспирантура (докторантура) программасы жөнүндө жобосу | Бул жобо Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 01-июнундагы 2021-08.40-номерлүү чечими менен кабыл алынган |
| Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин илимий изилдөө иштерине колдоо көрсөтүү боюнча нускамасы | Бул нускама Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 03-ноябрындагы 2021-14.80-номерлүү Окумуштуулар кеңешинин чечими менен Камкорчулар кеңешине сунушталуу үчүн кабыл алынган |
| Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Салттуу оюн жана спорт илимдерин изилдөө институту боюнча нускамасы | Бул нускама Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 03-ноябрындагы 2021-14.86-номерлүү Окумуштуулар кеңешинин чечими менен Камкорчулар кеңешине сунушталуу үчүн кабыл алынган |
| Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Евразия тил, тарых жана археология илим-изилдөө институту боюнча нускамасы | Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Евразия тил, тарых жана археология илим-изилдөө институту боюнча нускамасы |
| Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ЖОЖдон кийинки билим берүү жана сынак өткөрүү боюнча нускамасы | Бул нускаманын 42/3-беренеси Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 17-июнундагы 2021-09.43 (d) номерлүү чечими менен оңдолгон |
| | Бул нускаманын 41/2-беренесинин кредит-сааттар бөлүгү Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 23-сентябрындагы 2021-12.62 (b) номерлүү чечими менен оңдолгон |
| Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин академиялык кызматкерлердин окуу жүгү, саатына акы жана жарым айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкерлерди дайындоо жөнүндө жол-жобосу | Бул жол-жобонун «саатына акы жана жарым айлык акы төлөнүүчү академиялык кызматкерлерди тандоодо көңүл бөлүнүүчү нерселер» деп аталган 2-беренесине Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 23-сентябрындагы 2021-12.62 (a) номерлүү чечими менен (e), (f), (g) беренелери кошулган |
| Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ЖОЖдон кийинки билим берүү жана сынак өткөрүү боюнча нускамасы | Бул нускама Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2021-жылдын 01-июнундагы 2021-08.40-номерлүү чечими менен кабыл алынган ЖОЖдон кийинки билим берүү боюнча нускамасынын күчүнө кириши менен жокко чыгарылган |

# 3. ИШ-ЧАРАЛАРГА БАЙЛАНЫШТУУ МААЛЫМАТТАР ЖАНА БААЛООЛОР

## 3.1. КАРЖЫ ИШТЕРИ БОЮНЧА МААЛЫМАТТАР

Өкмөткө караштуу өзгөчө статустагы университет катары түптөлгөн Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Уставынын 8-беренесине ылайык, ректор каржы иштерине жооптуу жетекчи болуп саналат. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин бюджетине жана эсеп-кысап иштерине байланыштуу бардык операциялар Стратегиялык пландоо башкармалыгы тарабынан ишке ашырылат.

2021-жылы Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин бюджетинен төлөмдөр үчүн 21.665.489 АКШ доллары бөлүнгөн. Жылдын аягында бюджеттен 17.858.507 АКШ доллары сарпталганы аныкталган.

Жылдын башындагы бөлүнгөн акча каражатынын 82,43%ы коротулган. 2021-жылы каржылоодон 5.146.549 АКШ доллары өлчөмүндө киреше кирген. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин өзүнүн кирешеси 31.411 АКШ долларын түзгөн, ал эми Түркия Республикасынын Өкмөтү 16.487.529 АКШ долларын берген. Кирешенин суммасы болжолдуу түрдө 21.665.489 АКШ долларын түзөт. Жыл ичиндеги жалпы кирешенин 24,71%ын түзгөн 5.890.877,13 АКШ доллары өлчөмүндөгү каржылоодон келип түшкөн киреше, 2,86%ын түзгөн 680.769,54 АКШ долларын түзгөн университеттин өзүнүн кирешеси, 72,43%ын түзгөн 17.263.697,44 АКШ доллары өлчөмүндөгү Түркия Республикасынын Өкмөтү кошкон салым менен бирге жалпы 23.835.344,11 АКШ доллары өлчөмүндө киреше кирген.



| 89-таблица: 2021-жылы бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгү | | |
|---|---|---|
| **Бюджет таблицасы** | | **АКШ ДОЛЛАРЫ** |
| КИРЕШЕЛЕР | | 16.054.874 |
| | Түркия Республикасынын Өкмөтү кошкон салым | 17.263.697 |
| | Башка кирешелер | 680.770 |
| | **Алмашуудан келип түшкөн киреше** | **247.622** |
| ЧЫГАШАЛАР | | 17.626.048 |
| | Эмгек акыны төлөөгө кеткен чыгымдар | 15.371.452 |
| | Башка күнүмдүк чыгымдар | 1.857.560 |
| | **Күнүмдүк чыгымдар** | **17.229.012** |
| | Инвестиция чыгымдары | 498.686 |
| | Акча которуулар | 130.809 |
| | **Алмашуудан келип түшкөн чыгашалар** | **417.600** |
| **БЮДЖЕТ БАЛАНСЫ** | | **-1.571.174** |
| | Аванс | 22.756 |
| | Аманат | 189.307 |
| **Нак акча балансы** | | **-1.737.725** |
| **Бюджеттин балансы** | | **1.737.725** |
| | ЖАЛПЫ | 7.629.341 |
| | 100 | 505 |
| | 102 | 7.040.803 |
| | 105 | 588.033 |
| **Которуу** | | **5.891.615** |

### 3.1.1. Бюджеттеги процесстердин жыйынтыктары

#### 3.1.1.1. Бюджет төлөмдөрү жана чыгымдары

2021-жылы Кыргыз-Түрк «Манас» университети ага берилген 21.665.490 АКШ долларынын ичинен 17.858.507,66 АКШ долларын жылдын аягына чейин сарптаган.

Кыргыз-Түрк «Манас» университети 2021-жылкы бюджетинин баштапкы төлөмүнүн 58,58%ын эмгек акыга, 10,51%ын социалдык камсыздандырууга, 10,71%ын товар жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга, 1,66%ын акча которууларга жана 18,54%ын капиталдык чыгымдарга сарптаган.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин 2021-жылдагы бюджеттик төлөмдөрүн ишке ашыруу боюнча жылдын этегиндеги«экономикалык классификациясы» төмөндөгүдөй:

| 90-таблица: Бюджеттин коротулушу | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 18 | Тайланд | 5 | 0,11% | 41 | Норвегия | 1 | 0,03 |
| 19 | Тажикстан | 5 | 0,11% | 42 | Египет | 1 | 0,03 |
| 20 | Австрия | 4 | 0,08% | 43 | Иран | 1 | 0,03 |
| 21 | Венгрия | 4 | 0,08% | 44 | Латвия | 1 | 0,03 |
| 22 | Украина | 4 | 0,08% | 45 | Молдова | 1 | 0,03 |
| 23 | Грузия | 3 | 0,06% | | Жалпы | 4935 | 100% |

### 3.2.6. Эки тараптуу келишимдер

Көпчүлүгүн университеттер түзгөн бул мекемелердин арасында ассоциациялар, фонддор, аналитикалык борборлор жана телерадио/телекөрсөтүү ж.б. уюмдар, мекемелер бар. Университеттин билим берүү миссиясынан сырткары Түркия Республикасынын өкүлчүлүгүн да аркалап келгендиги, аймактык жана эл аралык аренада таанымал абройлуу мекеме болгондугу көптөгөн мекеме жана уюмдар менен кызматташтык түзүүсүнө чоң өбөлгө түзүп берди.

Университет Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын орток демилгеси менен түзүлүп, өлкөлөрүбүздүн ортосунда кызматташуунун артышынан, жалпы маданий баалуулуктарыбыздын айкалышуусунан улам эки өлкөнүн мекемелери менен түзүлгөн келишимдердин саны жалпы келишимдердин негизги бөлүгүн түзөт. Кол коюлган келишимдердин басымдуу бөлүгүн университеттер түзөт жана негизги максаты - студенттер менен профессордук-окутуучулук курамды алмашуу программаларын ишке ашыруу.

Жалпысынан караганда 225 кызматташтык келишимдери төмөндөгү өлкөлөрдүн университеттери жана мекемелери менен түзүлгөн: Түркия – 108, Россия Федерациясы – 15, Жапония – 4, Америка Кошмо Штаттары – 3, Кытай Эл Республикасы – 8, Франция – 1, Түндүк Кипр Түрк Республикасы – 5, Англия – 2, Германия – 2, Индия – 3, Казакстан – 12, Монголия – 2, Кыргызстан – 31, Корея – 2, Португалия – 1, Палестина – 4, Азербайжан – 6, Украина – 5, Румыния – 1, Тажикстан – 1, Грузия – 1, Афганистан – 2, Македония – 2, Өзбекстан – 5, Польша – 1.

**118-таблица. Өлкөлөр боюнча университеттер ортосунда түзүлгөн эки тараптуу келишимдер**

| Өлкө | № | Мекеменин аталышы | Келишимдин аталышы | Кол коюлган күнү |
|---|---|---|---|---|
| Туркия | 108 | Түркиянын энергетика өнөр жайчылары жана ишкерлер ассоциациясы (ENSİA) | Кызматташтык келишим | 9.01.2022 |
| | 107 | Анкара коомдук илимдер университети | Кызматташтык келишим | 20.12.2021 |
| | 106 | Гебзе техникалык университети | Кызматташтык келишим | 26.11.2021 |
| | 105 | Хатай Мустафа Кемаль университети | Кызматташтык келишим | 22.10.2021 |
| | 104 | Жумхурият университети | Кызматташтык келишим | 19.10.2021 |
| | 103 | OSTİM техникалык университети | Кызматташтык келишим | 5.10.2021 |
| | 102 | Османие Коркут Ата университети | Кызматташтык келишим | 5.07.2021 |
| | 101 | Карабүк университети | Кызматташтык келишим | 2.07.2021 |
| | 100 | Сүлейман Демирел атындагы университети | Кызматташтык келишим | 18.05.2021 |
| | 99 | Газиантеп университети | Кызматташтык келишим | 13.10.2020 |
| | 98 | Кайсери университети | Кызматташтык келишим | 17.09.2019 |
| | 97 | Бейкент университети | Кызматташтык келишим | 4.09.2019 |
| | 96 | Кырыккале университети | Кызматташтык келишим | 20.04.2019 |
| | 95 | Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясы | Кызматташуу протоколу | 19.04.2019 |
| | 94 | Конья техникалык университети | Кызматташтык келишим | 18.03.2019 |
| | 93 | Тракья университети | Кызматташтык келишим | 12.12.2018 |
| | 92 | Проф., док. Фуат Сезгин Ислам илиминин тарыхын изилдөө фонду | Кызматташтык келишим | 29.11.2018 |
| | 91 | Анкара Хажы Байрам Вели университети | Кызматташтык келишим | 27.11.2018 |
| | 90 | Кахраманмараш шаарынын мэриясы | Кызматташтык келишим | 21.11.2018 |
| | 89 | Караманоглу Мехметбей университети | Кызматташтык келишим | 19.04.2018 |
| | 88 | Маниса Желалл Баяр университети | Кызматташтык келишим | 10.05.2018 |
| | 87 | Үскүдар университети | Кызматташтык келишим | 11.04.2018 |
| | 86 | TİKA– Кызматташтык, социалдык жана экономикалык жактан өнүгүү иштерин координациялоо боюнча түрк агенттиги | Протокол | 1.06.2017 |
| | 85 | Гиресун университети | Кызматташтык келишим | 14.04.2017 |
| | 84 | Гедик университети | Кызматташтык келишим | 3.10.2018 |
| | 83 | Чукурова университети | Кызматташтык келишим | 17.01.2017 |
| | 82 | Жакынкы Чыгыш техникалык университети | Кызматташтык келишим | 20.12.2016 |
| | 81 | Балыкесир университети | Кызматташтык келишим | 2.12.2016 |
| | 80 | Селчук университети | Кызматташтык келишим | 20.12.2021 |
| | 79 | Эрзинжан университети | Кызматташтык келишим | 22.10.2021 |
| | 78 | Анадолу агенттиги | Кызматташтык келишим | 18.05.2016 |
| | 77 | Юнус Эмре институту | Кызматташуу жана таанытуу протоколу | 10.03.2016 |
| | 76 | Стамбул университети | Кызматташтык келишим | 09.09.2015 |
| | 75 | Байбурт университети | Кызматташтык келишим | 30.04.2015 |
| | 74 | Мугла Сыткы Кочман университети | Кызматташтык келишим | 27.04.2015 |
| | 73 | Сиирт университети | Кызматташтык келишим | 14.03.2015 |
| | 72 | Батман университети | Кызматташтык келишим | 14.03.2015 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Түркия | 71. | Мехмет Акиф Эрсой университети | Эл аралык билим берүү багытында кызматташтык келишими | 14.03.2015 |
| | 70. | Кафказ университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 19.03.2019 |
| | 69. | Ататүрк университети Газиантеп университети И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети Битлис Эрен университети VHUB жана маданий изилдөөлөр фонду Газиантеп университетинин Түрк дүйнөсүнүн студенттер коомчулугу EPODER | Түрк дүйнөсүнүн жараны аттуу сабакты өнүктүрүү жана натыйжасын баалоо долбоору боюнча кызматташуу протоколу | 22.10.2014 |
| | 68. | Йылдыз техникалык университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 4.09.2014 |
| | 67. | Режеп Тайип Эрдоган университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 4.09.2014 |
| | 66 | Стамбул Эсенюрт университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 18.07.2014 |
| | 65. | ВБитлис Эрен университети | Академиялык, илимий жана маданий багыттарда кызматташуу протоколу | 29.05.2014 |
| | 64 | Бингөл университети | Академиялык, илимий жана маданий багыттарда кызматташуу протоколу | 29.05.2014 |
| | 63. | Анкара университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 8.11.2021 |
| | 62. | Бартын университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 9.06.2014 |
| | 61. | Ыгдыр университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 30.04.2014 |
| | 60. | Ататүрк маданий борбору | Кызматташуу протоколу | 25.04.2014 |
| | 59. | Газиосманпаша университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 10.04.2014 |
| | 58. | Түркия радио-телекөрсөтүү мекемесинин башкы мүдүрлүгү (TRT) | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | январь 14 |
| | 57. | Сахипкыран стратегиялык изилдөөлөр борбору (SASAM) | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 21.01.2014 |
| | 56. | Карадениз техникалык университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 17.06.2014 |
| | 55. | TİKA– Кызматташтык жана координациялоо боюнча түрк агенттиги | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 14.03.2013 |
| | 54. | Эскишехир Османгази университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 29.05.2013 |
| | 53. | Йылдырым Бейазыт университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | март 13 |
| | 52. | Стамбул маданият университети | Кызматташуу протоколу | 12.10.2012 |
| | 51. | Хаккари университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 14.02.2014 |
| | 50. | ТОВВ (Түркиянын палаталар жана товардык биржалар биримдиги) экономика жана технология университети | Кызматташуу протоколу | 2.12.2013 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Түркия | 49. | Бардыгы үчүн спорт федерациясы | Ден соолук, фитнес инструктору Wellness 1-деңгээлдеги машыктыруучу курсунун протоколу | 27.08.2013 |
| | 48. | Түркиянын палаталар жана товардык биржалар биримдиги, Аврасья илим жана маданият фонду жана КТМУ | Мечиттин курулушуна колдоо көрсөтүү жөнүндө протокол | 9.10.2013 |
| | 47. | Бүлент Эжевит университети | Кызматташуу протоколу | 5.12.2013 |
| | 46 | TURKSOY эл аралык түрк маданий уюму | Кызматташуу протоколу | 5 жыл |
| | 45. | Аврасья китепканалар ассоциациясы | Кызматташуу протоколу | 7.10.2013 |
| | 44 | Хитит университети | Кызматташуу протоколу | 5 жыл |
| | 43. | Агры Ибрахим Чечен университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 24.09.2012 |
| | 42. | Невшехир университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 14.06.2013 |
| | 41. | Ондокуз Майыс университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | февраль 13 |
| | 40. | Афьон Кожатепе университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 25.05.2013 |
| | 39. | Нежметтин Эрбакан университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 25.05.2013 |
| | 38. | Ататүрк университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 9.07.2021 |
| | 37. | Абант Иззет Байсал университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 20.06.2013 |
| | 36 | Стамбул Забахаттин Заим университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 5 жыл |
| | 35 | Стамбул техникалык университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 9.04.2018 |
| | 34 | Кастамону университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 5 жыл |
| | 33. | Стратегиялык анализ жана прогноздоо институту (SDE) | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 2012 |
| | 32. | Мехмет Акиф Эрсой университети, Ветеринария факультети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 2.01.2012 |
| | 31. | Фатих Султан Мехмет Вакыф университети | Билим берүү жана илим багыттарында кызматташуу протоколу | январь 12 |
| | 30. | Түрк дүйнөсүнүн мэриялар ассоциациясы | Кызматташуу протоколу | 19.01.2012 |
| | 29. | Саясий, экономикалык жана коомдук изилдөөлөр фонду (SETA) | Кызматташуу протоколу | 23.12.2011 |
| | 28. | Түрк-Азия стратегиялык изилдөөлөр борбору | Кызматташуу протоколу | 24.11.2011 |
| | 27. | Жакынкы чыгыш боюнча стратегиялык изилдөөлөр борбору | Кызматташуу протоколу | 18.11.2011 |
| | 26. | Кавказ университеттер ассоциациясы | Маданият, билим берүү жана илим багыттарында кызматташуу боюнча протокол | 30.10.2011 |
| | 25. | Хажеттепе университети | Билим берүү жана илим багыттарында кызматташуу протоколу | 25.03.2019 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Түркия | 24. | Юзүнжү йыл университети | Билим берүү жана илим багыттарында кызматташуу протоколу | июль 11 |
| | 23. | Ардахан университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 19.07.2011 |
| | 22. | Аврасия илим жана маданият фонду | Мечиттин курулушу боюнча кызматташуу протоколу | 3.04.2012 |
| | 21. | ТР мамлекеттик театрлар башкы мүдүрлүгү | Академиялык, маданий жана көркөм өнөр багыттарында кызматташуу протоколу | май 11 |
| | 20. | Бейкент университети | Билим берүү жана илим багыттарында кызматташуу протоколу | Жаңыланган эмес |
| | 19. | Кавказ университети, ветеринария факультети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 12.05.2011 |
| | 18. | Фырат университети, ветеринария факультети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 8.04.2011 |
| | 17. | Зонгулдак Караэлмас университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 18.02.2011 |
| | 16. | ТР Селчук университетинин ветеринария факультети менен КТМУнун ветеринария факультети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 6.01.2011 |
| | 15. | Аднан Мендерес университети, ветеринария факультети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 27.12.2010 |
| | 14. | Орду университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 27.08.2010 |
| | 13. | Стамбул коммерция университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 16.08.2010 |
| | 12. | Акдениз университети | Билим берүү жана илим багыттарында кызматташуу протоколу | 26.09.2013 |
| | 11. | Мерсин университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 21.04.2009 |
| | 10. | Аднан Мендерес университети, табигый жана гуманитардык илимдер факультети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 24.09.2012 |
| | 9. | Измир экономика университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 22.12.2004 |
| | 8. | Гази университети | Кызматташуу протоколу | 21.01.2019 |
| | 7. | Синоп университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 27.04.2019 |
| | 6. | Малтепе университети | Кызматташуу протоколу | 4.04.2019 |
| | 5. | Стамбул университети | Кызматташуу протоколу | 9.09.2015 |
| | 4. | Эржийес университети | Кызматташуу протоколу | октябрь 05 |
| | 3. | Эге университети | Кызматташуу протоколу | 3.10.2019 |
| | 2. | Сакарья университети | Кызматташтык келишим | - |
| | 1. | Йедитепе университети | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 10.10.2003 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ККТС | 5 | Эл аралык финал университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 21.12.2018 |
| | 4 | Жакынкы чыгыш университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 17.03.2015 5 жыл |
| | 3 | Гирне Америка университети | Кызматташтык келишим | -5 жыл |
| | 2 | Жакынкы чыгыш Акдениз университети | Кызматташтык келишим | 27.09.2021 |
| | 1 | Кипр эл аралык университети | Кызматташуу келишими | 20.02.2008 |
| Кытай | 8 | Zhejiang International Studies University | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 25.06.2019 |
| | 7 | China University of Petroleum | Өз ара кызматташуу келишими | 10.10.2017 |
| | 6 | Zhengzhou University | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 09.01.2017 |
| | 5 | Xinjiang University | Академиялык кызматташуу келишими | 09.2012 |
| | 4 | Xinjan Agricultural University | Академиялык кызматташуу келишими | 29.11.2009 5 жыл |
| | 3 | Shanghai International Studies University | Академиялык кызматташуу келишими | |
| | 2 | Xinjang University of Finance and Economics | Академиялык кызматташуу келишими | 16.09.2013 5 жыл |
| | 1 | KTMU жана Chinese Xinjiang University Confucius Institute | Кызматташуу протоколу | 2011 3 жыл |
| Жапония | 4. | Yokohama National University | Алмашуу программалары боюнча келишим | 24.01.2020 |
| | 3. | Kumamoto University | Профессордук-окутуучулук курам жана студент алмашуу боюнча келишим | 27.01.2016 5 жыл |
| | 2. | Ritsumeikan University and Ritsumeikan Asia PasificU-niversity | Кызматташуу келишими | 16.03.2007 5 жыл |
| | 1. | Program in Area Studies, University of Tsukuba | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 10.01.2006 |
| Корея | 2. | Inha University | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 09.01.2019 |
| | 1. | Hankuk University of Foreign Studies | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 19.04.2012 |
| Индия | 3. | CVM Üniversitesi | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 29.01.2021 |
| | 2. | Maulana Abul Kalam Azad Institute Of Asian Studies | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 13.06.2014 |
| | 1. | The University of Kashmir, Srinagar | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | - |
| АКШ | 3. | Delaware Technical Community College | Академиялык кызматташуу келишими | 25.02.2012 |
| | 2. | East Carolina University | Кызматташтык мамилелерин түзүү | 11/09/2013 |
| | 1. | University of Maryland University College (UMUC) | Ниетин билдирүү жана купуялык келишими | 24.03.2011 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Казакстан | 12. | Коркут Ата атындагы Кызылорда университети | Кызматташтык келишим | 27.10.2021 |
| | 11. | Мурас университети | Кызматташтык келишим | 30.09.2021 |
| | 10. | Ал-Фараби атындагы казак мамлекеттик университети | Кызматташуу протоколу | 25.06.2021 |
| | 9. | Zhetysu State University named after Ilyas Zhansugurov Biotechnology Research Institute | Кызматташтык келишим | 30.05.2018 |
| | 8. | Жумалиев Аврасия мамлекеттик университети | Кызматташуу протоколу | 04.04.2017 |
| | 7. | Батыш Казакстан инновация жана технология университети | Кызматташуу протоколу | 13.04.2016 |
| | 6. | Эл аралык гуманитардык-техникалык университети | Эл аралык кызматташтык келишими | 04.06.2015 |
| | 5. | Түрк академиясы | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 07.04.2014 |
| | 4. | Ахмет Ясеви түрк-казак университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 31.01.2018 |
| | 3. | Чет тилдер жана кесиптик карьера университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 21.04.2012 5 жыл |
| | 2. | М.Х. Дулати Тараз мамлекеттик университети | Кызматташтык келишим | 11.06.2008 5 жыл |
| | 1. | М. Ауэзов атындагы түштүк Казакстан мамлекеттик университети | Кызматташуу протоколу | 24.12.2021 |
| Франция | 1. | Enita Clermont Ferrand Айыл чарба инженериясы мамлекеттик жогорку мектеби | Билим берүү жана илимий изилдөө боюнча кызматташтык келишими | 2005 мөөнөтү көрсөтүлгөн эмес |
| Англия | 2. | Leeds English Language School | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 29.03.2012 |
| | 1. | Leeds Metropolitan University | Ыраазычылык билдирүү каты | 24.07.2011 |
| Германия | 2. | LOGO e.V. Landwirtschaft und Oekologisches Gleichwicht mit Osteuropa | Айыл чарба факультетинин студенттеринин окуу-өндүрүштүк практикадан өтүү келишими | 01.01.2011 12.05.2016 |
| | 1. | ifs internationale filmschule köln, Cologne | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 27.01.2013 |
| Португалия | 1. | Technical University of Lisbon | Академиялык, илимий жана маданий кызматташуу келишими | 04.02.2013 |
| Филистин | 4. | Alistiqlal University | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 24.09.2013 |
| | 3. | Hebron University | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 24.09.2013 |
| | 2. | Arab American University | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 24.09.2013 |
| | 1. | Palestine Ahliya University | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 24.09.2013 |
| Росия | 15. | Россия Илимдер академиясынын материалдык маданият, тарых институту | Кызматташуу протоколу | 06.09.2021 |
| | 14. | Россия Илимдер академиясынын Федералдык мамлекеттик бюджеттик мекемесинин Чыгыш кол жазмалары институту | Кызматташуу протоколу | 08.09.2021 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Росия | 13. | Санкт-Петербург чет тилдер институту | Кызматташуу протоколу | 30.03.2021 |
| | 12. | А.С. Пушкин атындагы мамлекеттик орус тил институту | Кызматташуу протоколу | 30.05.2018 |
| | 11. | Воронеж мамлекеттик университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 12.11.2018 |
| | 10. | Гуманитардык университет | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 26.03.2015 |
| | 9. | Уфа экономика жана кызмат көрсөтүү мамлекеттик университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 05.03.2015 |
| | 8. | Урал мамлекеттик экономика университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | |
| | 7. | Сибирь мамлекеттик спорт жана дене тарбия университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 22.01.2013 |
| | 6. | Д.И. Менделеев атындагы Россия химия-технология университети | Кызматташтык келишим | 06.03.2012 5 жыл |
| | 5. | Ф.М. Достоевский атындагы Омск мамлекеттик университети | Кызматташтык келишим | 03.02.2017 5 жыл |
| | 4. | Н.Ф. Катанов атындагы Хакас мамлекеттик университети | Кызматташтык келишим | 2006 5 жыл |
| | 3. | Казан мамлекеттик университети | Кызматташтык келишим | 2006 - 5 жыл |
| | 2. | Татарстан Республикасынын Татар мамлекеттик коомдук илимдер институту | Кызматташтык келишим | 2006- 5 жыл |
| | 1. | Санкт-Петербург маалымат технологиялары, механика жана оптика улуттук изилдөө университети | Кызматташтык келишим | 2005 |
| Монголия | 2. | Mongolian University of Life Science | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 04.05.2017 |
| | 1. | Монголия мамлекеттик университети | Кызматташтык келишим | 2006- 5 жыл |
| Украина | 5. | Леся Украинка Чыгыш Европа улуттук университети | Кызматташтык келишим | 22.11.2017 |
| | 4. | Украинанын Улуттук илимдер академиясы, математика институту | Кызматташтык келишим | 22.11.2017 |
| | 3. | А. Ю. Крымский атындагы чыгыш таануу изилдөөлөр институту, Улуттук илимдер академиясы | Кызматташтык келишим | 16.06.2015 |
| | 2. | В.А. Сухомлинов атындагы Николаев мамлекеттик университети | Кызматташтык келишим | 24.10.2014-5 жыл |
| | 1. | Ислам университети | Кызматташтык келишим | 25.10.2014 |
| Азербайжан | 6. | Азербайжан Илимдер академиясы | Кызматташтык келишим | 15.12.2021 |
| | 5. | Азербайжан мамлекеттик айыл чарба университети | Кызматташтык келишим | 10.11.2016 |
| | 4. | Түрк тилдүү өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясы (TÜRKPA) | Кызматташтык келишим | 15.04.2014 |
| | 3. | Азербайжан Медициналык университети | Өз ара түшүнүшүү меморандуму | 28.03.2013-29.09.2021 |
| | 2. | İnstitute for Scientific-Research on Economic Reforms under the Ministry of Economic Development of the Republic of Azerbaijan | Кызматташуу келишими | 21.05.2013 |
| | 1. | Баку мамлекеттик университети | Кызматташуу келишими | 19.10.2012-29.09.2021 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Кыргызстан | 31. | Жогорку технологиялар паркы | Кызматташтык келишим | 13.12.2021 |
| | 30. | Б. Сыдыков атындагы кыргыз-өзбек эл аралык университети | Кызматташтык келишим | 30.11.2021 |
| | | С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети | Кызматташтык келишим | 23.11.2021 |
| | 29. | К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети | Кызматташтык келишим | 23.07.2021 |
| | 28. | Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы | Кызматташтык келишим | 19.10.2021 |
| | 27. | Айыл, суу чарба жана аймактарды өнүктүрүү министрлигинин органикалык айыл чарба департаменти | Кызматташтык келишим | 30.09.2021 |
| | 26. | Ботаникалык бакча | Кызматташтык келишим | 30.03.2021 |
| | 25. | К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы жана КР Айыл чарба министрлиги | Кызматташтык келишим | 27.01.2021 |
| | 24. | «Кыргыз тайганы клубу» коомдук бирикмеси | Кызматташтык келишим | 01.03.2021 |
| | 23. | КР Ички иштер министрлигинин Атайын багыттагы Алай полкунун жетекчилиги | Кызматташуу протоколу | 04.01.2021 |
| | 22. | КР Финансы министрлигинин Билим борбору | Кызматташтык келишим | 05.09.2019 |
| | 21. | Кытай «Junda» нефть фирмасы | Кызматташтык келишим | 11.06.2019 |
| | 20. | КР Улуттук банкы | Кызматташтык келишим | 17.04.2017 |
| | 19. | Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн генерал-лейтенант Калыйнур Усенбеков атындагы Аскер институту | Кызматташтык келишим | 24.01.2018 |
| | 18. | «КЫРГЫЗСТАН» коммерциялык банкы | Кызматташтык келишим | 26.11.2018 |
| | 17. | Улуттук статистика борбору | Кызматташтык келишим | 22.09.2018 |
| | 16. | Ош мамлекеттик университети | Алмашуу программалары боюнча протокол | 12.05.2017- |
| | 15. | 07.06.2021 | İşbirliği protokolü | 30.10.2016 |
| | 14. | «Vinodel» ЖЧК | Кызматташтык келишим | 30.10.2016 |
| | 13. | Махмуд Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 16.12.2014 |
| | 12. | Кыргыз улуттук университети, чет тилдер факультети | Биргелешкен иш жана кызматташтык келишими | 12.06.2014 |
| | 11. | С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети | Кызматташуу протоколу | 23.11.2021-16.06.2014 |
| | 10. | Тил комиссиясы | Кызматташуу протоколу | 30.04.2014 |
| | 9. | «Atalyk Group» ЖАК | Кызматташуу протоколу | 09.04.2014 |
| | 8. | КР Туризм департаменти | Кызматташуу протоколу | 08.04.2014 |
| | 7. | КР Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине караштуу Квалификацияны жогорулатуу институту | Кызматташтык келишим | 10.12.2013-5 жыл |
| | 6. | Прогрессивдүү Демилгелер фонду | Кызматташтык келишим | 25.09.2013-3 жыл |
| | 5. | К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети | Академиялык багытта кызматташуу боюнча протокол | 09.03.2021 |
| | 4. | КР Жаштар, эмгек жана ишке орноштуруу министрлиги | Сапаттуу жумушчу кадрларды даярдоо долбоору – NİGEP | 22.03.2012-3 жыл |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 3. | ELTR (Элдик радио-телекөрсөтүү мекемеси) телекөрсөтүү каналы | Кызматташуу протоколу | 31.12.2011 |
| | 2. | КТРК телекөрсөтүүсү | Кызматташуу протоколу | 21.07.2011 |
| | 1. | КР Айыл чарба министрлиги | Айыл чарба тармагында кадрларды даярдоо боюнча келишим | 21.05.2010 |
| Румыния | 1. | Spiru Haret University | Кызматташуу меморандуму | 02.03.2015 |
| Тажикстан | 1. | Тажик мамлекеттик университети | Кызматташтык келишим | 25.05.2015 |
| Грузия | 1. | Samtskhe-Javakheti State University | Кызматташтык келишим | 20.11.2015 |
| Афганистан | 1. | Кабул политехникалык университети | Академиялык кызматташуу келишими | 29.04.2016 |
| | 2. | Кабул университети | Академиялык кызматташуу келишими | 29.04.2016 |
| Македония | 2. | Uluslararası Vizyon Üniversitesi | Кызматташтык келишим | 30.09.2021 |
| | | International Balkan University | Кызматташуу протоколу | 22.03.2017 |

## 3.3. ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ БОРБОРЛОРУНУН ИШ-ЧАРАЛАРЫ

### 3.3.1. Биотехнология жана биоартүрдүүлүктү изилдөө борбору (БТБАИБ)



Бир тарабынан Теңир-Тоо менен курчалган, экинчи жагынан өмүрдүн булагы болгон көп сандагы суу булактарын, тоолорду, жайлоолорду, өрөөндөрдү камтыган Орто Азия тегиз эмес жана өзгөрүлмө географиялык табиятка ээ, ошондой эле бир типтүү талаа түздүктөр экосистемасынан туруп, топурагынын курамы боюнча биоартүрдүүлүгү жана анын генетикалык түзүлүшү боюнча өтө бай келет.

Жогоруда саналып өткөн ресурстардын негизинде алдыда жүргүзүлө турган илимий изилдөө жана иш жүзүнө ашыруу иш-чараларында ойлоп табуучулукту, өсүмдүктөрдү, жаныбарларды жана микробиологиялык потенциалды пайдалануу менен медицина, дары-дармек, тамак-аш, айлана-чөйрө, айыл жана мал чарбачылык тармактарында колдонууну көздөйт.

Аталган ар түрдүүлүк боюнча жүргүзүлө турган изилдөөлөр; экосистемаларды жана экологиялык түзүлүштү коргоо, жашоого ыңгайлуу жана туруктуу табигый чөйрө жана адам менен табияттын ортосундагы карым-катнаш туура багытта болушу өтө маанилүү болуп саналат. Адам санынын көбөйүүсү жана технологиялардын этият колдонулбашы жер жүзүндө чектелген жаратылыш ресурстарынын түгөнө башташына алып келди. Табигый ресурстарды аяр колдонбоо жана ысырапкорчулук менен пайдалануу экосистеманын узак убакыт бою тиричилик өткөрүшүн камсыз кылуучу чөйрөнүн жана биосистеманын тең салмактуулугун бузат. Негизги муктаждыктардын ажырагыс булагы болгон суунун, топурактын, өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын абалы менен алардын жашоо чөйрөсүнүн бузулуп жок болуп бара жатышы бүткүл ааламда экологиялык кырсыктардын пайда болушун шарттайт. Мына ушул себептерден улам биологиялык ар түрдүүлүк боюнча изилдөө жана практикада колдонуу иш-чаралары табигый ресурстардан пайдаланууда жогорку деңгээлдеги тактык менен чекти сактап, аларды керектүү өлчөмдө гана рационалдуу түрдө колдонуу, ал турсун биоартүрдүүлүктү баштапкы абалына жана туруктуу калыбына келтирүү үчүн организмдердин компенсациясын ишке ашыра турган механизмдер менен системаларды иштеп чыгуу илимий дүйнөнүн «жоопкерчилик аймагына» кирет.

Ушундан улам биотехнология жана молекулярдык биология тармактарында жүргүзүлө турган изилдөөлөрдө соңку технологияларды колдонуп, аймактагы жандыктардын генетикалык түзүлүштөрүн, түрлөрдүн ичиндеги жана түрлөр аралык айырмачылыктарды табуу менен экологиялык тең салмактуулуктарга зыян келтирбей туруп жогоруда аталган изилдөөлөр менен катар биотехнологиялык потенциалды баалоодон келип чыккан жыйынтыктар аркылуу адамзатка салым кошуу.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин дайыма жаңыртылып жана өнүгүп келе жаткан заманбап лабораториялык жабдуулары, академиялык тажрыйбасы региондун биоартүрдүүлүгүн илимий жаатта изилдөө иш-чараларын жүргүзүүгө, улуттук жана эл аралык мекемелер жана изилдөөчүлөргө мүмкүнчүлүк түзөт. Кыргыз-Түрк «Манас университетинин

Биотехнология жана биоартүрдүүлүктү изилдөө борборунун максаты – табигый биологиялык ар түрдүүлүктү изилдөө, коргоо, сактоо, билим берүү жана илимий иш-чаралары менен аймакта референт борбору болуу. Университетте жана университеттен сырткары улуттук жана эл аралык мекемелер жана уюмдар менен кызматташтык алкагында биоартүрдүүлүк боюнча коомдун ар кыл катмарларына теориялык жана практикалык билим берүү, фундаменталдык жана практикалык изилдөөлөрдү жана долбоорлорду жүргүзүү, биологиялык ар түрдүүлүк маалымат базасын түзүү, коомчулукка биологиялык ар түрдүүлүк боюнча маалымат берүү максатында илимий жыйын, конгресс, конференция, кеңеш берүү ж.б.у.с. иш-чараларды өткөрүү. Бул максаттарды ишке ашыруу менен бирге соңку технологияларды колдонуп, заманга ылайык иш жүргүзүүнү жана бул багытта алдыңкы борборлордон болууну көздөйт.

Кыргызстандын, айрыкча Бишкек шаарынын өзгөчөлүктөрүн жана керектөөлөрүн эске алуу менен биотехнология жана биоартүрдүүлүктү изилдөө иштерин жүргүзүү, бул жаатта илимий жана практикалык иштерге колдоо көрсөтүү, биринчи кезекте КТМУнун тийиштүү бөлүмдөрүнүн, андан соң коомдук, жеке менчик секторлордун, мекеме жана уюмдардын изилдөөчүлөрүнө борбордун инфратүзүмүнөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берүү, биргелешип жасалган иш-аракеттер аркылуу эл аралык аренада университеттин атын чыгаруу миссиясын көздөп түзүлгөн.

Борбордун концепциясы: биотехнология жана биоартүрдүүлүк боюнча улуттук жана эл аралык деңгээлде изилдөө жана практикалык иштерди жүргүзүү, тажрыйба-конструктордук жана технологиялык иштер боюнча кызмат көрсөтүү (AR-GE), өз тармагында сапат стандарттарына ылайык иш алып баруу, күн сайын өз ишин жайылтуу менен Кыргызстанда гана эмес, Орто Азиядагы эң ири борборлордун бири болуу.

Шаардын, чөлкөмдүн жана өлкөнүн артыкчылыктарына жана муктаждыктарына жооп берип, адамзатка бараандуу салым кошкон изилдөөлөрдү жүргүзүү жана коомго кызмат өтөө; мамлекеттик жана жеке ишканалар, мекеме жана уюмдар менен университеттин ортосунда предметтик сабактар боюнча биргелешкен илимий-техникалык долбоорлорго багытталган кызматташтык келишимдерин түзүү, кызматташтыктарды өркүндөтүү; сапат стандарттарына ылайык илимий-изилдөө лабораторияларын түзүү жана алардын аккредитациядан өтүүсүн камсыз кылуу; эл аралык деңгээлибизди дагы жогорулатуу, дүйнөлүк айдыңда абройлуу жана белгилүү университет болуу жаатында иштерди тынымсыз жүргүзүү

### 3.3.2. Түрк цивилизациясын изилдөө борбору

Түрк цивилизациясын изилдөө борбору Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Камкорчулар кеңешинин 2002-жылдын 29-июнундагы №2002-8/1-6 чечиминин негизинде түзүлгөн. Түрк цивилизациясын изилдөө борборунун (ТЦИБ) максаты - түрк тектүү элдердин цивилизациясын изилдөө жаатында иш-чараларды уюштуруу, өтмүшү, бүгүнкү абалы жана келечеги тууралуу Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин, Кыргызстандын, Түркиянын, Борбордук Азиянын жана башка өлкөлөрдүн илимпоздорунун тажрыйбасынан пайдалануу менен кыска жана узакка созулган илимий изилдөө



долбоорлорун жүргүзүү жана алардын жыйынтыктарын мезгилдүү жана сериялык түрдө басып чыгаруу аркылуу жайылтуу.

Түрк цивилизациясын изилдөө борбору негизделген күндөн тарта негизги үч багытта өз ишин улантууда: конференцияларды уюштуруу, басылмаларды жарыкка чыгаруу жана долбоорлорду иштеп чыгуу. Бул багытта 27 конференция, семинар жана илимий жыйын өткөрүлгөн; 26 китеп; 2 журнал; 26 сөздүк чыгарылган; 25 долбоор кабыл алынган.

2021-жылы Түрк цивилизациясын изилдөө борбору тарабынан тарых, археология, түркология багыттарындагы негизги эмгектердин кыргыз, түрк, орус жана англис тилдеринде pdf форматтагы архиви түзүлдү.

Түрк цивилизациясын изилдөө борбору 2021-2022-окуу жылында долбоорлорду ишке ашырып, кызыктуу семинарларды, тегерек стол жана илимий талкууларды уюштуруу сыяктуу иш-чараларды  мындан ары да улантат. Муну менен бирге жогоруда аталган иш-чараларга байланыштуу таанытуу иш-чараларын күчөтүп, илимий дүйнөдө булак катары каралган эмгектердин которулушуна жана басылмалардын жарыкка чыгарылышына басым жасайт.

2021-2022-окуу жылынан тарта Түрк цивилизациясын изилдөө борборунда өткөрүлө турган семинар жана жыйындар аркылуу магистратура жана докторантурада окуган студенттердин иштерине колдоо көрсөтүп, академиялык кеңеш берет.

Буга кошумча магистранттарды жана докторанттарды борбордун алкагында жүргүзүлө турган илимий долбоор жана илимий изилдөөлөргө катыштыруу аркылуу тажрыйба алышына шарт түзүлөт.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Түрк цивилизациясын изилдөө борбору азыркы учурга чейин жүзөгө ашырган иш-чаралары жана келечекке койгон иш пландары менен Түркиянын, Кыргызстандын жана түрк дүйнөсүнүн өсүү жана өнүгүү прогрессине салым кошууну максат кылат.

### 3.3.3. Орто Азия изилдөө борбору

- Орто Азия – Азиядагы жөн гана географиялык аймак эмес. Тарыхый процессте түрк тектүү элдердин байыртадан бери келаткан бай цивилизациялык баалуулуктарын жараткан; өтмүштөн азыркы учурга, бүгүнкү күндөн келечекке карай жол ачкан тарыхый мезгилде бул цивилизациялык баалуулуктарды, бул жерди мекендеп келген элдердин тарыхый, маданий жана цивилизациялык мурасын камтыган аймак болуп саналат.




Орто Азияда пайда болуп, бүгүнкү күнгө чейин жандуу түрдө уланып келе жаткан тарыхый, маданий жана цивилизациялык бай мурас бир гана өтмүштөгү окуяларды аныктоо үчүн эмес, учурда бул аймактарды байырлаган элдердин жалпы тарыхын изилдөө  менен өз ара байланыштарын бекемдеп, кызматташтыктарды өнүктүрүү жана чындоо өтө маанилүү болуп саналат.

- ОАИБ биринчи кезекте Түркия, Кыргызстан андан соң Орто Азия түрк тектүү коомчулуктары менен башка өлкөлөрдүн ортосундагы коомдук, саясий жана

экономикалык мамилелерди чыңдоо, маданий окшоштуктарыбызды алдыга алып чыгуу, бул жаатта иш-чараларды уюштуруу жана аларды бекемдөө аркылуу бул аймакта жана дүйнөлүк деңгээлде тынчтыктын туруктуулугуна салым кошууну миссия катары кабыл алган. Борбордун максаты – Орто Азиянын маданий географиясына багытталган стратегиялык концепция жана долбоорлорду иштеп чыгуу, коомчулукка жарыялоо, жыйынтыктарды бөлүшүү, колдонуу жана максаттарга ылайык кызматташуу жана жардам берүү. ОАИБ кандайдыр бир саясий мекеме эмес жана кандайдыр бир саясий көз караштын да өкүлчүлүгүн аткарбайт, тескерисинче туура, рационалдуу жана тынчтыкты орнотууда колдонула турган маалыматтык инфратүзүмдү даярдап, бул жаатта келечек пландарды иштеп чыгуучу академиялык аналитикалык борбор болуп саналат.

- ОАИБ эл аралык уюмдарга, Кыргызстандагы жана Түркиядагы мамлекеттик жана жеке менчик мекемелерге аймактагы саясий, социалдык, экономикалык жана билим берүү маселелери боюнча кеңеш берүү кызматын көрсөтүп, эл аралык деңгээлдеги академиялык басылмаларды, отчётторду жана китептерди басып чыгарып, басылмалардын жарыкка чыгарылышына колдоо көрсөтөт. Орто Азия мамлекеттери менен катар башка мамлекеттердин ортосунда биргелешкен стратегиялык иш-чараларды уюштуруу, илимий изилдөөлөргө жана долбоорлорго колдоо көрсөтүү, жетектөө, академиялык курамдын мүчөлөрүн жана студент алмашуу программаларын өнүктүрүүгө салым кошуу борбордун максаттарына кирет. Аталган максаттардын негизинде Орто Азия изилдөө борбору Борбордук Азия жана жана чектеш мамлекеттердин университеттери, илимий изилдөө борборлору, өкмөттүк эмес уюмдар, мамлекеттик жана эл аралык мекемелер менен кызматташтык түзүп, эл аралык, аймактык жана улуттук деңгээлде конгресс, симпозиум, илимий талкуу, конференция, форум, илимий жыйын ж.б. илимий иш-чараларды уюштурат.
- ОАИБ 2021-жылы жүзөгө ашырган илимий иш-чаралар:
- 2021-жылдын 29-январында «ОАИБ ай сайын чыгарылган бюллетенинин» 45-саны басып чыгарылып, борбордун сайтында жайгаштырылган.
- 2021-жылдын 11-мартында ОАИБ башчысы доц., док. Йунус Эмре Гүрбүз Жакынкы чыгыш техникалык университетинин Евразия изилдөөлөрү программасынын алкагында онлайн форматта өткөрүлгөн Eurasia Talks (Евразия сүйлөшүүлөрү) отурумунда “Constructing National Identity through History Education in Azerbaijan, Kazakhstan and Uzbekistan” (Азербайжан, Казакстан жана Өзбекстанда тарыхый билим берүү аркылуу улуттук иденттүүлүктүн калыптанышы) деген темада баяндама жасады.
- 2021-жылдын 18-мартында ОАИБ башчысы доц., док. Йунус Эмре Гүрбүз Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде өткөрүлгөн «18-март - шейиттерди эскерүү жана Чанаккале жеңишинин өзгөчө программасынын» алкагында «Төгөрөктүн төрт бурчунда Чанаккале жаңырыгы» деген темада баяндама жасады.
- 2021-жылдын 18-мартында ОАИБ башчысы доц., док. Йунус Эмре Гүрбүз Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде өткөрүлгөн «Түрк дүйнөсүнүн өтмүшү, бүгүнү жана келечеги» деп аталган симпозиумдун «Түрк дүйнөсүнүн орток баалуулуктары жана маданий мурасы» аттуу отурумунда «Кыргызстанда жашаган түрк жана кыргыз жарандарынын маданий окшоштуктары: өтмүшү, бүгүнү жана келечеги» деген темада баяндама жасады.
- 2021-жылдын 27-апрелинде ОАИБ башчысы доц., док. Йунус Эмре Гүрбүз Нигде

Өмер Халисдемир университетинин Түрк дүйнөсүнүн изилдөө борбору тарабынан уюштурулган “Кыргызстан эгемендүүлүктүн 30 жылдыгында» деп аталган симпозиумда « Демократиялуу өлкөдө туруктуулук издөө» деген темада баяндама жасады.

- 2021-жылдын 27-августунда ОАИБ башчысы доц., док. Йунус Эмре Гүрбүз Кыргыз-Түрк «Манас» университетиндеги иш-чаранын алкагында «30-август - Жеңиш күнү жана бул жеңиштин дүйнөгө тийгизген таасири» деген темада баяндама жасады.
- 2021-жылдын 28-октябрында ОАИБ башчысы доц., док. Йунус Эмре Гүрбүз Кыргыз-Түрк «Манас» университетиндеги иш-чаранын алкагында «Республиканын жарыяланышы жана жетишкендиктери» деген темада баяндама жасады.
- 2021-жылдын 6-декабрында ОАИБ башчысы доц., док. Йунус Эмре Гүрбүз Кыргыз-Түрк «Манас» университетиндеги иш-чаранын алкагында «1991-2021-ж.ж. Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы мамилелер» деген темада баяндама жасады.
- 2021-жылдын 10-декабрында ОАИБ башчысы доц., док. Йунус Эмре Гүрбүз Кыргыз-Түрк «Манас» университетиндеги иш-чаранын алкагында «Гейдар Алиев» деген темада баяндама жасады.
- 2021-жылдын 23-сентябрында ОАИБдин 2021-2022-окуу жылында аткарылчу иш-чаралар талкууланып, бир жылдык иш-чараларды камтыган программа бекитилди.
- 2021-жылдын 22-октябрында ОАИБдин Башкаруу кеңешинин жыйыны өткөрүлдү. Аталган кеңештин жыйынында борбордун алкагында өткөрүлө турган семинарлар, илимий талкуулардын мазмуну, окуу-өндүрүштүк практика өтөө үчүн студенттердин борборго алынышы, журналды чыгаруу үчүн алгач долбоорун түзүү сыяктуу маселелер талкууланды. Айрыкча конок изилдөөчүлөрдүн борбордун карамагында практика өтүүсүнө мүмкүнчүлүктөрдүн берилиши тууралуу маселе каралды.
- 2021-жылдын 20-сентябрынан 2022-жылдын 14-январына чейин ОАИБде Социология бөлүмүнүн 1-курсунун магистранты Караева Сагынай окуу-өндүрүштүк практикадан өттү.
- 2021-жылдын 15-ноябрынан 2022-жылдын февралына чейин ОАИБде 4 студент окуу-өндүрүштүк практикасын өтөдү.
- 2021-жылдын 1-декабрынан 2022-жылдын 14-январына чейин ОАИБде Л.Н. Гумилёв атындагы Евразия улуттук университетинин (Казакстан) Саясат таануу бөлүмүнүн докторанты Алкеева Данара Сапарбековна үч ай изилдөөчү катары иш алып барды.
- 2021-жылдын 5-декабрынан 2022-жылдын 5-сентябрына чейин Түркия Республикасынын Улуу Улуттук жыйынынын Тышкы байланыштар жана протокол бөлүмүнүн адиси Мехмед Яхья Чичекли ОАИБде конок изилдөөчү катары иш алып барган.
- Бир жыл бою Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркия, Түркмөнстан жана Өзбекстан медиасынан кабарлар алынып, түрк, кыргыз, орус, англис тилдеринде жарыяланып, борбордун веб-сайтына жана Инстаграм, Фейсбук, Твиттер баракчасында орун алды. (http://orasam.manas. edu.kg/index.php/tr/).

### 3.3.4. Баалоо, тандоо жана жайгаштыруу борбору (БТЖБ)

Университетке студенттерди кабыл алуу жана чет тил сынактарын өткөргөн «Манас» БТЖБ 2013-жылдын ноябрында кол коюлган протоколдун негизинде бир эле учурда Түркия Республикасынын Өлчөө, тандоо жана жайгаштыруу борборунун Бишкектеги сынак координаторлугунун ишин алып барат.

«Манас» БТЖБнын университетке студенттерди кабыл алуу ыкмасы

Университетке студенттерди кабыл алуу жана аларды тандоосуна жараша жайгаштыруу боюнча иштер «Манас» БТЖБ тарабынан жүргүзүлүп, студенттерди тандоо жана жайгаштыруу сынагы («Манас» СТЖС) менен Чет тилди билүү деңгээлин аныктоо сынагы («Манас» ЧТБДАС) жылына бир жолу өткөрүлөт.

Толугу менен «Манас» БТЖБ координаторлугунда жана КТМУнун кызматкерлери тарабынан даярдалган бул сынак ыкмасы адилеттүү атаандаштыкка негизделип, субъективдүү факторлордон алыс таза сынактын өтүшүн камсыздайт.

А) Сынакка тапшыруу

Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу сынагы («Манас» СТЖС) менен «Манас» Чет тилди билүү деңгээлин аныктоо сынагына («Манас» ЧТБДАС) тапшыруу 2021-жылдан тарта интернет аркылуу жүргүзүлүүдө.

В) Сынакка кимдер катыша алат?

Кыргыз Республикасынан:

• Кыргыз Республикасынын толук орто билими жөнүндө аттестатына же ага эквиваленттүү документке ээ болгондор;

• КР ЖРТ (жалпы республикалык тестирлөө) босого балл жана андан жогору балл алгандыгы тууралуу ЖРТ сертификаты барлар;

. Студенттерди өзгөчө жөндөмдүүлүк сынагы аркылуу кабыл алган Спорт илимдери факультети менен Көркөм өнөр факультетинин бөлүмдөрүнө студенттер 2019-жылы КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан Көркөм өнөр, Спорт илимдери факультеттерине коюлган талапка ылайык кабыл алынат.

• Университетке студент болуп кабыл алынган учурда талап кылынган жеке документтерин тапшырышы керек.

• КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан толук орто билими жөнүндө документтеринин эквиваленттүүлүгү кабыл алынган чет элдик жарандар университетке студент болуп кабыл алынган учурда жеке документтерин тапшыра алат.

• КР «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 7-беренесине ылайык, университеттин бүтүрүүчүлөрү «Манас» университетинин кирүү сынагына катыша албайт, ал эми кесиптик орто билимге ээ болгон бүтүрүүчүлөр катыша алышат.

Түркия Республикасынан:

Түркия Республикасынын жарандары ТР Жогорку билим берүү комитетинин Өлчөө, тандоо жана жайгаштыруу борбору тарабынан өткөрүлгөн бакалаврдык билим берүү боюнча кирүү сынагынын жыйынтыгына жараша университетке кабыл алынат.

Түрк тектүү мамлекеттер менен түрк жана боордош коомчулуктардан:

• КТМУ тарабынан бекитилген квотага ылайык, келишим түзүлгөн университеттер тарабынан тандалган студенттер университетке кабыл алынат.

• Университеттин алдында түзүлгөн Түрк тектүү мамлекеттерден жана түрк коомчулуктарынан студенттерди  кабыл алуу комиссиясы аркылуу КТМУга студенттер кабыл алынат. Комиссиянын сунушу боюнча тийиштүү мамлекеттерге атайын комиссия жөнөтүлөт. Аталган комиссия университетке тапшырган абитуриенттердин билим деңгээлин аныктайт. Талапка жооп берген абитуриенттерди университетке кабыл алуу боюнча комиссиянын сунушу университеттин Окумуштуулар кеңешине билдирилип, студенттер КТМУ тарабынан бекитилген квотага ылайык кабыл алынат.

C) Сынакты өткөрүү жана баалоо

Сынак Жалпы сынак жана түштөн кийин Англис тил сынагы болуп экиге бөлүнөт. Жалпы сынак гуманитардык жана табигый илимдер боюнча билимин текшерген 120 суроодон, ал эми англис тил сынагы 60 суроодон турат. Адистиги чет тил менен байланышкан бөлүмдөргө тапшырган абитуриенттер англис тил сынагына кирүүгө тийиш.

Суроо китепчеси эки бөлүмдөн туруп, биринчи бөлүмүндөгү суроолор кыргыз тилинде, ал эми экинчи бөлүмүндөгү  суроолор орус тилинде берилет. Абитуриенттер өздөрү каалаган бөлүмдү тандап, суроолорго жооп бере алышат.

Сынактын жыйынтыгында «гуманитардык илимдер», «табигый илимдер», «гуманитардык жана табигый илимдер боюнча суроолордун ортосундагы тең салмактуулук» жана «чет тили» деген критерийлер боюнча төрт түрдүү балл  эсептелинет.

D) Жайгаштыруу иши

Абитуриенттердин факультет жана бөлүм тандоолору 2021-жылдан тарта интернет аркылуу жүргүзүлүүдө. 2021-жылдан тарта бир гана бөлүм тандоо мүмкүнчүлүгү берилген.

Тандоолор «жайгаштыруу жана кошумча жайгаштыруу» иретинде 2 турдан турат. Биринчи жайгаштырууда бош калып калган орундар болгон учурда кошумча жайгаштыруу өткөрүлөт.

Абитуриенттердин баллдары, тандаган бөлүмдөрү, бөлүмдөргө бөлүнгөн квота жана шарттары эске алынып, студенттерди бөлүмдөргө жайгаштыруу иши компьютердин жардамы менен ишке ашырылат. Сынактын жыйынтыктары университеттин веб-баракчасында кулактандыруу аркылуу  жарыяланат.

Сынак жана бөлүмдөргө жайгаштыруунун жыйынтыктарына наразы болгон абитуриенттер 3  (үч) күндүн ичинде Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борборунун башкармалыгына арыз менен кайрыла алышат.

«Манас» СТЖС боюнча маалыматтар

2020-жылдагы коронавирус пандемиясына байланыштуу КТМУнун Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борборунун 2020-жылдагы кирүү сынагы өткөрүлбөй, студенттерди тандоо КР ЖРТ сынагынын жыйынтыгы менен жүргүзүлдү. Ушуга ылайык, 2020-жылдагы абитуриенттер тууралуу маалыматтар 119-таблицада бөлүмдөр боюнча алгачкы 100дүккө кирген студенттер көрсөтүлүп, жалпы жана турлар боюнча эки вариант түрүндө маалыматтар берилген.

**119-таблица. 2021 - «Манас» СТЖС жыйынтыгына жараша студенттерди бөлүмү боюнча жайгаштыруу**

| ФАКУЛЬТЕТ ЖАНА БӨЛҮМДҮН АТАЛЫШТАРЫ | Квота | Жайгаштырылган | Каттоо | Бош орун | Тур аркылуу жайгаштырылган | 2-турдун каттоосу | 2-турдан бош орун | Катоодон өткөндөрдүн жалпы саны | Бош калган оруундардын жалпы саны | % коэф |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **ГУМАНИТАРДЫК ФАКУЛЬТЕТ** | **204** | **200** | **180** | **20** | **23** | **20** | **3** | **200** | **4** | **98.04** |
| Тарых | 22 | 22 | 21 | 1 | 1 | 1 | 0 | 22 | 0 | 100.00 |
| Филология (түркология) | 25 | 25 | 21 | 4 | 4 | 2 | 2 | 23 | 2 | 92.00 |
| Филология (орус тили жана адабияты) | 15 | 15 | 15 | 0 | 0 | 0 | 0 | 15 | 0 | 100.00 |
| Филология (англис тили жана адабияты) | 10 | 10 | 10 | 0 | 0 | 0 | 0 | 10 | 0 | 100.00 |
| Филология (кытай тили жана адабияты) | 15 | 15 | 13 | 2 | 2 | 2 | 0 | 15 | 0 | 100.00 |
| Социология | 20 | 20 | 17 | 3 | 3 | 3 | 0 | 20 | 0 | 100.00 |
| Философия | 20 | 20 | 16 | 4 | 4 | 4 | 0 | 20 | 0 | 100.00 |
| Педагогика (Психологиялык-педагогикалык кеңеш жана көмөк) | 22 | 22 | 20 | 2 | 2 | 1 | 1 | 21 | 1 | 95.45 |
| Лингвистика синхрондук котормо (кыргыз жана түрк тилдери) | 20 | 20 | 18 | 2 | 2 | 2 | 0 | 20 | 0 | 100.00 |
| Лингвистика синхрондук котормо (кыргыз жана англис тилдери) | 20 | 16 | 15 | 1 | 4 | 4 | 0 | 19 | 1 | 95.00 |
| Лингвистика синхрондук котормо (түрк жана орус тилдери) | 15 | 15 | 14 | 1 | 1 | 1 | 0 | 15 | 0 | 100.0 |
| **ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ** | **70** | **70** | **60** | **10** | **10** | **8** | **2** | **68** | **2** | **97.14%** |
| Биология | 30 | 30 | 26 | 4 | 4 | 4 | 0 | 30 | 0 | 100.00% |
| Математика | 20 | 20 | 19 | 1 | 1 | 1 | 0 | 20 | 0 | 100.00% |
| Колдонмо математика жана информатика | 20 | 20 | 15 | 5 | 5 | 3 | 2 | 18 | 2 | 90.00% |
| **ЭКОНОМИКА ЖАНА БАШКАРУУ ФАКУЛЬТЕТИ** | **129** | **119** | **109** | **10** | **15** | **12** | **3** | **121** | **8** | **93.80** |
| Экономика | 33 | 33 | 30 | 3 | 3 | 2 | 1 | 32 | 1 | 96.97 |
| Менеджмент | 33 | 33 | 29 | 4 | 4 | 3 | 1 | 32 | 1 | 96.97 |
| Эл аралык мамилелер | 30 | 30 | 28 | 2 | 2 | 2 | 0 | 30 | 0 | 100.00 |
| Экономика (финансы жана кредит) | 33 | 23 | 22 | 1 | 6 | 5 | 1 | 27 | 6 | 81.82 |
| **ТЕОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ** | **80** | **28** | **25** | **3** | **25** | **18** | **7** | **43** | **37** | **53.75%** |
| Дин таануу | 35 | 7 | 7 | 0 | 7 | 4 | 3 | 11 | 24 | 31.43% |
| Теология | 45 | 21 | 18 | 3 | 18 | 14 | 4 | 32 | 13 | 71.115 |
| **КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИ** | **115** | **115** | **102** | **13** | **13** | **11** | **2** | **113** | **2** | **98.26** |
| Журналистика | 35 | 35 | 28 | 7 | 7 | 5 | 2 | 33 | 2 | 94.29 |
| Реклама жана коом менен байланыштар | 35 | 35 | 30 | 5 | 5 | 5 | 0 | 35 | 0 | 100.00 |
| Телевидение | 45 | 45 | 44 | 1 | 1 | 1 | 0 | 45 | 0 | 100.00 |
| **ИНЖЕНЕРДИК ФАКУЛЬТЕТ** | **128** | **128** | **111** | **17** | **17** | **14** | **3** | **125** | **3** | **97.66** |
| Программалык инженерия | 25 | 25 | 25 | 0 | 0 | 0 | 0 | 25 | 0 | 100.00 |
| Жаратылышты колдонуу жана экология | 20 | 20 | 17 | 3 | 3 | 2 | 1 | 19 | 1 | 95.00 |
| Коомдук тамактанууну уюштуруу жана продукциянын технологиясы | 20 | 20 | 17 | 3 | 3 | 3 | 0 | 20 | 0 | 100.00 |
| Химиялык технология | 20 | 20 | 14 | 6 | 6 | 5 | 1 | 19 | 1 | 95.00 |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Электроника жана электр инженериясы | 25 | 25 | 23 | 2 | 2 | 2 | 0 | 25 | 0 | 100.00 |
| Өнөр жай инженериясы | 18 | 18 | 15 | 3 | 3 | 2 | 1 | 17 | 1 | 94.44 |
| **ВЕТЕРИНАРДЫК ФАКУЛЬТЕТ** | **15** | **12** | **11** | **1** | **4** | **4** | **0** | **15** | **0** | **100.00%** |
| Ветеринария | 15 | 12 | 11 | 1 | 4 | 4 | 0 | 15 | 0 | 100.00% |
| **АЙЫЛ ЧАРБА ФАКУЛЬТЕТИ** | **40** | **12** | **9** | **3** | **26** | **24** | **2** | **33** | **7** | **82.50%** |
| Агрономия (мөмө-жемиш жана талаа өсүмдүктөрү) | 20 | 7 | 5 | 2 | 10 | 9 | 1 | 14 | 6 | 70.00% |
| Агрономия (Өсүмдүктөрдү коргоо) | 20 | 5 | 4 | 1 | 16 | 15 | 1 | 19 | 1 | 95.00% |
| **ТУРИЗМ ФАКУЛЬТЕТИ** | **90** | **90** | **81** | **9** | **9** | **8** | **1** | **89** | **1** | **98.89%** |
| Мейманкана иши | 35 | 35 | 31 | 4 | 4 | 4 | 0 | 35 | 0 | 100.00% |
| Туризм (саякат иши жана гид кызматы) | 25 | 25 | 23 | 2 | 2 | 1 | 1 | 24 | 1 | 96.00% |
| Сервис (ресторан иши жана кулинардык өнөр) | 30 | 30 | 27 | 3 | 3 | 3 | 0 | 30 | 0 | 100.00% |
| **КЕСИПТИК ЖОГОРКУ МЕКТЕП** | **335** | **198** | **149** | **49** | **55** | **45** | **10** | **194** | **141** | **57.91%** |
| «Менеджмент» адистиги | 35 | 35 | 23 | 12 | 12 | 11 | 1 | 34 | 1 | 97.14% |
| «Курулуштарды жана имараттарды куруу жана эсксплуатациялоо» адистиги | 35 | 7 | 7 | 0 | 4 | 4 | 0 | 11 | 24 | 31.43% |
| «Экономика жана бухгалтердик эсеп» адистиги | 35 | 33 | 30 | 3 | 5 | 3 | 2 | 33 | 2 | 94.29% |
| «Автоунааларды техникалык тейлөө жана оңдоо» адистиги | 35 | 7 | 4 | 3 | 1 | 0 | 1 | 4 | 31 | 11.43% |
| Мектепке чейинки билим берүү | 35 | 18 | 14 | 4 | 3 | 2 | 1 | 16 | 19 | 45.71% |
| Маркетинг | 35 | 27 | 21 | 6 | 10 | 9 | 1 | 30 | 5 | 85.71% |
| Туризм | 35 | 35 | 26 | 9 | 9 | 8 | 1 | 34 | 1 | 97.14% |
| Ширетүү өндүрүшү | 30 | 1 | 0 | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 30 | 0.00% |
| Жыгач иштетүүнүн технологиясы, эмеректер дизайны жана конструкциялоо | 30 | 5 | 4 | 1 | 1 | 1 | 0 | 5 | 25 | 16.67% |
| Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо | 30 | 30 | 20 | 10 | 10 | 7 | 3 | 27 | 3 | 90.00% |

**120-таблица. 2021 - «Манас» СТЖС абитуриенттер тууралуу статистикалык маалымат**

| | I ТУР | II ТУР |
|---|---|---|
| Документ тапшырган абитуриенттер | 5 557 | 462 |
| Факультет жана бөлүмдү тандаган абитуриенттер | 1 747 | 462 |
| Каттоодон өткөн абитуриенттер* | 1 180 | 83 |

* Каттоодон өтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон абитуриенттердин айрымдары каттоодон өткөн эмес.

**2021-жылында сынак өткөрүү иш-чаралары**

«Манас» Чет тилди билүү деңгээлин аныктоо сынагы (ЧТБДАС)

Сынак өткөрүү күндөрү университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан ар бир жылда бекитилет. Бул бекитилген күндөргө жараша жылына 2 жолу өткөрүлөт. Мындан сырткары ректораттын талабы боюнча университетке кенже илимий кызматкерди ишке кабыл алуу үчүн кошумча сынактар өткөрүлүп турат.

«Манас» Чет тилди билүү деңгээлин аныктоо сынагынын (ЧТБДАС) 2021-жылдагы маалыматы:

• 2021-жылдын 25-июнунда өткөрүлгөн сынакка 83 талапкер;

• 2021-жылдын 5-декабрында өткөрүлгөн сынакка 74 талапкер тапшырган.

КТМУнун бөлүм тандоо сынагы (БТС)

Түрк тектүү мамлекеттерден, боордош элдерден жана башка мамлекеттерден келишкен студенттерге университеттин бөлүм жана программаларын тандоолору үчүн жылына бир жолу бөлүм тандоо сынагы өткөрүлөт. Бөлүмү белгиленбей туруп кабыл алынган студенттерге ар бир окуу жылында атайын квота берилет. Даярдоо курсун ийгиликтүү аяктагандан кийин бөлүм тандоо сынагына кирип, ал сынактын жыйынтыгына жараша тандаган бөлүмдөрүнө кабыл алынат.

КТМУнун бөлүм тандоо сынагы (БТС) боюнча 2021-жылдагы маалымат:

2021-жылдын 5-июнунда өткөрүлгөн сынакка 67 талапкер катышкан.

Түркия Республикасынын Өлчөө, тандоо жана жайгаштыруу борборунун Бишкектеги сынак координаторлугу:

ТР ӨТЖБ Бишкектеги сынак координаторлугу 102 талапкердин сынакка тапшыруу иштерин карап чыккан.

Сынакка тапшыргандар:

• ТР медицина тармагы боюнча чет өлкөдө диплом алган докторанттардын дипломунун эквиваленттүүлүгүн аныктоо сынагы – 2021 (STSTIP 1-семестр): 11 талапкер арыз тапшырган;

• ТР медицина тармагы боюнча чет өлкөдө диплом алган докторанттардын дипломунун эквиваленттүүлүгүн аныктоо сынагы – 2021 (STSTIP 2-семестр): 56 талапкер арыз тапшырган;

• Стоматология багыты боюнча кесиптик билим деңгээлин аныктоо сынагы: 4 талапкер арыз тапшырган;

• ТР жогорку окуу жайларында чет тили сынагы – 2021/1: 1 талапкер арыз тапшырган;

• ТР чет тилди билүү деңгээлин аныктоо сынагы – 2021/1: 1 талапкер арыз тапшырган;

• ТР академиялык кызматкерлигине жана ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларына тапшыруу сынагы: 1 талапкер арыз тапшырган.

• ТР ЖОЖ – 2021/1: 1 талапкер арыз тапшырган.

Талапкерлердин маалыматтарын иштеп чыгуу

• Жаңы каттоо/маалыматтарды жаңылоо: 4 талапкер

• Сүрөт жаңыртуу: 5 талапкер

• Сыр сөзүн жаңыртуу: 1 талапкер

• Чет элдик номерди алуу: 33 талапкер

**«Манас» СТЖС борбору тарабынан жүргүзүлгөн сурамжылоолор:**

Университет сапатты жакшыртуу иш-чараларынын алкагында «ишти жакшыртуу, кемчиликтерди четтетүү жана алдыңкы тажрыйбаларды колдонуу» үчүн канааттанууну баалоо максатында ар кандай сурамжылоолор жүргүзүлүп келет. Бул сурамжылоолордо университеттин академиялык, административдик кызматкерлеринин жана студенттеринин канааттануусу бааланат.

КТМУ академиялык кызматкерлеринин иштеген жерине канааттануусун аныктоо анкетасы

Профессордук-окутуучулук курамдын иштеген жерине канааттануусун аныктоо сурамжылоонун алкагында «Өзү эмгектенип жаткан бөлүмдүн ишине, университет тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарга жана университетке болгон канааттануу» ченемдери боюнча бааланат. Бул иш-чаранын алкагында сурамжылоого 2018-жылы 180, 2019-жылы 260, 2020-жылы 299, 2021-жылы болсо 89 профессор-окутуучу тартылган. Алынган жыйынтыктарга ылайык, профессордук-окутуучулук курамдын университетке болгон канааттануусу (АО=4,52) кыйла жогору экени көрүндү. Ошондой эле респонденттер эмгектенип жаткан бөлүм (АО = 4,14) жана университет тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарга (АО = 4,20) чоң ыраазычылыгын билдирген.

Академиялык жана административдик кызматкердин канааттануусун изилдөө

Академиялык жана административдик кызматкердин канааттануусун иликтөөнүн алкагында академиялык жана административдик кызматкерлердин пикирлери «Айлана-чөйрөнүн тийгизген таасири, мекемеге таандык болуу сезими, университет тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар, башкаруу ыкмасына көз карашы жана карьера мүмкүнчүлүктөрү» сыяктуу ченемдер боюнча бааланды. Бул иш-чаранын алкагында 2018-жылы 248, 2019-жылы 267, 2020-жылы 318, 2021-жылы болсо 120 кызматкердин пикирлери алынган. Анкетада респонденттер айлана-чөйрөнүн тийгизген таасирине (АО=4,53), мекемеге (КТМУ) таандык болууга (АО=4,23), университет тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарга (АО=4,23), башкаруу ыкмасына (АО=3,94) жана карьера мүмкүнчүлүктөрүнө (АО=3,97) ыраазычылыгын билдирген.

Кызмат көрсөткөн бөлүмдөргө болгон канааттанууну баалоо

Кызмат көрсөткөн бөлүмдөргө болгон канааттанууну иликтөөнүн алкагында респонденттердин көрсөтүлгөн кызматтар боюнча канааттануу деңгээлин аныктоо үчүн колдонулат. Анкетада Маалыматтык технологиялар башкармалыгы, Административдик-чарбалык иштер башкармалыгы, Башкы катчылык, Китепкана жана маалымат башкармалыгы, Студенттик иштер башкармалыгы, Кадрлар башкармалыгы, Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы, Стратегиялык пландоо башкармалыгы, Курулуш жана өндүрүштүк-техникалык башкармалыгы тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар жана иш-чаралар боюнча канааттануу деңгээли аныкталды. Бул иш-чаранын алкагында 2018-жылы 163, 2019-жылы 183, 2020-жылы 183, ал эми 2021-жылы 83 кызматкердин пикирлери алынган. Анкетанын жыйынтыгында 9 административдик түзүмдүн ичинен кызмат көрсөтүү жаатында эң жогору көрсөткүчкө ээ болгондор:

Китепкана жана маалымат башкармалыгы (АО=4,46)

Маалыматтык технологиялар башкармалыгы (АО=4,32)

Студенттик иштер башкармалыгы (АО=4,26)

Курулуш жана өндүрүштүк-техникалык башкармалыгы (АО=4,20)

Кадрлар башкармалыгы (АО=4,16)

Административдик-чарбалык иштер башкармалыгы (АО=4,10)

Стратегиялык пландоо башкармалыгы (АО=4,08)

Ден соолук, маданият жана спорт башкармалыгы (АО=4,08)

Башкы катчылык (АО=4,05)

Студенттердин канааттануусун аныктоо анкетасы

Университетте билим алып жаткан студенттердин канааттануусун аныктоо максатында «университеттин мүмкүнчүлүктөрү, билим берүү жана административдик иш-чаралар» жаатында студенттерден сурамжылоо жүргүзүлөт. Бул изилдөө иштеринин алкагында 2018-жылы 3868, 2019-жылы 4044, ал эми 2020-жылы 4179 студенттен пикир алынган. Анкетанын жыйынтыгында университеттин мүмкүнчүлүктөрүнө (АО=3,74), билим берүүгө (АО=3,74) жана административдик иш-чараларга (АО=3,74) жогорку деңгээлде ыраазычылыктарын билдиришкен. Ал эми 2021-жылы билим берүү онлайн түрүндө өткөрүлгөндүктөн сурамжылоо жүргүзүлгөн эмес.

Окутуучулук курамды баалоо анкетасы

Студенттер арасында жүргүзүлгөн окутуучуну баалоо анкетасы окутуучулардын билим берүү процессиндеги жүрүм-турумун баалоо үчүн колдонулат. Бул иликтөөнүн алкагында 446 окутуучу тарабынан өткөрүлгөн 2075 сабак боюнча 2018-жылы 36 984, 2019-жылы 36 925, 2020-жылы 39 372, ал эми 2021-жылы 30 316 сурамжылоо жүргүзүлгөн. Анкетадагы 20 пункттун орточо арифметикалык баасы 3,99 менен 4,02нин ортосунда өзгөргөн. Бул маалыматка ылайык студенттер окутуучуларга жалпысынан ыраазычылыктарын билдирген.

Ата-энелердин канааттануусун сурамжылоо анкетасы

Ата-энелердин канааттануусун сурамжылоо университетте билим алып жаткан студенттердин үй-бүлөлөрүнө жүргүзүлгөн анкета болуп саналат. Бул иликтөөнүн алкагында 2020-жылы 1712, ал эми 2021-жылы 322 үй-бүлөдөн маалымат алынган. Ата-энелер университетке жалпысынан чоң (АО=4,32) ыраазычылык билдиришкен. Ата-энелер «университеттин инфраструктурасына, китепканасына, кампустагы коопсуздукка, тынч жана бейпил чөйрөгө, ашкана жана кантин-кафетерий, ден соолук борборунун кызмат көрсөтүүлөрүнө ж.б. кызматтарга» эң жогору баа беришкен. Респонденттер «Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коомдогу аброюна жана Кыргызстандын өнүгүүсүнө кошкон салымына» да жогору баа беришкен.

### 3.3.5. Үзгүлтүксүз билим берүү борбору / ҮБББ

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Үзгүлтүксүз билим берүү борборунун негизги максаты – замандын шарттарына шайкеш келүүнү көздөгөн, адамзаттын жана мекемелердин сапаттуу жана жемиштүү бизнес жашоосу үчүн муктаж болгон тармактарында сапаттуу үзгүлтүксүз билим берүү программаларын уюштуруу. Өмүр бою билим берүү процессинин алкагында, өлкөнүн муктаж болгон сапаттуу жумушчу кадрларын даярдоо үчүн коомдун

бардык катмарындагы адамдар колдоно турган тил, чеберчилик жана кесиптик билим берүү иш-чараларын жүргүзөт.

ҮБББ Кыргызстан-Түрк «Манас» университети күндүзгү окуу формасындагы бакалавриат жана магистратура программаларынан тышкары, билим берүү жана илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн бардык багыттар боюнча окуу программаларын иштеп чыгуу, университеттин мамлекеттик, жеке сектор, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдар менен кызматташуусун өнүктүрүүгө салым кошуу максатында түзүлгөн. Лингвистика, технология, көркөм өнөр жана спорт илимдери боюнча көндүмдөрүн, индивидуалдык жана кесиптик компетенцияларын өнүктүрүүгө багытталган бир топ тармакта билим берүү иш-чараларын жүргүзүп, факультет жана бөлүмдөр менен эриш-аркак кызматташтык ичинде өзүнө таандык иш-чараларды аткарат.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ҮБББ адамзаттын өмүр бою үйрөнүүсүнө салым кошкон ар кыл багыттарда курстарды ачып, ал курстарда бүтүрүүчүлөр сабак берип, азыркы учурда да курстар уюштурулуп келет.

КТМУ ҮБББда кыргыз жана орус тилдеринде 2 башка өзүнчө тил курсу уюштурулган. 2020-2021-окуу жылында коронавирус пандемиясына байланыштуу курстарга катышуучулардын саны кыйла азайды. Ушул себептен улам, башталгыч деңгээлде орус жана кыргыз тили аталышында 2 курс дистанттык билим берүү ыкмасы менен жүргүзүлүп, аталган курстарга катышууга 12 киши тапшырган. Башталгыч деңгээлде орус тили курсунан 2, ал эми башталгыч деңгээлде кыргыз тили курсунан 3 киши, жалпы 5 бүтүрүүчү аяктаган.

«КТМУ ҮБББ келечекте көздөлгөн максаттарды ишке ашыруу менен бирге «Элдик университет» катары элге кесиптик билим берүү боюнча курстарды да уюштуруу долбоорун иштеп чыккан. Бирок «КТМУнун алдындагы чарбалык эсептин негизинде иш жүргүзүүчү түзүмдүн ишмердүүлүгү боюнча нускамасы» өз күчүнө кире элек болгондуктан, аталган долбоор ишке ашырыла элек. Муну менен катар мындан мурда эки семестр КТМУ Теология факультети менен биргелешип жүргүзүлгөн «Куран жана негизги диний түшүнүктөр» аттуу курстар үстүбүздөгү жылдын пандемия себептерине байланыштуу өтүлгөн жок.

### 3.3.6. Дистанттык билим берүү борбору ДБББ

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Дистанттык билим берүү борборунун негизги максаты – университеттеги орток сабактарды (факультативдик сабактар) аралыктан окутуу. Университетте орточо эсеп менен 3000 студенттин алган орток сабактары борбордун координациялоосу аркылуу жүргүзүлөт. Окутулуп жаткан орток сабактарга факультеттер тарабынан ар бир сабакка бирден координатор дайындалат. Бул координаторлор сабактардын онлайн түрүндө жумасына бир жолу өткөрүлүшү менен бирге сынактардын жүргүзүлүшүнө да жооптуу болуп саналат.




Борбор тарабынан жүргүзүлгөн орток сабактардын жана координаторлордун тизмеси төмөндөгү таблицада көрсөтүлдү.

121-таблица. ДБББ коодинаторлугундагы орток сабактар

| | Сабактын коду | Сабактын аты | Сабактын координатору |
|---|---|---|---|
| 1 | FLS-251 | Философия | Доц., док. м.а. Кишимжан Эшенкулова |
| 2 | TAR-251 | Ата мекен тарыхы – I | Доц., док. м.а. Кайрат Белек |
| 3 | ÇEV -151 | Экология | к.и.к. Кубат Кемелов |
| 4 | FEN-102 | Азыркы табият таануу билимдеринин концепциялары | Доц., док. Тамара Карашева |
| 5 | TUR-226 | Манас таануу | Ага окутуучу Чынар Жылкычиева |
| 6 | TAR-252 | Ата мекен тарыхы – II | Доц., док. м.а. Роза Абдыкулова |
| 7 | EDF-202 | Дүйнөлүк жана түрк цивилизациялары | Ага окутуучу PhD Абдрашит Бабатаев |
| 8 | CEV-153/CEV-100 | Кыргызстандын географиясы | Ага окутуучу Мирлан Дайыров |
| 9 | BES-111 | Дене тарбия жана спорт | Ага окутуучу Айдар Акматов |

2021-2022-окуу жылынын күзгү жана жазгы семестрлеринде (2021-жылы) аткарылган иш-чаралар:

• Пандемия шарттарынан улам, орток сабактар жана бардык сынактар 2021-2022-окуу жылынын күзгү жана жазгы семестрлеринде онлайн түрүндө жүргүзүлдү. Үстүбүздөгү окуу жылында борбор тарабынан берилген орток сабактарга BES-111 Дене тарбия жана спорт сабагы кошулду. Сабактын окуу материалдары жана видеосабактары Спорт илимдери факультети тарабынан даярдалып сайтка жайгаштырылды. Айдар Акматов аталган сабактын координатору болуп дайындалды.

Борбор тарабынан орток сабактардын жүргүзүлүшү, сынактардын өткөрүлүшү, сынактардын жыйынтыгы жана башка дистанттык жол аркылуу берилген сабактар боюнча аныкталган кемчиликтерди четтетүү жаатында иштер жүргүзүлүүдө. Бул жаатта 2021-жылы аткарылган жана аткарылып жаткан иш-чаралар төмөндө берилди:

• Орток сабактардын бири болгон Философия сабагынын окуу материалдары координатор доц., док. м.а. Кишимжан Эшенкулова тарабынан жаңыланып иштелип чыкты.

• TAR-252 Ата мекен тарыхы – II, Түркия Республикасынын тарыхы сабагынын окуу материалдары тарых бөлүмү тарабынан жаңы булактарга жараша сабактын мазмуну кайрадан каралып чыгып, жаңыланды. Ошол эле учурда сабактын видеолору жогоруда аталган бөлүмдүн профессордук-окутуучулук курамы тарабынан кайрадан иштелип чыкты.

• TAR-251 Ата мекен тарыхы – I, Кыргыз Республикасынын тарыхы сабагынын окуу материалдары тарых бөлүмү тарабынан жаңы булактарга жараша сабактын мазмуну кайрадан каралып чыгып, жаңыланды. Ошол эле учурда сабактын видеолору жогоруда аталган бөлүмдүн профессордук-окутуучулук курамы тарабынан кайрадан иштелип чыкты.

• TAR-252 Ата мекен тарыхы – II, Түркия Республикасынын тарыхы сабагынын окуу материалдары кыргыз тилинде тийиштүү координатор тарабынан окуу китеби катары

даярдалып жатат.

• Пандемиядан улам 2021-жылдагы бүтүрүүчүлөрүбүз мамлекеттик сынактарын (Кыргыз Республикасынын тарыхы жана Түркия Республикасынын тарыхы) да борбор аркылуу тапшырышты.

• 2021-2022-окуу жылынын күзгү семестринде орток сабактарды алган студенттердин онлайн окууда дуушар болгон көйгөйлөрү боюнча сурамжылоо жүргүзүлгөн. Бул сурамжылоодо алынган жыйынтыктардын негизинде илимий макала жазылды.

• TUR-226 «Манас таануу» сабагынын окуу материалдары түркология бөлүмү тарабынан жаңыланды.

• FEN-102 Азыркы табият таануу билимдеринин концепциялары сабагы боюнча студенттердин алган билимин текшерүү жаатында суроолордун топтому тийиштүү координатор доц., док. Тамара Карашева тарабынан жаңыланды.

## 3.4. АДМИНИСТРАТИВДИК ТҮЗҮМДӨРДҮН ИШ-ЧАРАЛАРЫ

### 3.4.1. Курулуш башкармалыгы

1996-жылы Бишкек шаарында «университеттин пайдубалын куруу мезгили» башталып, Камкорчулар кеңешинин 2001-жылдын 17-майындагы №2001-10/2 чечиминин негизинде Курулуш иштери жана кыймылсыз мүлк башкармалыгы түзүлүп, университеттин «түзүмдүк схемасы» жана административдик штаттык орундар бекитилген. Башкаруу кеңешинин 2002-жылдын 12-мартындагы №2002-3-9 чечиминин 7-бөлүгүнө ылайык, Курулуш башкармалыгы аталып, ишмердүүлүгүн жүргүзө баштаган.

Аталган башкармалык ректоратка баш ийип, түздөн-түз башкы катчылыктын карамагында иш алып барат. Бул башкармалык ар түрдүү курулуш, объект, ондоо-түзөө, тейлөө, изилдөө, долбоорлоо, болжолдуу наркты аныктоо, тендердик жана текшерүү иштеринин бардык түрлөрү боюнча кызматтарды көрсөтөт. Башкармалыкта эмгектенип жаткан техникалык кызматкерлер менен тийиштүү маселелерди ыкчам чечүүгө, окуу-тарбия, илимий-практикалык иш-чаралар үчүн талап кылынган заманбап объекттерди курууда өткөрүлө турган тендердик иштерди тийиштүү мыйзамдарга ылайык жүргүзүүгө жана көзөмөлдөөгө милдеттүү болуп саналат.

Башкармалыктын жетекчиси, башкармалыкка караштуу бөлүмдөрдүн мүдүрлөрү жана башкармалыкта эмгектенген кызматкерлер: 1 архитектор, 1 электр инженери, 1 инженер-механик, 1 техникалык иштер боюнча мүдүр, 5 жыгач уста, 3 электрик, 4 сантехник, 1 төмөнкү чыңалуу күчүнө ээ электр тармагы боюнча адис жана 11 убактылуу ишке алынган кызматкер.

Университеттин жеке менчигиндеги жер тилкесине билим берүү, маданият жана спорт кызматтарын көрсөтүү жана негизги муктаждыктарды (ден соолук, тамактануу, жашоо) канааттандыруу үчүн ар кандай имараттарды, объекттерди жана жайларды курат. Курулуш башкармалыгынын милдеттерин, укук жана жоопкерчиликтерин аткарат. 2021-жылы аткарылган иш-чаралар жана долбоорлор төмөндөгү таблицада берилди.

| 122-таблица. 2021-жылы аткарылган иш-чаралар жана долбоорлор | | |
|---|---|---|
| **№** | **Иш-чаранын/долбоордун аталышы** | **Абалы** |
| 1 | КТМУнун Ч. Айтматов атындагы кампусунун башкы кире беришин жарыктандыруу | Аткарылды |
| 2 | КТМУнун Ч. Айтматов атындагы кампусунун жалпы жарыктандыруу системасын тейлөө, оңдоп- түзөө | Аткарылды |
| 3 | КТМУнун Ч. Айтматов атындагы кампусунун А. Масалиев проспектиси тарабындагы Ветеринардык факультетинде жайгашкан КТМУ логотибин жана жазуусун жарыктандыруу | Аткарылды |
| 4 | КТМУнун Ч. Айтматов атындагы кампусунун Үзгүлтүксүз билим берүү борборунун имаратын Ден соолук борборуна реконструкциялоо | Аткарылды |
| 5 | КТМУнун Ч. Айтматов атындагы кампусунун Инженерия факультетинин 1-кабатында кеңселердин курулушу | Аткарылды |
| 6 | КТМУнун Ч. Айтматов атындагы кампусунун Ветеринария факультетинин кошумча имаратынын бир бөлүгүн COVID-19 диагностикалык борборуна реконструкциялоо | Аткарылды |
| 7 | Айыл чарба факультетинин 1-кабатында жайгашкан жыйын залынын көркөм өнөр галереясын реконструкциялоо | Аткарылды |
| 8 | Имараттардагы автоматтык өрт тутумун текшерүү. Өрткө каршы инспекциянын талаптарына жараша Студенттер жатаканасынын А блогунун тепкичтеринин жыгач каптоолорун демонтаждоо. Өрт гидраттарынын клапандарын оңдоо иштери. Имараттагы өрткө каршы клапандарды текшерүү, оңдоп-түзөө | Аткарылды |
| 9 | Студенттер жатаканасынын А блогундагы 700 даана отургуч жана шкафтарды оңдоп- түзөө | Аткарылды |
| 10 | MEDIAMANAS радио-телекөрсөтүү мүдүрлүгү менен Гуманитардык факультеттин кээ бир бөлмөлөрүн оңдоп-түзөө | Аткарылды |
| 11 | Ден соолук борборуна таандык имараттын техникалык паспорту 2021-жылдын 16-февралында алынган. Бул техникалык паспорттун негизинде Саламаттыкты сактоо министрлигинен лицензия алуу | Аткарылды |
| 12 | Курулуш башкармалыгынын 2021-жылдагы административдик отчётун даярдоо | Аткарылды |
| 13 | Университеттин башкы планы боюнча КТМУ ректораты менен ТР Ататүрк университетинин техникалык кеңеши менен бирге жүргүзүлгөн иштин натыйжасында курула турган жаңы объектилердин ордун аныктоо | Долбоордун планы жана сметасы иштелип чыкты |
| 14 | КТМУнун Ч. Айтматов атындагы кампусунун Ветеринария факультетинин кошумча имаратынын бир бөлүгүн биохимия жана гематология лабораторияларына реконструкциялоо | Аткарылды |
| 15 | КТМУнун Ч. Айтматов атындагы кампусунун Экономика жана башкаруу факультетинин артында жайгашкан бакчада «Алачык чай күркөсүн» куруу | Аткарылды |
| 16 | КТМУнун Ч. Айтматов атындагы кампусунун 61 батирлүү кызматкерлерге убактылуу берилген турак-жайлар менен ачык асман алдындагы спорт аянтчасында жайгашкан жер тилкесин Айыл чарба факультетинин Практикалык бакчасына айландыруу | Долбоор |
| 17 | КТМУнун Ч. Айтматов атындагы кампусуна А. Масалиев проспектисинен кирген саркынды сууларды өткөрүү линиясын куруу | Аткарылды |
| 18 | 24 батирлүү кызматкерлерге убактылуу берилген турак-жайларды оңдоп- түзөө | Аткарылды |
| 19 | КТМУнун Борбордук имаратын оңдоп- түзөө | Аткарылды |

| | | |
|---|---|---|
| 20 | Студенттик жатакананын В блогун оңдоп- түзөө | Аткарылды |
| 21 | Студенттик жатакананын А блогун оңдоп- түзөө | Аткарылды |
| 22 | Жуучу каражаттарды чыгаруучу аянтчанын курулуш иштери | Аткарылды |
| 23 | Салттуу спорт оюндар майданы | Иштер жүргүзүлүүдө |
| 24 | Кесиптик жогорку мектебине CNC машиналары үчүн 210 м² устакананын аянтын кеңейтүү | Аткарылды |
| 25 | Артезиан кудугун казуу | Иштер жүргүзүлүүдө |
| 26 | КТМУнун Ч. Айтматов атындагы кампусунун Экономика жана башкаруу факультетинде кантин-кафетерий куруу | Аткарылды |
| 27 | Турмуш-тиричиликти тейлөө комплексинде кызматкерлер үчүн кантин-кафетерий куруу | Аткарылды |
| 28 | КТМУнун Ч. Айтматов атындагы кампусунун Экономика жана башкаруу факультетинин биринчи жана экинчи кабаттарын сырдоо (2.500 м²) | Аткарылды |
| 29 | КТМУнун Борбордук имаратындагы жаңы намазкананы жаңылоо | Аткарылды |
| 30 | Ашкананы сырдоо, актоо жана жаңылоо (600 м²) | Аткарылды |
| 31 | КТМУнун Ч. Айтматов атындагы кампусунун Коммуникация факультетин сырдоо, актоо жана жаңылоо (1.500 м²) | Аткарылды |
| 32 | КТМУнун Борбордук имаратынын 2-кабатын сырдоо, актоо жана жаңылоо | Аткарылды |

**Келишимдер**

**123-таблица. 2021-жылы түзүлгөн келишимдер**

| № | Иштин мазмуну | Фирманын аталышы | Келишимдин мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Автоунааларды камсыздандыруу | «Кыргызстан» акционердик коому | 02.12.2020 - 01.12.2021 |
| 2 | Чай-кофе жасоо бөлмөлөрү жана жалпы тазалоо иштери | «Bek Grupp» тазалык фирмасы | 11.08.2020 - 10.08.2021 |
| 3 | Мунай-газ компанияларынын электрондук карталары аркылуу унааларды күйүүчү-майлоочу каражаттар менен камсыз кылуу | «Газпром нефть Азия» ЖЧК | 20.09.2017-... |
| 4 | 1. Кызматкерлерди, студенттерди жеткирүү жана жүк ташуу | Виктор Василенко 1-нөөмөттүк унаа | 01.01.2021 - 31.12.2021 |
| 5 | 2. КТМУнун Борбордук имараты менен Ч. Айтматов кампусунун ортосунда кызматкерлерди жана студенттерди жеткирүү | Виктор Василенко 2. Ring кызматынын нөөмөттүк унаасы | 01.01.2021 - 31.12.2021 |
| 6 | GPS аркылуу унааларды көзөмөлдөө | «Realcom» фирмасы | 25.02.2014- |
| 7 | Бак-дарак тигүү жана пейзаждык жасалгоолор | «Sanjar İskander» | 01.03.2021 - 30.11.2021 |
| 8 | Катуу калдыктарды чыгаруу жана көмүү кызматы | «Тазалык» фирмасы | 01.01.2019 |

### 3.4.2. Сапаттык башкаруу боюнча өкүлчүлүк

Университетте TSE EN ISO 9001:2008 Башкаруу тутуму боюнча сертификатка ээ болуу жаатында иш-чаралар 2014-жылдын 4-февралында башталган. Түрк стандарттары институту тарабынан коюлган талаптарга ылайык шайкештештирүү иш-чаралары жүргүзүлүп, 2014-жылдын 4-декабрында TSE EN ISO 9001:2008 Башкаруу тутумунун сертификатын алуу үчүн кайрылып, Түрк стандарттары институтунун Аткаруу комитетинин 2015-жылдын 12-мартындагы №3874 чечиминин негизинде KYS сертификаты берилген. TSE EN ISO 9001:2008 стандарттарынан кийин TSE EN ISO 9001:2015 стандарт сертификаты алынып, 2018-жылдын 17-апрелинде бардык TSE тарабынан коюлган талаптар аткарылып, сертификаттар жаңыланган.

Сапаттык башкаруу түшүнүгүнүн негизинде студенттерге ар тараптан камкордук көрүү, айлана-чөйрөгө аяр мамиле жана коомго кызмат кылууну көздөө менен эл аралык деңгээлдеги абройлуу жана белгилүү университет болуу максатында иш алып барылат. Ички жана тышкы өнөктөштөрү менен конкреттүү долбоорлорду ишке ашырып, үзгүлтүксүз түрдө ар тараптуу кызматташтыктарды бекемдеп, дайыма жакшыртуу-жаңылануу, тынчтык жана бейкуттук түшүнүгү менен:

- Илимий жана коомдук тармактарда эркин ой жүгүртүү жөндөмүнө ээ
- Атаандаштыкка ачык
- Ачык-айкын
- Отчёттуулук

- Улуттук жана эл аралык деңгээлде иштей ала турган жаштарды тарбиялоо.

TSE сертификат берүү жобосу, TSE Башкаруу тутумунун сертификат берүү усул жана негиздери, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин сапат боюнча маалымат китепчеси, Тобокелдикти башкаруу боюнча стратегиялык маалымат китепчеси, Уюштуруу иш-чаралары боюнча маалымат китепчеси жана процедуралардын негизинде милдет жана жоопкерчиликтер аныкталган. Университеттеги академиялык жана админинистративдик түзүмдөрдүн жүргүзгөн ишмердүүлүгүнө жараша формалар иштелип чыгып, Сапаттык башкаруу тутуму тарабынан аныкталган багытта академиялык жана административдик процесстер жүргүзүлөт. Бардык академиялык жана административдик түзүмдөрдө Сапаттык башкаруу боюнча дайындалган кызматкер жана сапат боюнча дайындалган өкүлдөр тарабынан иш жүргүзүлүп, көзөмөлдөнөт.

Университеттин түзүмдөрү тарабынан ишмердик процессине байланыштуу формалар ар дайым текшерүүдөн өткөрүлүп, жаңы формалар иштелип чыгат. Административдик түзүмдөр тарабынан перформанс анализдери жүргүзүлөт. TSE тарабынан бир жылда бир жолу текшерүү, ал эми университеттин ичинде болсо 1 жолу ички текшерүү жүргүзүлөт.

### 3.4.3. Эл аралык мамилелер бюросу

Эл аралык мамилелер бюросу университеттин чет элдик университеттер, жогорку окуу жайлары, ар түрдүү мекеме жана уюмдар менен илимий, академиялык, социалдык маданий

багыттарда эки тараптуу же көп тараптуу байланыштарды түзүү, бул жаатта иш алып баруу, эл аралык деңгээлдеги бардык иш-чараларды координациялоо, дүйнөлүк билим берүү жана илимий изилдөө багытында бирге иш алып баруу жаатында ишмердүүлүк жүргүзгөн, ректоратка, факультет, жогорку жана кесиптик мектептерге көмөк көрсөтүү максатында негизделген ректоратка караштуу бөлүм болуп саналат. Университеттин Окумуштуулар кеңешинин 2013-жылдын 19-мартындагы №3 чечиминин негизинде «Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин эл аралык мамилелер бөлүмүнүн түзүлүшү, иш жүргүзүү тартиби жана милдеттери жөнүндө жобосу» кабыл алынышы менен ишмердүүлүгүн баштаган.

Эл аралык мамилелер бюросу 2021-жылдын аягына чейин 252 мекеме менен кызматташтык келишимин түзгөн. Басымдуу бөлүгүн университеттер түзгөн бул кызматташтыктарда ассоциациялар, фонддор, аналитикалык борборлор, басма үйлөрү сыктуу ар түрдүү мекеме жана уюмдар орун алган. Университеттин билим берүү мекемеси болуу миссиясынан сырткары Түркияга өкүлчүлүк кылган мекеме болушу аймактык жана эл аралык аренадагы көптөгөн мекеме жана уюмдар менен келишим түзүшүнө өбөлгө түзүүдө.

# 4. УНИВЕРСИТЕТТИН МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮН ЖАНА ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН БААЛОО

## АРТЫКЧЫЛЫКТАР

- Кампустук университет болуу
- Заманбап материалдык-техникалык база
- Студенттерге көрсөтүлгөн кызматтар
- Кыргызстандын алкагында эң мыкты китепкана жана иш кагаздарын жогорку деңгээлде жүргүзүү
- Акысыз билим берүү жана студенттерге көрсөтүлгөн материалдык жардам
- Бюджеттин ийкемдүүлүгү
- Ченемдик укуктук актылардын тактыгы жана түшүнүктүүлүгү
- Биргелешип башкаруу жана башкаруудагы ачык-айкындык
- Эки өлкөнүн ортосунда түзүлгөн эл аралык макулдашуу, каржылык жана административдик жаатта жакшы колдоо
- Эл аралык масштабда квалификациялуу кадрлар менен камсыз кылуу
- Болонья процессине шайкеш келген окуу пландары
- Ар кыл багыттагы билим берүү программалары
- Дипломдордун эквиваленттүүлүгү
- ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларына берилген стипендия
- Түрк дүйнөсүнөн жана башка мамлекеттерден студенттердин кабыл алынышы
- Коомдук жана маданий иш-чаралар
- Дистанттык билим берүү
- Илимий-изилдөө жана тажрыйба иштерин жүргүзүү жөндөмдүүлүгү
- Студенттерди тандоо жана кирүү сынактарын өткөрүү борбору
- Заманбап спорт комплекси
- Мезгилдүү басылып чыккан илимий журналдар
- Академиялык, коомдук, жеке менчик мекеме жана уюмдар, о.э. өкмөттүк эмес уюмдар менен кызматташтык.

## КЕМЧИЛИКТЕР

- Университет өзүнүн илимий-изилдөө жана тажрыйба жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн эл аралык деңгээлде натыйжалуу колдоно албашы
- Эки өлкөнүн мыйзамдарындагы айырмачылыктардан улам университеттин иш алып баруусундагы көйгөйлөр
- Академиялык жана административдик бөлүмдөр сапат боюнча алдына так максат коё албагандыгы
- Сапат боюнча аң-сезимдин жеткиликтүү деңгээлде калыптана электиги
- Тендер жана сатып алууларды өткөрүүдө дуушар болгон көйгөйлөр
- Жогорку квалификациялуу профессордук-окутуучу кадрлардын жетишсиздиги жана окутуу жүгүнүн бирдей эмес бөлүштүрүлүшү
- Иш кагаздарын үч тилде жүргүзүүнүн кыйынчылыгы
- Окуу процессинде техникалык каражаттардын жана жабдуулардын натыйжалуу колдонулбашы
- Социалдык камсыздоо деңгээлинин төмөндүгү
- Академиялык кызматкерлердин эмгек келишиминин (1 жылдык) кыска мөөнөткө түзүлүшү
- Административдик кызматкерлерди кызматтан жогорулатуу тутумунун начарлыгы
- Көз карандысыз билим берүү программаларын иштеп чыгуудагы кыйынчылыктар
- Окуу китептерди жана мезгилдүү басылмаларды алуудагы кыйынчылыктар
- ЖОЖдон кийинки билим берүү программаларында студенттердин санынын аздыгы
- Университеттин илимий-изилдөө борборлорунун материалдык-техникалык базасынын начарлыгы жана кадрлардын жетишсиздиги
- Билим берүү жана маданият жаатында кызматташуудагы көйгөйлөр
- Илимдин доктору дипломдорун Кыргызстанда нострификациядан өткөрүү (эквиваленттүүлүгүн тастыктоо) кыйынчылыгы

## МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР

- Улуттук жана эл аралык деңгээлдеги билим берүү мекемелери, мамлекеттик, жеке менчик уюмдар, ишканалар жана өкметтүк эмес уюмдар менен туруктуу кызматташуу
- Академиялык мобилдүүлүк программалары
- Кыргызстандын жогорку билим берүү тутумун дүйнөлүк билим берүү тутумуна интеграциялоо боюнча иш-аракеттер
- Жогорку квалификациялуу адистерге муктаждыктын дайыма өсүүсү
- Кыргызстандын табигый потенциалы жана өнүккөн тармактары
- Бүтүрүүчүлөрдү ишке тартуу
- Тил үйрөнүү боюнча Кыргызстандагы чоң мүмкүнчүлүк
- Кыргызстандын көп улуттуу болушунан улам ар түрдүү социалдык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө ыңгайлуулук
- Орто Азия чөлкөмүндө эл аралык долбоорлорду ишке ашыруу дарамети
- Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрү
- Өлкөнүн ичинде жана чет мамлекеттерде окуу-өндүрүштүк практикадан өтүү мүмкүнчүлүктөрү
- Улуттук жана эл аралык мекемелердин билим берүү жана илимий-изилдөө багытында кеңеш берүү кызматына муктаждыгы
- Түрк дүйнөсү жана цивилизациясы багытында илимий-изилдөө иш-чараларынын борборуна айлануусу

## КООПТУУ ЖАГДАЙЛАР

- Жогорку билим берүүнү жөнгө салуудагы белгисиздик
- Жалпы орто билим берүүнүн сапатынын начарлашы
- Кыргызстан жана Түркиядан башка мамлекеттерден профессордук-окутуучулук кадрларды жумушка алуудагы көйгөйлөр
- Тездик менен өнүгүп жаткан технологияларга шайкеш келүүдөгү кыйынчылыктар
- Кыргызстандын мыйзамдарына байланыштуу товарлар менен кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуудагы кыйынчылыктар
- Саламаттыкты сактоо тармагындагы кыйынчылыктар
- Эки өлкөнүн ченемдик укуктук базасындагы айырмачылыктар

- Виза алуудагы кыйынчылыктар
- Дүйнөдө болуп жаткан саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр
- КТМУнун 2017-2021-жылдарды камтыган стратегиялык планы беш негизги максаттан жана аларга жетүүдө 19 милдет менен 74 стратегиядан турат. Бул максаттарды, милдеттерди жана стратегияны ишке ашыруу процессинде КТМУ төмөнкү багыттар боюнча алдыга умтулууну көздөйт:
- Билим берүүдө эл аралык марка болуу;
- Өзүнө тарткан илимий борбор болуу;
- Эл аралык аренада үлгүлүү жогорку окуу жайы болуу;
- Коомчулук жана ишкерлер чөйрөсү үчүн чыныгы баалуулук болуу;
- Түрк дүйнөсүнүн биримдигинин калыптанышында жана өнүгүшүндө таасирдүү күч болуу;
- Дүйнөлүк илимге салым кошууда абройлуу жана белгилүү университет болуу.

## 5. ИЧКИ ТЕКШЕРҮҮНҮН ЖҮРГҮЗҮЛҮШҮНӨ КЕПИЛДИК БЕРҮҮ БОЮНЧА ЫРАСТАМА

ЖЕТЕКЧИЛИК

ОТЧЁТТУН ТАК ЖАНА ТУУРА ЭКЕНДИГИ ЖӨНҮНДӨ ЖЕТЕКЧИЛИКТИН ЫРАСТАМАСЫ

Мен, жетекчиликтин өкүлү катары, мага жүктөлгөн ыйгарым укуктардын негизинде ушул отчёттогу маалыматтардын ишенимдүү, так жана туура экендигин тастыктайм.

Ошондой эле отчёттогу иш-чаралар үчүн бөлүнгөн бюджеттик каражаттын өз максатында жана каржылык башкаруунун принциптерине ылайык колдонулгандыгын жана аткарылган иштердин мыйзамга ылайык жүргүзүлгөндүгүн билдирем.

Жетекчи катары берилген маалыматтарга жана анализдерге таянып кепилдик берем.

Бул отчётко киргизилбеген, администрациянын кызыкчылыгына каршы келген кандайдыр бир жагдайлар тууралуу маалыматка ээ эмес экенимди билдирем.

Проф., док. Алпаслан Жейлан

Ректор

## 6. КАРЖЫ БАШКАРМАЛЫГЫНЫН ЖЕТЕКЧИСИНИН ЫРАСТАМАСЫ

СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНДОО БАШКАРМАЛЫГЫНЫН БАШЧЫСЫ

Мага жүктөлгөн ыйгарым укуктардын негизинде бул мекемеде бардык иштердин каржылык башкаруу жана текшерүү боюнча ченемдик укуктук ж.б. документтерге ылайык жүргүзүлгөндүгүн, бюджеттик каражаттын үнөмдүү жана натыйжалуу түрдө колдонулушун камсыз кылуу үчүн ички текшерүү иштеринин жүргүзүлгөндүгүн, көзөмөлдөнүп тургандыгын жана керектүү чаралардын көрүлүүсү тууралуу пикир жана сунуш иретинде жогорку жетекчиликке убагында отчёт түрүндө билдиргенимди тастыктайм.

Университеттин 2021-жылдагы административдик иштеринин отчетунун «Каржылык маалыматтар» бөлүмүндө орун алган маалыматтардын ишенимдүү, так жана туура болгондугун ырастайм.

Жейда Тугче Дөнмез

Стратегиялык пландоо башкармалыгынын башчысы

## КОРУТУНДУ

Университеттин «Университеттен да артык» ураанынын негизинде өз максатына ылайык жүзөгө ашырган пландары алардын жетишкендигин көрсөтөт. Бул багытта ишмердүүлүгүн жүргүзгөн университетибиз өз максаттарын стратегиялык башкаруу аркылуу ишке ашырып жатат. Стратегиялык башкаруунун милдеттерин аныктоо, каржылык башкаруу жана текшерүү системасынын иштешин көзөмөлдөө, каражаттарды жалпы сапатты башкаруунун принциптерине ылайык башкаруу жана натыйжалуу түрдө колдонуу өтө маанилүү критерий болуп саналат. Стратегиялык артыкчылыктарды жана милдеттерди аныктоодо, жыйынтыктарга жетүүдө жана аларды мурун аныкталган жетишкендик көрсөткүчтөрүнүн негизинде баалоодо стратегиялык максаттын мааниси өтө зор.

Жогорку билим берүү комитети тарабынан жарыяланган «Жогорку окуу жайлардын аткарган иштери тууралуу отчёт даярдоо боюнча колдонмого» ылайык даярдалган бул отчёт 3 негизги бөлүмдөн турат. Биринчи жана экинчи бөлүмүндө университеттин миссиясы жана концепциясы, ыйгарым укуктары, милдеттери жана жоопкерчиликтери, материалдык-техникалык инфратүзүмү, маалыматтык-технологиялык базасы, студенттер жана кызматкерлер тууралуу маалыматтар кенен берилген. Ал эми үчүнчү жана эң акыркы бөлүмүндө болсо, университеттин каржылык абалы боюнча маалыматтар деталдуу түрдө көрсөтүлүп, жүргүзүлгөн стратегиялык анализдердин натыйжасында университеттин артыкчылыктары, кемчиликтери, мүмкүнчүлүктөрү жана коопту жагдайлары тууралуу маалыматтар орун алган.

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин студенттик шаарчасын куруу үчүн 2002-жылдын 8-январында Кыргызстандын борбору – Бишкек шаарынын «Жал» кичи районунда 85 гектар жер тилкеси бөлүнүп берилип, 2002-жылдын июнь айында курулуш иштери башталган.

Университеттин студенттик шаарчасын куруу долбоорунда ректораттын имараты, 11 факультеттин имараты, коомдук имараттар комплекси, студенттик жатаканалар, стадион жана ачык спорттук аянтчалар, кызматкерлердин колдонуусуна убактылуу мөөнөткө берилүүчү турак жайлар, конок үйү, теология факультетинин окуу-практикалык мечити, соода борбору, конгресс борбору, басмакана, туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин окуу-практикалык борбору, кампалар, трансфарматордук станциялар, жашылдандырылган аянттар жана унаа токтотуучу жайлар орун алган. Учурда 118,131,66 м² жабык аянттык инфратүзүм менен иштер жүргүзүлүп, алдыда аткарыла турган долбоорлор аркылуу мындан да кенен аянтта сапаттуу кызмат көрсөтүү максат жана мүдөөлөрүбүз катары аныкталган. Университеттин миссиясынан күч алып, концепциясынан жаралган кубаныч менен студенттерге ар тараптан камкордук көрүү аркылуу иш-чаралар жүргүзүлүүдө.

Бул отчётто университеттин 2021-жылы аткарган административдик жана финансылык иштери, инфратүзүмү жана адам ресурстары, жүргүзгөн иш-чаралары тууралуу кенен маалымат берилген.

КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ

KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ

1995

*Университеттен да артык*

Ч.Айтматов атындагы
студенттик шаарча(Жал),
720038
Бишкек, КЫРГЫЗСТАН
+996 (2Я23) 54 19 41-47
Факс: +996 (312) 54 19 35
info@manas.edu.kg
www.manas.edu.kg